ШАМЫРБЕК ТУРГУНБАЕВ



# БҮТҮН ТУРСУН ЖЕР ШАРЫ



Скырг
Т 87

ШАМЫРБЕК ТУРГУНБАЕВ

# БҮТҮН ТУРСУН ЖЕР ШАРЫ



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 484789

Бишкек – 2022

УДК 821.51-1
ББК 84 (5Кир) – 5
Т 87

**Тургунбаев Ш.**
Т 87 **Бүтүн турсун Жер шары**. *Ырлар.* – Б.: «Полираф-бумресурсы», 2022. – 368 б.

ISBN 978-9967-9394-4-8

Шамырбек Тургунбаевдин бул китебинде тематикасы боюнча көп багыттарды камтыган санат, насыят ырлары басымдуу. Автор чыгармаларында жалпы адамзатка кайрылып, кыямат күндүн ачкычы өзүлөрүндө экендигин жар салат. Китептин маани-мазмуну жамандыктардан кайтарып, жакшылыктарды чакыруу идеясын камтыйт.

УДК 821.51-1
ББК 84 (5Кир) – 5

ISBN 978-9967-9394-4-8

© Тургунбаев Ш., 2022

## ШАМЫРБЕКТИН ШАПАТАЛУУ КАЙРЫКТАРЫ

Шамырбек Тургунбаевдин китепке даярдаган кол жазмалары менен толук таанышып чыктым. Китеп "Бүтүн турсун жер шары" аттуу көлөмдүү санат ыр менен башталат. Жердин кенендиги, ырыскы берген жакшылыгы, бирок башка планеталарды карасаң, кичинекей эле мейкиндик экени баяндалат.

"Мезгилдердин жазы бар,
Мээрим кыздын назы бар.
Аалам кезген адамдын,
Аалым деген аты бар.
Шашпай окуп койгула,
Шамырбектин каты бар.
Баян кылсам бир четтен,
Балким бир аз калпы бар.
Баамдап окуп койгула,
Бир чекеден айтылар".

Автордун айтуусу боюнча жүз миңдеген сансыз планеталар бар. Ошолордун баарын эсептеп карай турган болсоң, Жер чакан эле талаа болуп калат. Адам атанын балдары Жер энени боздотуп, бомбаларды жарганы, байлык үчүн жылаңачтанып балбандардай күрөшкөнү жөнүндө айтылат. Ошондуктан, ушундай маалда, ушундай кырдаалда Ата-Журтум деген жигиттердин жүз ыраңы өчпөсө, жети атабыз жердеп келген, Жер жарылып көчпөсө, жетимдер өсүп жакшылыктарга жетип, жердин үстү дүркүрөп өсүп көктөшүн каалайт. Оштон элибиз океандын ар жагына учуп, дүйнө кыдырып, жер шары козголбой турса деген асыл ниети бар. Доргу-боргу шайтандар, тозок отун алоолонтпой, кээ бир шайтан жолуна кыз-келиндер баспай, жаңы кылымда жаңы турмуш баштасын, – дейт.

Бул көлөмдүү санат ыр – эгер тематикасы боюнча бөлүктөргө бөлө турган болсок, көп багытты камтый турганын айта кетүүбүз абзел. Маселен, жакшы жигит дайыма, жаман айтып сүйлөбөйт, жакадагы кундуз деп, жарын кагып тилдебейт. Элинин алкышына ээ болуп, ачык сүйлөйт, түз жүрөт. Ал жоомарт жигит сөздөрүн жетик сүйлөп, жалганга жетеленбейт, журттун жүгүн өз мойнуна алат, жалкоолонуп жата бербейт.

"Жерди казып иштетет,
Жеме укпайт атадан.
Жакындабай алыстайт,
Жалган, ушак, катадан".

Ошондой эле жоодон мекенин коргоп, жакшыларга жанашып, жамандардан адашканга аракет кылат. Бул ырда Калыгул олуянын саптарын элестеткен ирмемдер дагы бар.

"Шайтандаса кыз бала,
Шаани кетет дечү эле.
Акылсынган жигиттин,
Ары кетет дечү эле.
Жарык өчүп үйүнөн,
Жары кетет дечү эле".

Мен жогоруда аталган темадагы ырдын көлөмдүү болуп, ар кандай тематикадагы ойлордун камтылганын айткамын.

"Күлкү берген өмүргө,
Күндөй болсун кыз бала.
Гималайда жетилген,
Гүлдөй болсун кыз бала".

Ата-энени сыйлаган, каада-салтты жакшы түшүнгөн, билген, жанга кубат-дем берген, калп айтпай туура сүйлөгөн, башы чырга малынбай таза, жубайына, күйөөсүнө чырак болуп жанып турган, дили ак, булак суусундай мөлтүр таза болсо дейт.

"Бетиндеги сулуулук,
Берип турат жылуулук.
Дааналыгы билинип,
Дайым турат ийилип". А эгерде эси болбосо, этек жагы бурулбайт, төркүндөрүн көп айтып, төшөнчүсү жыйылбайт. Автор ошентип кыз-келиндер жөнүндө акыл-насааттуу саптарды айтып келип, "экен" деген темага өтөт.





"Байлык баркы кенде экен,
Баарын билген пенде экен.
Курбу сыры теңде экен,
Куч-кубат бүт элде экен.
Катын көөнү эрде экен,
Күлүк жаны терде экен.
Касиеттүү кооз жашоо,
Кереметтүү жерде экен".

Адам атанын балдары ар урууга бөлүнүп, ага-ини атышып, арман жашы төгүлгөнүн, боорукерлик деген сапат, касиет жоголуп баратканы жөнүндө сөз кылат.

"Бүтүн турсун жер шары" аттуу көлөмдүү ырынын аягында адамзатка кайрылып, кыямат күндүн ачкычы өзүлөрүндө экендигин айтат. Мен бул ырды окуп атып, таланттуу акын бул ааламдан 35 жашында кайып болгон Кара-Кулжа районунун Буйга айылынын тургуну Тургунбай Эргешовдун "Буйга менен бүтүн турат жер шары" деген ырын эстедим.

"Тилек кылбай бата жок" аттуу ыры да бир топ көлөмдүү.

"Түнү кетпей түшүмдөн,
Түйшүк башка үйгөнмүн.
Ээрчип кетпей аны мен,
Эркелечү үйдөмүн.
Эми эмне кыламын,
Эки анжы күндөмүн".

Кечиктирбей ак айтамын, сүйгөнүм кечирип кой, биликтен от тутанып, бир сулууну сүйүп калдым, махабатка туш болуп, майдаланып күйүп калдым,- деп ачык айтат.

"Жарыялайм токтобой,
Жаным мени соттобой.
Жакшы угуп сокконун,
Жүрөгүмдү соттогун.
Жашым өтүп кетсе да,
Жалындаган оттомун.
Туура көрөт а балким,

Туугандарды топтогун.
Тарс дегенде кетермин,
Тапанчаны октогун”.

Ыр ушундай турмуштук драмаларга бай. Бир дарыянын суусу ондогон, жүздөгөн арыктарга бөлүнүп агып кеткендей, Шамырбектин бир эле темадагы ырлары ар тарапка аккан булактарды элестетет.

“Ыр жазамын нур алып,
Татыкыздай чүрөктөн.
Жандуу элес тургандай,
Көргөн болсоң сүрөттөн”.

Бул “Татыкызга санат ыр” деген кайрыктардан үзүндү. Бул ыр дагы салааланган булактарга айланганын айта кетейин.

Акын Курбанбай Калдыбаевди мен акын катары жакшы билчүмүн. Анын алгачкы ырлар жыйнагы 1973-жылы “Тууган жерим – туу казыгым” деген ат менен жарык көргөн. Албетте, бул ааламдан эрте кеткени өкүнүчтүү болду. Ырларын жатка окучу. Шамырбек “Акын Курбанбай Калдыбаевге кат” аттуу ырында бир жагынан Байдылда Сарногоевдин “Мидинге кат” деген поэмасын элестеткен ойлорду айтыптыр. Автор акын Курбанбай Калдыбаевден ал жактагы жарандар кандай? Токтогул, Жеңижок, Алымкул, Барпы, Осмонкул, Коргол, Калык, Райкан, Мидин, Таттыбүбү, Куйручук, Шаршен ж.б.аман-эсен жүрөбү?-дегендей ойлорун ортого салган.

“Атанын керээзи” аттуу поэмасында: Афганистандан армиядан келген уулуна апасы атасынын керээзин айтат: “Ар бир адамдын башында өлүм бар, күчүң барда эмгектен. Эл талаада иштеп жүрсө, бекерчи болуп үйгө жашынба. Арактан алыс бол, шайтан кызга эч качан жолобо, досуңа эч убакта кас болбогун, сылык, токтоо бол, келинчегиң менен урушпа, жакшы-жаманды айрый бил, апаңдын тилин алып жүр, уурунун ушак сөзүн укпа, суу ичкен булагыңа түкүрбө, бирөөдөн өйдөсүнбө, ачууга алдырба, кичипейил бол, карынын кебин капка сал, алыс менен жакынды айрый билип, өзүңдү аска-зоодой бийик кармап, Ата уулу деген улуу атыңды өчүрбө деген”.





“Достор бар” аттуу ырында: “Эч нерсе менен иши жок, байлыгына семирген, үйүнө мейман келбей, нанын чычкан кемирген, Ата-журтум мекен деген, бардык жакшылыктар элде болсо экен деген, анан чылым чегип, арак ичсе чаң салган, айылапа таң калган достор жана айылда бирөө каза болсо, ага куран окутуп келбеген, каада-салтты унуткан, баш-аламан сүйлөгөн, заманды өзгөрткөнсүп, өзүн өтө эле бийик сезген достор” жөнүндө сөз кылат.

“Үшкүрүнбөй туралы” аттуу ырында: Эгемендик мезгилиндеги ал-абал жана элинен качкан президенттер жөнүндө сөз болот.

“Адилет болуп жүрсө не,
Ак калпак элин жиктебей.
Ажалдуу кылып качты го,
Артына кылчак тиктебей.

Күмүштөн тээп үзөңгү,
Күйүттүн чегин билген жок.
Көп эле болду кайрылуу,
Көңүлгө бир да илген жок.

Алтындан тээп үзөңгү,
Армандын артын билген жок.
Арыз-муң айтты ар кимдер,
Акылга бир да илген жок.

Айкөлдүк жок кичине,
Ал жылытпай чекени.
Алыс кетти кайрылбай,
Азалуу калып мекени.

Өйдө боло албады,
Өзөк тешип сөз курту.
Өлгөн өлдү ажалсыз,
Өрттө калды өз журту”.

"Жер жарылса, акындын жүрөгү аркылуу өтөт" деп дүйнөлүк залкар акын Гёте айткандай, 1990, 2010-жылдардагы Ош окуялары Шамырбек акындын жан дүйнөсүн аңтар-теңтер кылганы даана байкалат.

"Элге айтсам айың жок" аттуу ырында көп жерлерде өлкөнүн, адамдардын көйгөйлөрүн тынбай айтып ырдап келе жатса да, эмгеги бааланбай, эч кандай сыйлык берилбей жатканы жөнүндө сөз болот.

Облакимчиликтин өзүнө барып, милиция кызматкерлеринин майрамында ырдаганын, "Ооздуругу жок аялдын оолукканы" жөнүндө, Эсептөө палатасы, бухгалтер, Оштун үч миң жылдыгында ырдаганын, ошондо губернатор Батыралы Сыдыков көңүл бурганын, Матен Сыдыков сексенге чыкканда жетекчи болуп барган жеринде:

"Элине көп пайдасын,
Тийгизгенин ырдадым.
Топу эмес калпакты,
Кийгизгенин ырдадым.

Элмирбек менен Амантай
Жаш манасчы Рыспай,
Талантаалы манасчы
Бирге барып ырдадым.
Эрмитаждан атактуу
Эргүү алып ырдадым".

Автор канчалаган жакшылыктардын күбөсү болуп, ошол жерде далай ирет эргүү менен, толкундануу менен жан дүйнөсүн төгүп ырдаса да, бир сыйлыкка ээ болбогонун баса белгилеп өтөт.

"Көп маселе" аттуу ырында Ош шаары жана андагы өзгөрүүлөр, Ош шаарынын мурдагы мэри Мелис Мырзакматов жана анын жасаган иштери боюнча кайрыктар бар.

"Мырзакматов Мелистин,
Мыктылыгын билишет.
Шар сүйлөп өз ишине,
Шыктуулугун билишет.





Алымбек датка айкелин,
Ак дилден ал кургузду.
Маңдай жарып Манас деп,
Маанилүү айкел тургузду.

Баш аламан саясат,
Бааланбады эмгеги.
Жолдо калбас эч качан,
Жомок болор элдеги.

Көсөмдүгүн айтамын,
Көрүнгөндү мактабайм.
Эл деп кызмат кылбаса,
Эч качан мен даңктабайм".

Ооба, Мелис Мырзакматов Ош шаарында мэр болуп турган учурда Ош шаары аябай өстү, өнүктү. Бул жогорудагы ыр 2008-жылы жазылган экен.

"Кыраандар" аттуу темадагы ырда Оштон чыккан белгилүү таланттар жөнүндө айтылган.

"Ош филармониясы
Оожалып турбайбы.
Ошто да бар залкарлар,
Ошолорду ырдайлы".

Обончулардын туу чокусу – Ырысбай Абдыкадыровдон башталат. Санай келсек, Токон Эшбаев, Жолболду Алыбаев, Кудайберген Темиров, Фархиддин Баяков, Апаз Жайнаков, "Кыз-Буурактан" Айжамал, Кенже, Гүлнара, Эл артисткасы Гүлшайыр, Манас Кожомжаров, Гүлжамал Ташматова, Мурат Сыргабаев, Акбар Тасмаев, Нурзат Айдаркулова, обончу Манап ж.б.жөнүндө сөз болот. Андан сырткары, мамлекеттик ишмер Султан Ибраимов, Насирдин Исанов, Бекмамат Осмонов, Абдыманап Мамыров жөнүндө кайрыктары бар.

"Бекмамат Осмонов,
Бир башкача жан эле.
Айбаттуу болуп көрүнүп,
Арстан сүрү бар эле.

Менменсинбей шар сүйлөп,
Мекенчилдиги бар эле.
Жолдоштукка бек турган,
Жолборс сүрү бар эле,- деп анын айбаттуу образын ачып берген.

"Бirимдикке чакыруу ырында" Ош окуясын эске алып мындай дейт:

"Ката кетсем кокустан,
Көпчүлүк түздөп, оңдоп кой.
Кoроoбуз бир, суубуз бир
Колдон тартып колдоп кой.
Ооматтуу Ош жеринде,
Оюбуз бир, оң деп кой.
Ортого чагым салганды
Ойлон, эстүү бол деп кой".

Мен эки куплет ырын гана мисалга алдым. Мында көптөгөн маселелер, көптөгөн көйгөйлөр айтылган. "Айтпай турган сөз эле, айтылып кетти өзү эле" деген лакаптагыдай ойлор толтура. Анын баарын окурман өзү иликтеп, жиликтеп чыгар.

"Канаке?" деген ырында автор балалык алтын доорун эстейт, "чөмөлө үйгөн, көлчүктү сүйгөн, өтүкчөн балчыкты чачырата кечкен, өтүмдүү сөз сүйлөгөн, көпкөн, өлa десе көнбөстөн сулуу кызды өпкөн, ат-эшекке чөп оруп арткан, аппак таңды коoздoп сүрөткө тарткан, ат үстүндө туруп учурашып, салам айткан, кызгалдакты аралап терген күндөрүн" эстейт.

Чалгы чапкандагы чалалык, бактылуу балалык, кара түндө ак чөлмөк ойногону, кароолдо жойлогону, жылаңайлак жамгырда жыргаганы, кой айдап ышкырып ырдаганы эсине түшөт. Кыскасы, "Канаке?" ырында өткөн жылдардагы, өткөн кылымдардагы адамдардын адамкерчилик сапаттары жана бүгүнкү күндөгү инсандар жөнүндө сөз болот.

"Салттуу элдин түпкүсүн,
Сактагандар канаке?
Жаш адисти өстүрүп,
Жактагандар канаке?
Туура сөздү туура деп,





Айткандары канаке?
Коммунизм доoруна,
Кайткандары канаке?"

Ооба, автор "канаке?" деген суроону өзүнө берет. Ал айткандай, "канаке?" деген суроолор бүгүнкү күнү да көп. Кеп ошол суроолорго ким жооп берет, ошондо. Жалпы элби, коомбу, мамлекетпи же жумушчуларбы, же жетекчилерби, аны жалпы окурмандардын эркине коёт.

Кыргыз Эл акыны, төкмө акын Жеңишбектин 2000-жылы 4-мартта Москвадан жазган каты бар экен. Анда ал Москвада окуп жаткан эле.

"Шаарында сенсиң кыргыздын,
Шаарында менмин орустун.
Кашымда болсоң айтмакмын,
Күүсүнө салып комуздун.
Санаалаш акындарымды,
Сагынып жүрөк ооруттум.

Шамырбек ага мен эми,
Шашылбай ойду курайын.
Шербеттей ырды өзүңө,
Шааниси менен сунайын.
Адамдык парз биринчи,
Ал-жайыңды сурайын".

Ошентип, акын Ак калпак кийген эли, Ала-Тоо асыл жери жөнүндө кеп кылып, төкмө акындар Тайырбек кары, Ысак аба, Рахматулла ж.б. акындардын ал-абалын сурайт. Шамырбек ага:

"Нарындын чоң суусундай,
Ташып турган жан элең.
Таймашта чалпоо акынды,
Басып турган бала элең.
Баарын нуска так айткан,
Барпы акынча бар элең.
Теңир тоодой теңиңе,
Көрүнчү элең Жеңишбек.
Туздуу болуп жамгырдай,

Төгүлчү элең Жеңишбек.
Тайбуурулдай жүгүрүп,
Бөлүнчү элең Жеңишбек".

Автор ушул он эки сап ыры менен Жеңишбектин – Жеңишбек акын экендигинин образын ачып берет. Ошондой эле Токторбай менен Шамырбектин айтышында да Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан кийинки кыйынчылыктар жөнүндө сөз болот.

"Пайзилда агайдын мектеби жана окуучулары" аттуу ырында:

"Сенден таалим алгандар,
Сыймыктуу көп адамдар.
Алар кимдер уккула,
Ак-теректик жарандар".

Алар медицина тарапка чоң салымдарын кошкон академик Бекболот, доцент, филолог Раимжан, медицина илимдеринин доктору, академик Марат Сагымбаев. Ал жөнүндө автор:

"Сагымбаев Мараттын,
Салмагы бар илимде.
Ардактап чоң, кичүүнү
Ак пейилдик дилинде", – дейт.

Бул ыр 1996-жылы жазылган экен. Белгилүү обончу Жолболду Алыбаев жөнүндө:

"Муз жүрөктү эритти,
Мырзайым менен Гүлайым.
Чолпон жанып жылдыздай,
Чочутту сизди миң айым.
Дастандардын ичинен,
Билбейм дагы ким айым?
Атактуу адам Жолболду,
Айтпай кантип турайын,
Баарын жеңип акыры,
Балдардын болду апасы
Бүсара деген бир айым".

"Жибегим" аттуу ыры Барпы залкардын ырларын элестетет.





"Эрте менен саябан,
Кыр талашат турбайбы.
Эркем сенин боюңа,
Ыр жарашат турбайбы.
Саар менен саябан,
Күн талашат турбайбы,
Сахибим сенин боюңа,
Гүл жарашат турбайбы.

Адил сөз чыгат оюңдан,
Ак маржандуу мойнуңдан.
Арык казбай, суу койбой,
Ак алма бышкан койнуңдан.
Анжир, алма бышыптыр,
Алты арыктын багында.
Акылым калды чачылып,
Ак ыргал сенин дагыңда".

Адыр-адыр жер кезип, аны таппаганын, азгырып турган көңүлдү, ак алмасынан татпаганын, тектир-тектир жер кезип, андай теңдешти таппаганын баяндайт. Ошондой эле "Эне тилим – кыргыз тил" аттуу ыры да мактоого татыктуу деп эсептейм.

"...Менен" деген темадагы ыры да өзүнчө бир жаңылык:

"Гүл бүрү менен,
Баатыр сүрү менен.
Азил теңи менен,
Тоолор кени менен.
Аалам адам менен,
Арым кадам менен.
Кылыч кыны менен,
Келин сыны менен.
Казак чөлү менен,
Кыргыз көлү менен.
Кыш суугу менен,
Кереге уугу менен.
Караңгы түнү менен,

Булбул үнү менен", – деп "...Менендин" 400гө жакын бутактары айтылат. Окурман муну шашпай ой жүгүртүп окууга аракет кылышы керек. Негизи, бул китептеги ар бир чыгармага кайрылып түшүндүрмө берсе болот эле. Бирок окурмандын өзү да ой жүгүртүп, ай-талааны аралагандай аралап чыгат деген ойдомун.

Бул поэмада академик Марат Акимович Сагымбаев жөнүндө сөз болуп жатат.

"Сезимтал жан байкаса,
Симфония өзүнчө.
Атактуулар андыктан,
Айылдан чыгат көбүнчө".

Сөз Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Академиги, медицина илимдеринин доктору, профессор, КРнын "Эмгек сиңирген врачы", КРнын "Эмгек сиңирген ойлоп табуучусу", СССРдин спорт чебери, Россия Федерациясынын, Кыргызстандын Ордендеринин кавалери Марат Акимович Сагымбаевдин илимий чыгармачылыгы жөнүндө болуп жатат. Автор поэманы "Марат" деп академиктин ысымы менен атаптыр. "Казанчынын өз эрки кайдан кулак чыгарса" дегендей, кеп аталышта эмес, кеп – маани менен мазмунда. Шамырбек Марат Акимовичтин образын ачып бергенге аябай аракет кылган. Чындыгында эле маани-мазмунга бай чыгармага айланган.

"Жүүнү бош болбойм анткени,
Жүрөгүмдө жалын бар.
Азыркы медик баатырын,
Айтсам элим кабылдаар".

Ооба, Марат Акимовичти мен дагы жакшы билемин. Ал кайсыл гана мекемеде жетекчи болуп иштебесин, барган жеринде ишти илгерилетип, гүлдөткөнүн айта кетүүбүз абзел. Ал өз ишине так. Эгер өз кесибине болгон улуу махабат болбосо, мындай бийиктикке жетет беле, жетпейт беле, ким билет?

Анын сабырдуу сөздөрү санат, калк ишине көп жарап канат болду. Каармандын аты – ал Марат, кичипейил кең адам,





медицина жаатында, Медбаатырга тең адам, – деген саптарында кашкайган чындык жатат.

"Атактуу Чыңгыз Айтматов
Адамгерчилигин баалады.
Ак кызмат элге болсун деп,
Ак дилден тилек каалады".

Ошентип, жан-дили менен эмгектенгени үчүн залкар жазуучунун батасына татыды. Автор аталган поэмасында академиктин эле эмес, зоотехник кесипти аркалап, ак дилден эмгектенген анын атасы Сагымбай уулу Аким жөнүндөгү орошон ойлорун дагы ортого салган. Марат спорт чебери катары жеңилбеген күрөштүн баатыры, адамдарга жакшылык тартуулаган медицина баатыры. Ушундай пикирлерди айтууга анын тынымсыз эмгеги толугу менен жооп берет деп ойлоймун.

"Өзгөн, Ош, Зардалы, Баткенде,
Өчөшүүдөн кан акты.
Жарандарга жардам деп,
Жакшылап көрдү жаратты".

Марат Акимович ошол окуялардын баарына катышып, көптөгөн адамдарды ажалдан сактап калганын айта кетүүбүз абзел.

Марат Акимовичтин мамлекеттик жана Эл аралык сыйлыктарды алганын эсептесек, өзүнчө бир китеп болот. Маселен, Россия Федерациясынын Пирогов ордени, Эл аралык "Руханият", Мустафа Кемаль фондунун "Алтын колдуу хирург", "Эмгек сиңирген ойлоп табуучу", Женевада БУУнун Алтын медалынын ээси, автор айткандай:

"Марат Аким Сагымбаев,
Марага жетти акыры.
Кынтыксыз болот деп турам
Кыргыз Эл Баатыры!"

Менин Марат Акимович Сагымбаевге арнаган ырым мындан үч-төрт жыл мурда "Эркин Тоо" гезитине жарыяланган эле. Ал адам катары жана кыргыз медицинасына кыйла эмгек сиңирген үлгүлүү врач катары эң бир бийик ЭТАЛОН экенин ошондо баса белгилегемин. Жасаган иштерин карап туруп,

аны кандай мактасак да жарашат. Бардык мактоолорго толугу менен татыктуу деп эсептеймин.

## КАРАҢГЫДА ТАБЫЛГАН БИР ЖАРЫКТАЙ

**(Воронцовкадагы курортология жана илим-изилдөө институтунун директору, медицина илимдеринин доктору Марат Акимович Сагымбаевге)**

Воронцовка – таза, тунук абасы,
Оорулуунун – даба тапкан талаасы.
Анда сызган канаттуудай көктөгү,
Адамдардын учуп кетет санаасы.

Карап турсам баскан жолун аныктай,
Караңгыда табылган бир жарыктай.
Көп болсо экен эмгектенген эл үчүн,
Жетекчилер – Сагымбаев Мараттай.

Ал врачты жөнөтпөсүн кай жакка,
Арып-азган, алсыраган аймакка.
Адал иштеп, барган жерин гүлдөтүп,
Үлгү болуп келет бардык тармакка

Бир да жолу көргөн жокмун көчөдөн,
Убактысын байкабадым бошогон.
Адамдык да, врачтык да сапаттын,
Сагымбаев – эң бир бийик ЭТАЛОН.

Тазалаган вирустарды жолдогу,
Тамчы сымал булганбаган ойлору.
Жарык чачкан жамаатына, жалпы элге,
Жан дүйнөсү – жакшылыктын БОРБОРУ!

***Карбалас БАКИРОВ,***
*Кыргыз эл акыны*



# *Санат, терме, айтыш жана поэмалар*



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 484789

## БҮТҮН ТУРСУН ЖЕР ШАРЫ

Ай-аалам, жер жаралып,
Адам жерге таралып.
Күндүн нуру төгүлүп,
Күлкү сөздөр бөлүнүп.
Жердин үстү керилип,
Жер адамга берилип.
Жылдыздарга сан жетпейт,
Жыйнаганга ал жетпейт.
Аалам чеги жок тура,
Алла көөнү ток тура.

Асман абдан кең экен,
Аны жорткон жел экен.
Кучак жетпес дүйнө экен,
Кубаныч бүт үйдө экен.
Айга барып консом деп,
Аалым адам болсом деп.
Айдан ары учсам деп,
Алыс сапар чыксам деп.
Арман кылган пенде экен,
Асыл жашоо жерде экен.

Алтын калем колго алып,
Аалам кезип кетсем деп.
Алты кабат асмандын,
Акырына жетсем деп.
Акыл тапкан пенде экен,
Айта берсе эмне экен.
Ачкан илим ажаатын,
Акылмандар элде экен.
Айткан менен ал жакты,
Абат жашоо жерде экен.





Жети кабат асманга,
Желип учуп жетсем деп.
Жемиш, мөмө ал жакка,
Жерден алып кетсем деп.
Жээликкенде эмне экен,
Жээликкен бир пенде экен.
Жер эненин тагдыры,
Жети тилдүү элде экен.
Жакшы ойлоп карасаң,
Жыргал жашоо жерде экен.

Күндүн ары жагына,
Күйбөй алыс өтсөм дейт.
Күлкү келер нерсе экен,
Күндүн бетин өпсөм дейт.
Кубат алып илимден,
Күндөн күнгө өссөм дейт.
Күч жетпеген жайларды,
Кыялданса эмне экен.
Кыйла көптү эңсеген,
Кызык адам пенде экен.
Кызмат кылар журтуна,
Кыйын жандар элде экен.
Кантсе дагы эң бир кооз,
Кымбат жашоо жерде экен.

Аалам чегин чектесең,
Айткан менен ой жетпейт.
Сүзмө сүзгөн жеңилдир,
Сунган менен кол жетпейт.
Санааң менен бүтүрсөң,
Салган менен жол жетпейт.
Жалпы аалам дүйнөнү,
Жазган менен том жетпейт.
Жайдакталуу турганда,
Жазы жана чом жетпейт.

Жол каражат ишине,
Жыйна, доллар, сом жетпейт.

Түпкүрүнө жетпеген,
Түмөн илим ачса да.
Табылбады жаңысы,
Тактап баарын жазса да.
Түгөнөйүн дебейт го,
Түрмөктөтүп тапса да.
Илим жолу бүтпөс жол,
Ийик кылып айтса да.

Аалам дүйнө кеңдиги;
Адамдардын теңдиги.
Түнөк үйү, коктусу,
Тоолор бекем топчусу.
Түндүгүндө муз жатат,
Түнөрүп ал суз жатат.
Жер байлыгы кимдики?
Жерден бүткөн биздики.
Чөптү кошуп аш жеген,
Чөлдө жүргөн сиздики.
Тоюнган эт, бал менен,
Тоодо жүргөн биздики.

Май-курутту эздикпи,
Майдан күндү сездикпи.
Ала албастан тердикти,
Аалымга бүт бердикпи.
Издеп дайым теңдикти,
Ичи тарды жеңдикпи?
Улуу сөздөр элдикпи,
Урмат кылып келдикпи.

Аалам сырын ачтыкпы,
Аны элге чачтыкпы?





Көңүл сырын ачтыкпы,
Көпчүлүккө чачтыкпы?
Мезгилдердин жазы бар,
Мээрим кыздын назы бар.
Аалам кезген адамдын,
Аалым деген аты бар.
Шашпай окуп койгула,
Шамырбектин каты бар.
Баян кылсам бир четтен,
Балким бир аз калпы бар.
Баамдап окуп койгула,
Бир чекеден айтылар.

Жүз миң аалам карасаң,
Жердин үстү тар экен.
Жылдыз түшсө чектебей,
Жергуйча эле бар экен.
Седеп жылдыз санасаң,
Сан эсеби жетеби.
Жерге түшсө ок болуп,
Жерим кыйрап кетеби.

Болжолдосок андай деп,
Буйруганын көрөрбүз.
Балыктарга жем болуп,
Бир көлмөдө өлөрбүз.
Тайкы болсо эгерде,
Тагдырларга көнөрбүз.
Эсен болсок ынтымак,
Эл көбөйүп өнөрбүз.
Анткенимдин арманы,
Адам Ата балдары.
Салыкты көп салышты,
Сый көрсөтпөй калышты.
Байлык үчүн жыңалач,
Балбандардай алышты.

Таймаш күчөп илимде,
Таштап алга арышты.
Боздотуп жер энени,
Бомбаларды жарышты.
Белгиси деп жеңиштин,
Бөздөн тууну сайышты.
Элдин шору көп болду,
Эт жүрөктөр кайышты.

Журтум деген жигиттин,
Жүз ыраңы өчпөсүн.
Жети атабыз жердеген,
Жер жарылып көчпөсүн.
Жараткандан сый көрүп,
Жаман кабар өтпөсүн.
Жетим өсүп жетилип,
Жердин үстү көктөсүн.
Журттан өткөн кыямат,
Жамгыр селдеп төкпөсүн.
Жашоо болуп керемет,
Жаштын көөнү чөкпөсүн.

Дөөлөр оозун ачпасын,
Дөөлөт бизден качпасын.
Дилгир болуп жүрсө экен,
Дыйкан санап акчасын.
Океандан ар жакка,
Оштон элим каттасын.
Оордунан жер козголбой,
Оо кудай өзү сактасын.
Долуланып куюндар,
Дарак бүрүн какпасын.
Дыйкан бурган пайнап суу,
Дайра болуп акпасын.
Доргу-боргу шайтандар,
Дозок отун жакпасын.





Кээ бир шайтан жолуна,
Кыз келиндер баспасын.
Кабылтпасын кокустан,
Кайгы күнгө жаш башын.
Жаңы келген кылымда,
Жаңы турмуш баштасын.
Бекер ашка көнүгүп,
Бекер үйдө жатпасын.
Эне жерди коргоп ал,
Эне сүтүн актасын.
Калк кадырын көтөрүп,
Каада - салтын сактасын.

Жакшы жигит дайыма;
Жаман айтып сүйлөбөйт.
Жакадагы кундуз деп,
Жарын кагып тилдебейт.
Жарты нанды тең бөлүп,
Жаман ойлоп зилдебейт.
Улуу сөздү көп сүйлөп,
Ушак айтып алынбайт.
Уят болуп калам деп,
Узун сүйлөп жалынбайт.
Акыл калчап сыр катып,
Айтканынан жаңылбайт.
Ак дилинен иш кылып,
Алоо болуп жалындайт.
Ата - Журтка кезелип,
Ачуу болуп атылбайт.
Арам сактап койнуна,
Ач душманга сатылбайт.
Айлын тоноп, мал уурдап,
Асти бир да катылбайт.
Алкоо алып элинен,
Ачык сүйлөп бакылдайт.

Азык болуп элине,
Анык сүйлөп такылдайт.

Азасын тең бөлүшүп,
Арзуу тилек ак болот.
Атпай журт бүт элине,
Атактуу эр бак болот.
Ара жолдо жүрбөстөн,
Азамат уул эр болот.
Ар - намысын тепсетпей,
Андан көрө жер болот.

Абийирин сатпастан,
Акыл калчап иш кылат.
Ай алып берем дебестен,
Айтар сөзүн түз кылат.
Арачалап мушташты,
Акылманды баш кылат.
Айып сөзүн оңдотуп,
Аксакалды каш кылат.
Алынбастан сөз сүйлөп,
Адал тамак жедирет.
Атак алып даңкталып,
Асыл адам дедирет.

Жоомарт жигит белгиси;
Жолоочуга кол берет.
Жарты нанды тең бөлүп,
Жакшыларга жол берет.
Жетик сүйлөп сөздөрүн,
Жетеленбейт жалганга.
Жугумдуу да дапдаяр,
Журттун жүгүн алганга.
Жалаптанбай туруктуу,
Жалаяк ооз аталбайт.





Жарды оюп түз кылат.
Жалкоолонуп жаталбайт.

Жерди казып иштетет,
Жеме укпайт атадан.
Жакындабай алыстайт,
Жалган, ушак, катадан.

Жоодон коргоп мекенин,
Жоокер болот, чеп болот.
Жагып ар бир сөздөрү,
Жанына ал бек болот.
Жакшыларга жанашып,
Жакшы деген сөз болот.
Жат адамды ынатып,
Жакындатып өз болот.

Жарты тыйын талашпайт,
Жаакташып жакалап.
Жакындатат алысты,
Жору атты такалап.
Жайнап сүйлөп шар болот,
Жардыларга колу ачык.
Жети күндөп жүрсө да,
Жээликпестен жолу ачык.

Жатак кылат өз журтун,
Жатка барбайт сагалап.
Жарык чачат нурданып,
Жакындарын агалап.
Жоруктарын көрсөтпөйт,
Жолдош досту күтө алат.
Жарты жолго таштабай,
Жаманына түтө алат.
Жуурулушуп эл менен,
Жумуштарын бүтө алат.

Жетимдердин кайгысын,
Желкесине бүт алат.

Өлөр жигит карганып;
Өйдө болбой жанын жейт.
Өткүр жигит уялчаак,
Өзгөлөрдүн камын жейт.
Өйдө-ылдый сүйлөбөйт,
Өздөн сабак алдым дейт.
Өөнөп элди качпастан,
Өлкө үчүн калдым дейт.
Өрүш жайык кең болуп,
Өбөк болуп колдомок.
Өзөн суусун соолутпай,
Өз нугуна жолдомок.

Өтүгүн ал төргө илип,
Өзүмчүлмүн деп айтпайт.
Өлүп  бара жатса да,
Өтө уят кеп айтпайт.

Өчөшүүгө жол бербей,
Өч алууну токтотот.
Өгөйлөнтпөй сый кылып,
Өздү атап жоктотот.
Өкүрүп ый чыкканда,
Өбөк болот, дем болот.
Өзүн барктай биле алса,
Өйдө кайдан кем болот.

Өлүм болсо буйруктан,
Өчөшүп эч өч албайт.
Өнөктөшү бир болсо,
Өзү жалгыз көчө албайт.
Өмүр кыска берилген,
Өз алдынча өсө албайт.





Өпкөлөнүп сүйлөсө,
Өрнөк болуп өтө албайт.

Шайтандаса кыз бала;
Шаани кетет дечи эле.
Маңка айткан сөзүңдөн,
Маани кетет дечи эле.
Акылсынган жигиттин,
Ары кетет дечи эле.
Жарык өчүп үйүнөн,
Жары кетет дечи эле.
Калк карабай, жер карап,
Кары кетет дечи эле.
Каш ортодон, маңдайдан,
Каары кетет дечи эле.
Бүт ырыскы, ооматтын,
Баары кетет дечи эле.
Дүнүйө, мүлк ээрчишип,
Дагы кетет дечи эле.
Башка мүшкүл иш түшсө,
Багы кетет дечи эле.
Жалган ушак сүйлөсө,
Жаны кетет дечи эле.
Калкка жакпас иш кылса,
Каны кетет дечи эле.

Күлкү берген өмүргө,
Күндөй болсун кыз бала.
Гималайда жетилген,
Гүлдөй болсун кыз бала.
Жан эргитип сүйлөгөн,
Жайык болсун кыз бала.
Шак сындырбай сөз айткан,
Шайык болсун кыз бала.
Байлык берген жардыга,
Балык болсун кыз бала.

Ата-энени сыйлашы,
Анык болсун кыз бала.
Каада-салттын баарына,
Каныk болсун кыз бала.
Айткан сөзү алтындай,
Арык болсун кыз бала.
Жанга кубат дем берип,
Жарык болсун кыз бала.

Туура айтып калп айтпай,
Тунук болсун кыз бала.
Улуу сөздү маанилеп,
Улук болсун кыз бала.
Маңдай сылап олтурган,
Маза болсун кыз бала.
Таалайыңа бак берген,
Таза болсун кыз бала.
Көөнү бузук жигитке,
Ирим болсун кыз бала.
Ширindиги тамшантып,
Ширин болсун кыз бала.

Ырыскылуу күйөөгө,
Ынак болсун кыз бала.
Чырга башы малынбай,
Чын ак болсун кыз бала.
Ыйманы жок пендеден,
Ыраак болсун кыз бала.
Чындап сүйүп жарына,
Чырак болсун кыз бала.
Даанышман деп угулуп,
Дил ак болсун кыз бала.
Бүркүм сууга кандырган.
Булак болсун кыз бала.
Түгөнбөгөн тарыхтын,
Теңи болсун кыз бала.





Жолдошуна түбөлүк,
Жеңи болсун кыз бала.

Өлбөс күндүн жолуна,
Өткөрө алат адамды.
Өктөм болсо дайыма,
Өзгөртө алат заманды.
Сасык мурун уй жейт деп,
Сактай алат саманды.
Ар намыстуу эр кылып,
Адам кылат жаманды.
Капарына эч албайт,
Катуу жаңжал салганды.
Жанына эч жолотпойт,
Жан кейиткен жалганды.

Жакшы болсо тилеги,
Жашылданат килеми.
Токтоо согуп жүрөгү,
Тынчтык күндүн тиреги.
Эстүү,сулуу келбети,
Эки элдин бермети.
Ажарына суктанып,
Аман турат жер бети.
Мурадына жеткирет,
Музду барып тептирет.
Муң - кайгыдан сергитип,
Муздак сууну септирет.

Улуу отту жактырат,
Узун мыкты кактырат.
Урмат менен, сый менен,
Узак жылдап бактырат.
Улукманым деп жүрүп,
Уул - кызды таптырат.
Өзөрбөөгө нан издеп,

Өйдө-төмөн бастырат.
Отту өчүрбөй, казанды,
Очогуна астырат.

Түзүк болсо акылы,
Түлкү болуп жойлобойт.
Жакшы тилеп баарына,
Жамандыкты ойлобойт.
Журтка тийип кереги,
Жатып ичип тойлобойт.
Жан шеригин кейитип,
Жалгыз жүрүп ойнобойт.

Күн жүзүнөн нур төгөт,
Күлкүсүнөн ыр төгөт.
Сенсиребей жактырса,
Сезиминен сыр төгөт.

Ийилип эр сынарда,
Ийне учук боло алат.
Калтаарыбай ийнелеп,
Кайра бүтөп коё алат.
Кимден келсе жамандык,
Кирнелеп жоё алат.
Эгер келсе сырт душман,
Эрибей муз боло алат.
Ички душман чыкканда,
Ичиркентип тоңо алат.
Өлкө үчүн иш кылса,
Өзгөртүп түс оңо алат.

Өз элинде атагы,
Өргөө, ордо жатагы.
Сергите алса көңүлдү,
Семирте алат өмүрдү.
Тынбай акса булагы,





Тыңшайт кыздын кулагы.
Сонун болсо мүрөгү,
Сезип турат жүрөгү.
Тыптынч жатса талаасы,
Тынбайт кыздын санаасы.

Билимдүүнүн тапканы,
Бир ийнече сезилет.
Баркын билген мекендин,
Бүтүн боору эзилет.
Сүйлөй-сүйлөй эчени,
Сөздүн болот чечени.
Эмгектенет кумурска,
Эчендердин бечели.
Суроо салдык ар түркүн,
Сөз маанисин чечели.
Билими жок кээсине,
Бирден айтып нетели.
Даңазасы таш жарсын,
Даана айтып кетели.

Кыргыз үйдүн түндүгүн,
Көтөрсө ал эртелеп.
Ошол бакыт-балдары,
Ойноп жатса эркелеп.
Кериле басып суйкая,
Келиндигин билгизип.
«Келиң, кириң үйгө» - деп,
Келсе конок киргизип.
Керege, уук кербейби,
Кымыз куюп бербейби.
Кана кымыз жутсам деп,
Коңшулары келбейби.
Түндүктөрүн түрбөйбү,
Түтүп өмүр сүрбөйбү.
Тутка болуп бүлөгө,

Турмуш куруп гүлдөйбү.
Шарап ичип мас болсо,
Шылдың кылып күлбөйбү.
Аюулардын талпагын,
Астанага салбайбы.
Күлүп жайнап кел-кел деп,
Конок күтүп албайбы.
Ыйман, нысап болбосо,
Ырыс кетип калбайбы.
Боорсок, куймак бышырат,
Бүшүркөбөй иш кылат.
Угут сөзү болбосо,
Уят кылат, ит кылат.

Даана болсо сөздөрү,
Дасторконун жайнатат.
Дилден күтүп коногун.
Даамдуу тамак кайнатат.

Көңүлдү куп сергитет,
Кубаттантып эргитет.
Кыйын экен дедирет,
Куурдак туздап жедирет.

Желе кулун байлатат,
Жерди өлчөп айдатат.
Күздүк эгин эктирет,
Күрүч, таруу септирет.
Короо койду бактырат,
Кам көрүп чөп чаптырат.
Кышка керек болот деп,
Кык көң жерге жаткырат.
Күйөөсүнө эскертип,
Керектүүнү таптырат.
Дөдөй болсо эси жок,
Досун итке каптырат.





Көркү болуп жашоонун,
Көп керегин тийгизет.
Көйнөктөрдүн жаңысын,
Күйөөсүнө кийгизет.
Бетиндеги сулуулук,
Берип турат жылуулук.
Дааналыгы билинип,
Дайым турат ийилип.
Жалын оттой сөздөрү,
Жаман сөзү угулбайт.
Жууп идиш аягын,
Жугундусу куюлбайт.
Жүлүндөрү бошошуп,
Жүдөө болуп урунбайт.

Эгер эси болбосо,
Этек жагы бурулбайт.
Төпөчтөлүп калганда,
Төрт күн жашы тыйылбайт.
Төркүндөрүн көп айтып,
Төшөнчүсү жыйылбайт.
Жарым түшүң оосо да,
Жаман кыз төшөк жыйнабайт.
Жароокер кыз жакшы кыз,
Жаңжал салып кыйнабайт.
Үмүт отун өчүрбөй,
Үзүлгөндү улатат.
Түтүн жашоо белгиси,
Түндүгүнөн булатат.
Бети жоктук кылгандар,
Бүт дүйнөнү кулатат.
Терек көрсө жетилген,
Түп тамырдан сулатат.

Түзүк болсо алганы,
Түркүк бойдон калганы.

Начар болсо алганы,
Наала күндө калганы.
Күйүт салып кууратпай,
Күйүп турса чырактай.
Боздобойт го балдары,
Болбойт ичте арманы.

Бешенеси ачылат,
Пейли абдан жазылат.
Мээрин төгүп энедей,
Музду жарат кемедей.
Жантык сөздү элебей,
Жүрө берет кенебей.
Иши болбойт калп менен,
Ийреңдешпейт алп менен.
Жуурулушуп калк менен,
Жашай билет салт менен

Жердин үстү кичине,
Жакшы билген кишиге.
Аралашат элине,
Асман аалам ишине.
Андан көрө адамга,
Айткан сөзүн теңдейби.
Аңдып жүргөн айылды,
Азап күндү жеңбейби.
Кайкып учпай асманга,
Каада-салтты тутпайбы.
Каарын чачпай жер үйгө,
Кайгы күндү утпайбы.
Конок болуп көп жерге,
Каймак майын жутпайбы.
Кара жерде калың эл,
Кубанычта уктайбы.
Көйгөй айтса көңүлдөн,
Көрүнгөндөр укпайбы.





Шамал куюн белде экен,
Шайыр адам элде экен.
Сайга батпай кыйраткан,
Суунун күчү селде экен.
Момун күчү белде экен,
Молдо баркы селде экен.
Эси чыгып баратса,
Эстегени келме экен.
Эмне болор заманды,
Эстеп кетсек эмне экен.
Байлык баркы кенде экен,
Баарын билген пенде экен.
Курбу сыры теңде экен,
Күч-кубат бүт элде экен.
Катын көөнү эрде экен,
Күлүк жаны терде экен.
Касиеттүү кооз жашоо,
Кереметтүү жерде экен.

Алты жерди башкарат,
Адам ата урпагы.
Ар кимиси ар жерде,
Ар кыл болот турпагы.
Алты бөлүк континент,
Аны бүт суу курчады.
Алыс менен жакынга,
Адам тынбай чуркады.

Ар кимиси ар кандай,
Адил шартта жетилди.
Бирөөсүнүн багына,
Бөлүнүп жер бекилди.
Керек экен турмушта,
Кетмендеп жер чабышты.
Бүлө күтүп, үй күтүп,
Бактыларын табышты.

Керки, чотту таштады,
Кенен турмуш баштады.
Терең билим алышты,
Таштан үйдү салышты.
Кучак байлык көп алып,
Кубаттанып калышты.

Күндү урпак улантып,
Көп кылымды карытты.
Көбөйүп жан адамдар,
Кең дүйнөнү тарытты.
Күнөө ишти кылышты,
Карагайды кыйышты.
Топоз койбой союшту,
Тоонун боорун оюшту.
Белчеден жеп тоюшту,
Белдин баарын жоюшту.
Жерди терең казышты,
Жети ооз сөз жазышты.
Жерден жерди ээледи,
Жемдүү жерди мээледи.
Майлуу жерди тандады,
Мээлеп мылтык камдады.
Техникага жетишти,
Тентип көбү кетишти.
Келишимдер түзүлдү,
Кайра достук үзүлдү.

Адам ата балдары,
Ар урууга бөлүндү.
Ага-ини атышып,
Арман жашы төгүлдү.
Ичтен сыздап муз алып,
Иренжитет көңүлдү.
Чек араны чектеди,





Чын тууганың четтеди.
Тор зым менен бекитти,
Тордоп койду чекитти.

Адамдардан адамдар,
Айтып эмне самашат.
Тапкандарын талашып,
Түрмөлөргө камашат.
Кең пейилдүү болбостон,
Кенен жолдон адашат.
Менменсинген көйрөңдөн,
Мээлүү жандар жадашат.
Карап көрсөң кылчайып,
Кызык болуп баратат.
Кудайыбыз сыйынган,
Кандай күндү жаратат.
Боорукердик жоюлса,
Балким баарын таратат.
Кырчылдашса адамдар,
Кимисин ким каратат.

Ээлтеден кандаштар,
Элчилике келбейби.
Эмгектенип нан тапкан,
Элге жардам бербейби.
Ыйман сабак сөз айтып,
Ынтымака келбейби.
Ыраазылык билдирип,
Ырыскыны бербейби.
Ыпластык күч алып,
Ыймансыздар жердейби?
Адамдардан талашып,
Адам жерди бер дейби?
Айбандыкка барса эгер,
Анын оозун кербейби.

Түндүк, батыш, чыгышы,
Түштүк боосу уюлда.
Чети кайда экенин,
Чечмелөөгө кыйын да.
Аалымдар көп айтышты,
Анын сырын жыйында.
Булгабай жер дүйнөсүн,
Болсо экен сыйында.

Топтой болгон улуу жер,
Томолонуп кетпесин.
Тиричилик анда экен,
Тирүү жандар эстесин.

Туш тарабын салкындап,
Түмөн суулар каптаган.
Чоң кемени көрөсүн,
Чыгыш, батыш каттаган.
Ал кемеде кими бар,
Ага-тууган, ини бар.
Аалам сырын ачалбай,
Адамдардын миңи бар.

Жеңиш издеп согуштан,
Жерге сайган туу экен.
Желпип койсо не болот,
Жердин асты суу экен.
Ырк болбосо адамда,
Ызылдап, ый чуу экен.
Болтура алат кыямат,
Булут, жаан, буу экен.

Азайганы мөңгүнүн,
Аздап суунун турганы.
Булганганы абаны,
Заводдорду курганы.





Жерди өлчөйт, жер чектейт,
Неге тынчтык каалабайт.
Жашоо кайра болбойт го,
Жандар неге баалабайт.

Жан кейитип ыр жазам,
Жаңы кылым тушунда.
Болтурбайлы апаат күн,
Боздогонум ушунда.
Акыр заман тар заман,
Адамдардын колунда.
Аалам, жашоо кызыксыз,
Адамдардын жогунда.
Ачуу, таттуу жаралат,
Адамдардын оюнда.
Ак тилек көп айтылат,
Адамдардын тоюнда.

Жети өлчөп бир кессең,
Жердин үстү кененби.
Кыйноо күндөн кутулуу,
Кыямат күн мененби.
Асылзаада сөз гүлү,
Адамдардын тилинде.
Адилеттик, акыйкат,
Адамдардын дилинде.

Ак кызматка жеткирбейт,
Адамдардын бакылы.
Аалам таанып биле алат,
Адамдардын акылы.
Алса байлык, өз үйүн,
Алтын курчап жабабы.
Акыл тайып, ар кетсе,
Акыр заман табабы.
Атом тынбай жарылса,

Ак сай, Көк сай агабы.
Айла кетип курутуп,
Апаат отун жагабы.
Тоңгон муздар эрисе,
Тоону селдеп алабы.
Чымын жандуу адамдар,
Чындап сууда калабы.
Буйга жерди көздөбөй,
Баарын сактап калалы.
Бүтүн турсун жер шары,
Бүгүн колго алалы.

Жердин үстү жетиге,
«Жилик» болуп бөлүнгөн.
Кыйбас жерге адамдын,
Киндик каны төгүлгөн.
Билим алып умтулуп,
Бийик чыгып өрүнөн.
Урпактары байыртан,
Урмат көрөт төрүнөн.

Алты жерде ар башка,
Адамдардын сөздөрү.
Бири тосток, бири көк,
Бири жымшык көздөрү.
Бири сүйлөйт башкача,
Билип турат мактаса.
Эр жигиттик намыс го,
Эне сүтүн актаса.
Түшүнүшөт тез эле,
Түнөп тынбай каттаса.
Дүйнөлүк тил турбайбы,
Дээринде көп жаттаса.

Ар улуттун тили бар,
Аны такыр тана албайм.





Өлтүрбөстөн өстүрөт,
Өз тилимди чана албайм.
Эне тилим болбосо,
Эч качан мен жаралбайм.
Эркин сүйлөп турбасам,
Эч жакка түк баралбайм.

Өлүм башта акыры,
Өкүргөндөр көмүшөт.
Сыртта балким бирөөлөр,
Салтты билбей сөгүшөт.
Айкын болсун мамиле,
Ар улуттун салтына.
Улуулук көп берилген,
Улуу Жердин калкына.

Эне тилде боздоймун,
Эс учуман тангaнда.
Султан болом шүгүр деп,
Суусун жутуп канганда.
Ата Журт-Жер экенин,
Айтпай кантип кетемин.
Асыл ой көп максатка,
Акыр бир күн жетемин.
Анда байып жаткандар,
Айтпайм сөздүн бекерин.
Ач көз болсок билдирем,
Аалам көчүп кетерин.

Табигаттын сулуусу,
Тоо, суу, жердин улуусу.
Кереметтүү булагы,
Кийик, эчки, улагы.
Белден качкан улары,
Бермет, шуру, тумары.

Толуп жаткан баары бар;
Токойдогу жаныбар.
Узун аккан Нилдери,
Укмуш бийик пилдери.
Кумдуу өзөн чөлдөрү,
Кереметтүү көлдөрү.
Ээн жаткан талаасы,
Элдин курган калаасы.
Унду тартып жедирген,
Уламалуу тегирмен.
Майышпаган болоту,
Майдан, талаа колоту.
Чирип жаткан кендери,
Чиркин дүйнө элдери.
Суунун тоодой киттери,
Сибирдин кол иттери.
Уйдун тезек боктору,
Уулуу бомба, октору.
Жөөт адам былжыры,
Жердин тизгин чылбыры.
Жердин ийик, парасы,
Жексур ниет карасы.
Ай ааламдын жетеги,
Акыркынын этеги.
Кайгы-өлүм чапкысы,
Кыямат күн ачкычы.
Баары сенин колуңда,
Барксыз сенин жогуңда.
Жырткыч болбой тууган бол,
Жел өпкөнү кууган бол.
Кичи пейил сылык бол,
Келечеке улук бол.
Акыл кийим жарашып,
Ар тараптан сулуу бол.
Кыяматка жеткирбей,
Күтсүн Жаңы Улуу Жол!

*2001-жыл, май айы.*





## ТИЛЕК КЫЛБАЙ, БАТА ЖОК

Кечикпей ак айтамын,
Кечирип кой, сүйгөнүм.
Биликтен от тутанып,
Бир сулууну сүйгөнмүн.
Махабатка туш болуп,
Майдаланып күйгөнмүн.
Түнү кетпей түшүмдөн,
Түйшүк башка үйгөнмүн.
Ээрчип кетпей аны мен,
Эркелечү үйдөмүн.
Эми эмне кыламын,
Эки анжы күндөмүн.

Көөнүн анын алалбай,
Көңүл бөлүп баралбай.
Көшөгөлөр тартылып,
Күндүн нуру таралбай.
Кол тийгизбей дирилдеп,
Кудум тоодо маралдай.
Кайгы күнгө салбастан,
Калбайбы ал жаралбай.

Эрин турат бүлкүлдөп,
Эки көз жаш тыялбай.
Эмне кылсаң мейли деп,
Эс-учун да жыялбай.
Эндиреп мен турамын,
Эки ооз сөзүн тыялбай.
Жакадан алып кетпесин,
Жардан кеткен кыяңдай.
Ушак болуп кетпесин,
Ушуну айттым уялбай.

Секирип бир аларсың,
Сезимди эч туялбай.

Ойло мендей ардагың,
Ойногон жок уландай.
Сонуркап кеч койнуна,
Сойлогом жок жыландай.
Катуу болор сен үчүн,
Калаарсың да кубанбай.
Көтөрүп кой көңүлдү,
Какиш жаным, уялбай.
Капалыктан бул жашоо,
Калмак беле уланбай.
Кучак жайып жашайлы,
Кубалашып куландай.
Булак суусун билели,
Буламыкка буланбай.
Чатак ишке айлантпай,
Чапкан чөптөй суланбай.

Өткүр аял түшүнүп,
Өбөк болот эмеспи.
Өйдө-төмөн иш болсо,
Жөлөк болот эмеспи.
Жаңжал кылып чыр салган,
Бөлөк болот эмеспи.
Колдоп койсо түшүнүп,
Көмөк болот эмеспи.

Жарыялайм токтобой,
Жаным мени соттобой.
Жакшы угуп сокконун,
Жүрөгүмдү соттогун.
Жашым өтүп кетсе да,
Жалындаган оттомун.
Туура көрөт а балким,





Туугандарды топтогун.
Тарс дегенде кетермин,
Тапанчаны октогун.

Өмүрүмө шаң берген,
Өсүп турган гүлүмсүң.
Тирүүлүктө коштогон,
Тийип турган күнүмсүң.
Күндө атчу таңымсың,
Күйүп турган шамымсың.
Түк эскирбес сен билсең,
Түбөлүккө жаңымсың.
Аптабына кактаган,
Алоолонгон жалынсың.
Жоруктарың бир сонун,
Жоё албадым калыңсың.

Сулуулугуң, келбетиң,
Сууда жүргөн балыксың.
Сүрөт эмес өзүңдү,
Сүйгөндүгүм аныксың.
Үмүтүмдү актаган,
Үйгө тийген жарыксың.
Билбесе эгер баркыңды,
Бул дүйнөдө карыпсың.
Башымдагы багымсың,
Барып турган тагымсың.
Тандап алып жегенге,
Тамбашында кагымсың.
Жүрөгүмдү дүрбөтүп,
Жүрүп турган канымсың.
Жан апасын балдарга,
Жана менин жанымсың.
Сансыз чөптүн гүлүнөн,
Сыгып алган балымсың.

Куруп жаным баратса,
Кубат берчү алымсын.

Шоола чачкан нурумсун,
Шамдагайда курумсуң.
Жашыруун сырымсың,
Жан эргиткен ырымсың.
Айтканым Айчүрөктөй,
Ак Куу болуп кубулсун.
Атак алып турмушта,
Алыс жакка угулсун.

Балбан акын билеги,
Бардык журттун тиреги.
Сүйүү болот ар кандай,
Сүйүү күчүн билели.
Өмүр бою жаш калат,
Өлбөгөндүн жүрөгү.
Өрттөгөндү сүйүү үчүн,
Өзгөчө эстеп жүрөлү.
Кыргыз үйдүн түндүгүн,
Кынап өлчөп түрөлү.
Урмат менен сый көрүп,
Узак өмүр сүрөлү.

Улуу сөздө уят жок,
Улгайганда кубат жок.
Жетинбестин жеңи жок,
Жел өпкөнүн теңи жок.
Түпкүлүгүн билбесе,
Түп атадан теги жок.
Баш оорутса көпчүлүк,
Башкарбаган беги жок.
Акыл жетпей келаткан,
Ай, ааламдын чеги жок.





Мунжу адам мыжыңдап,
Мырзалыкка эби жок.
Мазеси жок адамдын,
Маани кошкон кеби жок.
Кыздан кыйкым табылса,
Кошуп берер себи жок.
Күндө күлмүк какпаса,
Күлүк аттын жеми жок.
Алсыз болсо бакшынын,
Айта турган деми жок.
Карындашы болбосо,
Кабыргалаш жээни жок.
Көңүл калса туугандан,
Кат жазганга көөнү жок.

Жанын бага албаса,
Жалкоолордун пулу жок.
Жарменкеде жүргөндүн,
Жан күйдүргөн кулу жок.
Жакшылыкты билбесе,
Жан кечтинин куну жок.
Жарыбаган адамдын,
Жарытылуу уну жок.
Жалгыз бойдун акыркы,
Жетинбесе мууну жок.
Кудай эгер бербесе,
Кубатсыздын уулу жок.

Мага келет баары деп,
Мактангандын ары жок.
Кечээ күнү бир жүргөн,
Күнү бүтсө кары жок.
Кеткен болсо адашып,
Күйөөлүүнүн жары жок.
Бороон болсо шамалдуу,
Боз адырдын кары жок.

Желдет ишин кылбаса,
Жетекчинин каары жок.
Жердин үстүн суу басса,
Жаныбардын баары жок.
Тузду өлчөп кошпосо,
Тамак-аштын даамы жок.
Башта мээси болбосо,
Балбандардын баамы жок.
Чечкиндүү көп сүйлөгөн,
Чечендердин жаагы жок.
Булут көктө болбосо,
Бере турган жааны жок.

Сыйынбаса Аллага,
Сыпаалардын дини жок.
Туулуп жетим калганда,
Тууган да жок, ини жок.
Сакоо адам не кылсын,
Сүйлөгөнгө тили жок.
Айыптуунун башка ишти,
Аткарганга дили жок.

Туура жүргөн жигиттин,
Турмушунда ката жок.
Тентигенде журт чанып,
Тең - туш тургай ата жок.
Тууган адам жат болсо,
Тойдо берчү мата жок.
Тилек кылып турбаса,
Тирүүлүктө бата жок





## ТАТЫКЫЗГА САНАТ ЫР

Абалтан акын жүрөгү,
Ата-Журтту даңктаган.
Асмандагы ай, жылдыз,
Аны айтып мактаган.
Апаат болсо а кокус,
Алла Таала сактаган.
Акыр заман болчудай,
Ааламды суу каптаган.

Бала кезден мен дагы,
Тарбияны көргөнмүн.
Динге жана билимге,
Дээрден көңүл бөлгөнмүн.
Сымбат болсо сулууда,
Сыры болот төлгөнүн.
Өткүр ырдап койсом мен,
Өзгөчө сен көрбөгүн.
Ырга кошуп кетсем деп,
Бийик татаал өрдөмүн.
Ырдап өткөн акындар,
Кыргыз ак куу, өрдөгүн.

Аалам кайра жаралып,
Адам жерге таралып.
Сый - урматын көрсөтүп,
Болгон далай аралык.
Көңүлдү көп оорутпай,
Көңүлдөрдү табалык.
Кечигип биз жолуксак,
Көңүлдөштөй калалык.
Ойлор эгер дал келсе,
Оттой болуп жаналык.
Кур дүрмөттөй болбостон,

Кучакташып алалык.
Ооздо сөз, ыр болгон соң,
Оюн- күлкү салалык.
О дүйнө акыр өткөн соң,
Ойноп, жыргап алалык.

Арадан жыл, күн өткөн,
Ак сыр катып түн өткөн.
Ач көз муунтуп бут тосуп,
Айтылбай сыр жүрөктөн.
Акмак болгон сулууну,
Алдап- зордоп түнөткөн.
Күтсө болот көп нерсе,
Кар күрөгөн күрөктөн.
Эсен болсоң жутаарсын,
Таза булак-мүрөктөн.
Ыр жазамын нур алып,
Татыкыздай чүрөктөн.
Жандуу элес тургандай,
Көргөн болсоң сүрөттөн.

Сулууларды сулуу дейт,
Улууларды улуу дейт.
Тондун ичи жүн болсо,
Ызгаар кышта жылуу дейт.
Кыздар барган жеринде,
Кайра кетпей тынуу дейт.
Уялчаактык жер карап,
Ойго жетпей сынуу дейт.
Көөн оорутуп сүйлөгөн,
Дары кошкон чын уу дейт.

Көчкү кетип жер көчсө,
Айланасы аң болот.
Тантык сөзүн тыңдаса,
Мээси айнып маң болот.
Түн сүрүлүп эртеси,





Жер жарыйт да, таң болот.
Эстүү аял эрине,
Эки дүйнө жар болот.
Күйөө болсо акылсыз,
Көз көрүнө кар болот.
Ууру үчүн кенен жер,
Кичирейип тар болот.
Акылмандын ар дайым,
Айтар сөзү бар болот.

Таң сүрүлүп атканда,
Жер жарыйт да, күн болот.
Түркүн чөптөр ыргалып,
Жаз, жайында гүл болот.
Күн кечтеп, күн батканда,
Капкараңгы түн болот.
Ырды күүлөп коштогон,
Коңгуроодой үн болот.
Килемге гүл түр салган,
Боёктолгон жүн болот.
Суугa чайкап турбаса,
Жака деле кир болот.
Жакшы адам ынтымак,
Түбөлүккө бир болот.

Суу келбесе арыктан,
Ээн талаа чөл болот.
Булак суусу топтолсо,
Балык жашап көл болот.
Жердин үстүн карасаң,
Өйдө-төмөн өр болот.
Конок үчүн ар дайым,
Сый көрсөтүп төр болот.
Көзгө жарык болбосо,
Караңгыда көр болот.

Эстүү жигит жетилсе,
Эл ичинде зор болот.
Алтын баркын билбесе,
Чымда калып кор болот.
Жаман кески - уурунун,
Барган жери ор болот.
Чымчык үйүн тарыткан,
Капас жана тор болот.
Балбан жигит белгиси,
Бакыбат, анан оор болот.
Кырчаңгы ат баспаса,
Ээри өйкөп, жоор болот.

Күндүк жолго жүгүрөт,
Күлүк атты таптаса.
Капастагы бөдөнө,
Үн чыгарбайт бакпаса.
Кылар ишин кылат го,
Кызга жигит жакпаса.
Сулуу калат сүйүнүп,
Суктана аны мактаса.
Жигит барып чеп болот,
Жоолор журтту каптаса.
Дили таза адамдын,
Кылган иши таптаза.
Жакшы адам сый көрөт,
Жаман жакка баспаса.
Чындык жеңет ар дайым,
Чырдын башын тактаса.
Илим кайдан ачылмак,
Билим эшик ачпаса.
Бүркүт учуп сызбайт го,
Коён, түлкү качпаса.
Аттан көрө эшек мин,
Камчылансаң баспаса.
Соргок адам иш кылбайт,





Боюн таштап аш жакка.
Кыйла жерге баралат,
Кыбыраган таш бака.
Атта така болбосо,
Жүрө албастыр таштакка.
Сынса дагы сөөк этиң,
Доо кетпесин баш жакка.
Жолборстугу ошондо,
Жолдон кайра кайтпаса.
Сөз атасы өлбөйбү,
Учурунда айтпаса.
Дилдер калат тазарып,
Орозодо айттаса.
Жигитчилик болбостур,
Журттун жүгүн тартпаса.
Эшектин не кереги,
Эки кап жүк артпаса.

Чачты алса калтырбай,
Такыр болот эмеспи.
Суу ичпесе жер тоё,
Какыр болот эмеспи.
Кыяматың заманга,
Акыр болот эмеспи.
Жыпар жытты эңсеткен,
Атыр болот эмеспи.
Бөөштөнгөн адамдар,
Бакыл болот эмеспи.
Айрый билген алтынды,
Акыл болот эмеспи.
Жакшы адам жакшыга,
Жакын болот эмеспи.
Акыйкатты айталган,
Акын болот эмеспи.
Эрте жазда бүр ачкан,
Каакым болот эмеспи.
Улак тартып ойногон,

Такым болот эмеспи.
Эмгегимден алууга,
Акым болот эмеспи.

Жигит жүрсө узак жол,
Аттуу  болот эмеспи.
Кызга жакшы сүйлөсө,
Таттуу болот эмеспи.
Калкка кызмат өтөсө,
Барктуу болот эмеспи.
Каада-салтты түшүнсө,
Нарктуу болот эмеспи.

Топуракты топтосо,
Эгиз болот эмеспи.
Байлоодогу баккан ат,
Семиз болот эмеспи.
Дөңсөө жерди түздөсө,
Тегиз болот эмеспи.
Улак качса текеден,
Чебич болот эмеспи.
Ачка калган бөрүлөр,
Жегич болот эмеспи.

Мээлегенин бербеген,
Мерген болот эмеспи.
Кете берсе төө минип,
Кербен болот эмеспи.

Бүшүркөнүп сүйлөсө,
Бүлүк болот эмеспи.
Күндүк жолго жеткирген,
Күлүк болот эмеспи.

Жору учса эки көз,
Тарпта болот эмеспи.





Соода - сатык мааниси,
Наркта болот эмеспи.
Ар улуттун каадасы,
Салтта болот эмеспи.
Каймактуусу өнөрдүн,
Калкта болот эмеспи.

Отту тапка келтирген,
Көмүр болот эмеспи.
Адам көөнүн көтөргөн,
Көңүл болот эмеспи.
Ата жолун улаган,
Уулу болот эмеспи.
Армандуунун артында,
Муңу болот эмеспи.

Арылтууга кебектен,
Өткөрөт ун электен.
Түндүгү бар өлкөлөр,
Түптөлбөйбү элеттен.
Куттук сөздөр айтылып,
Даярдалып белектен.
Буюм эгер эскирсе,
Чыгып калат керектен.
Үйдү курса болбойбу,
Карагай, дуб, теректен.
Отун, көмүр жок болсо,
Үмүт эткин тезектен.
Катар сабы көбөйсө,
Кутулбайсың кезектен.
Изилденбей жылдыздар,
Таң калтырат эзелтен.

Бирөөгө ор казбагын,
Өзүң түшүп калбагын.
Чыр чыгарып калп эле,

Үйгө бүлүк салбагын.
Тоого күчүң жетпесе,
Кепилдикке албагын.

Эч капарсыз жүргөндө,
Этек болот айрылган.
Кутүүсүздөн бак качып,
Күндөр болот кайгырган.
Кээде көзгө жаш алып,
Сөөк чыгып айылдан.
Бул да адам тагдыры,
Арылбайсың кайгыдан.

Аргымакты тапканда,
Айлап аны бакканда.
Армандан ал арылтат,
Алыс жакка чапканда.
Күлүк таптап бакканда,
Күмүш жүгөн такканда.
Күйүттөн ал арылтат,
Күндүк жерге чапканда.
Кадыр жан күткөн дос керек,
Кайгыга жан батканда.
Жанда турган жар керек,
Жамбаш сыздап жатканда.
Кереги не сүйгөндөн,
Сыр жашырып катканда.
Жырткыч кармап кетирбей,
Сүрү болот капканда.
Шумшук ууру жер карайт,
Тергөө айып такканда.
Караңгы үй жарыйт го,
Чычаланы жакканда.

Жумуртканын агынан,
Күчтүү болот сарысы.





Жылуу сөздөр ар дайым,
Жандын болот дарысы.
Жакшыларды баргызбайт,
Жаман жолго намысы.
Усталардын колунан,
Дайым даяр жаңысы.
Куткарат калп жалаадан,
Айткан сөздүн калысы.
Кең талаадай көрүнөт,
Күчтүүлөрдүн далысы.
Дос-тууганды өзүнчө,
Болот жакын алысы.
Жөндөп турган жаштарды,
Элдин болот карысы.
Татыкызга санаттын,
Айтылбады баарысы.

*1997-жыл.*

## АКЫН КУРБАНБАЙ КАЛДЫБАЕВГА КАТ

Жашап өткөн ааламдан,
Курбанбайдай бир агам.
Жазар эле сонун ыр,
Колдон түшпөй ыр калам.

Анын баскан-турганы,
Жан эргиткен ырлары.
Кетпей койду эсимден,
Жалгыз жүргөн жылдары.

Чөгүңкү эле көңүлү,
Кыска болуп өмүрү.
Эмнегедир Кукемдин,
Кырсыктан болгон өлүмү.

Ассалоому алейкум акын агам,
Азыр деле кетпей эч бир санаадан.
Ал дүйнөгө сиз кеткенден бер жакка,
Бир топ жылдар өтүп кетти арадан.

Ыраазы болсун сиздин арбагыңыз,
Жигит болуп жетилиптир балдарыңыз.
Анда эмесе, кулак төшөп угуңуз,
Бул катым, ооба, сиздин арманыңыз.

«Кулун өссө, кунан болот» дедиңиз,
Ооба билем кээде насаат бердиңиз.
- Шаар кыдырып келеличи жүргүн – деп,
Көп жолу батириме келдиңиз.

Шаарым Оштун көчөсүндө бир жүрдүм,
Турмушуңа капа болдум, тим жүрдүм.
Арман ай! Абдан кызык киши элең,
Көп эстеп, мен да кызык өмүр сүрдүм.

Айылыңда бир ак терек бар эле,
Айлантам деп поэмага ошону.
«Космос» кино-театрда айткан элең,
Бар эле го бир кемпирдин кошогу.

Кызыл папкең болчу эле колуңда,
Жүрчү элең көтөрүп Ош жолунда.
Ошол папке кайда, кимде калды экен,
Санаа тартып жаткандыр сен жогуңда.

Жумушчулар, студенттер дайыма,
Кошо болуп, бирге жүрчү жаныңда.
Талант ооба өөрчүп, ташып турганда,
Таштап баарын эрте кетип калдың да.





Бир жолу айткан элең мындай деп:
-Ыр, ыр – деп ар бир баскан кадамым.
Убагында баалай албай коюшту,
Кыргызымдын сендей акын адамын.

Жашырбастан кээ бир сырды айткансың:
- Монголия, Алтай жакка бардым - деп.
Эне - сайлык боордоштторго кол берип,
Ошол жактан дос, тууган таап алдым – деп.

Көрсө, оо кыргыздардын тарыхын,
Билүү үчүн шибер жакка барыпсын.
Бабалардын баскан жолун сен басып,
Алар ичкен суудан ичип каныпсын.

Сыр каткан жигит элең сымбаттуу,
Кыргызымдын көп ишине жарай турган.
Жүрөсүңбү демдүү, күүлүү бейиш жакта,
Барбы бирөө үстү - башың карай турган?

Кандай анан ал жактагы жарандар?
Бардыгы аман-эсен турабы?
Изденишпи, жазыппы, бар бекен,
Алыкулдун жаңы жазган ырлары.

Көрдүңбү Жоомарт, Жусуп, Мидинди,
Токтогулду, Алымкулду, Барпыны.
Осмонкул, Коргоол, Калык, Балыкты,
Таттыбүнү тамшандырган калкыңы.

Кандай экен Жеңижоктун турмушу,
Кантип атат Атай кыргыз ырчысы?
Эмнелерди ойлоп жүрөт болду экен,
Сүймөнкул кинолордун жылдызы.

Тоголок Молдо деле тартынбай,
Тамсилдерин таамай жазып жүрөбү?
«Куштардын аңгемесин» укканда,
Кумурскадан пилдин түшүп жүрөгү.

Айта салып Куйручук, Шаршендер,
Мурчтан күчтүү калемпирдей сөздөрүн.
Жүрүшөбү Жулкунбайды жүдөтүп,
Сурадым да көрбөсөм да көздөрүн.

Кыйла бизде өзгөрүү бар Союз жок,
Кызарып, көрүнүп күн батканы.
Кадыры бар калкында сурап кой,
Кандашың Алымбектей датканы.

Калыгул, Арстанбек, Мукай, Райкан,
Алардын да калган элде белеги.
Атайын басып барып көрүп кой,
Курманжан даткадай чоң энени.

Касымдын, Туяк, Молдо Кылычтын,
Уктуң бекен, укпадыңбы кабарын?
Алардын да эмгектери зор экен,
Билбей калба силер жакта карагын.

Баатыр Манас, Семетей, Сейтектин,
Баралган эместирсиң жанына.
Курманбек, Төштүк, Жаныш Байыштар,
Жуурулушуп кеткен кыргыз канына.

Бизде азыр андайлар көп чыкпады,
Чыкса деле чиренгендер укпады.
Ичи тар, көрө албастар көбөйдү,
Зорго - зорго турат алар жутканы.





Эрте өткөн Эргеш уулу Тургунбай,
Жазган ыры толук жетпей элине.
Кадыры калкка сиңип калганда,
Кара Кулжа, Буйга деген жерине.

– Өлбөгөн жанга да жаз келээр – деп,
Эңсеп жүрүп өткөн экен жарыктан.
Демек, дайым силер үчүн жаз келет,
Эгер издей турган болсо тарыхтан.

Жолон ага жазып жүрүп ырларын,
Ал да өттү ажал менен арбашып.
Жүрөсүңөр менимче бүт баарыңар,
Чогуу болуп, колдон бекем кармашып.

Ушинтип эскеребиз тирүүлөр,
Унутпастан сиздейлерди баарыбыз.
Эмнегедир ыраа көрбөйм өлүмгө,
Эч өлбөстөй сезилүүдө жаныңыз.

Манас айткан Сагынбайлар, Саякбай,
Толуктоо кошту бекен Манаска.
Алтай жактан алып келген кыргызды,
Ош, Көл, Чүй, Нарын, Баткен, Таласка.

Бала элем балтыр этим толо элек,
Жыйырма беш жашым али боло элек.
Өзүң жок жашап жүрөт ырларың,
Сен жараткан китеп өңү оңо элек.

Мейли эми, окуп алып бул катты,
Ыраазычылык билдирип коюңуз.
Кантейин! Чым алдына сиз кетип,
Болбой калды 50 жылдык тоюңуз.

Атаганат! Өзүң тирүү болгондо,
Достор келип, ыр күү чыгып коргондо.
Белгилейт белек туулган күнүңдү,
Эр ортону 50 жашка толгондо.

Той болуп сен төрөлгөн айылда,
Жол баштап ыр агасы Байдылда.
Келет беле аяштарың, «Берметтер»,
Казандагы эт кайнап от табында.

Кантейин! Сен кеткенде жаш элем,
Түк эч нерсе келбей турган колумдан.
Укпай калдым, эч ким кабар берген жок,
Сөөгүңүз Ак-Теректе коюлган.

Бирок кийин кеч болсо да мүрзөңө,
Бардым да – окуп койдум куранды.
Менимче оодарылып бир арбагың,
Ыраазы болуп абдан кубанды.

Көз алдыма тартылды бүт элесиң,
Ыр окуп сырдуу, сүрдүү тургандай.
Бирок түнөк тапты окшойт көбүнүн,
Жүрөгүнөн Калдыбаев Курбанбай.

Эсимде, кулунсуң деп айткансын,
Кулун ооба кунан болуп жетилет.
– Өлдү – десе акындарды силердей,
Баары бүгүн тирүү жандай сезилет.

Тагдырыңды билген бир чоң сүрөтчү,
Штрихке жандуу элес салыптыр.
Колдон түшүп ыр жазган калемиң,
Олтургучуң кыйшайгансып калыптыр.





Ал сүрөткө бүт капалык батыптыр,
Арман жашың сыя болуп катыптыр.
Кыргыз Эл сүрөтчүсү Жалиев,
Тагдырыңдын тайкылыгын тартыптыр.

Мээнетиң демек текке кетпептир,
Эмгегиңди сүрөтчү да эстептир.
Убагында бир гана бир «Берметиң»,
Баалай билип кадырыңа жетпептир.

Балким ал кадырыңа жеткенде,
Жүрөт белең акындардын сабында.
Тамшандырып, суктандырып сулууну,
Ыр окуп тирүүлөрдүн жанында.

Күндөрдүн бир күндөрүндө урпактар,
Сени да унутпастан эскерип.
Урматына жылуу «Кол табыңдын»,
Баалуу таштан тургузат го эстелик.

Бул жашоодо өкүнбөгөн кимдер бар,
Чыдай билип, оорун колдон алабыз.
Айтуу кыйын кай күнү, саат канчада,
Жашоо бүтүп, качан кетип калабыз.

«Туулган жер – туу казыгы», «Кол табы»,
Белекке деп калтырып сен элиңе.
Кете бердиң сексен төртүнчү жылында,
Эл каныга электе ыр кебиңе.

Табышмактуу бир ажайып жан элең,
Таажылыкка таккан ырым бар деген.
Тапканыңды таштап кеттиң калкыңа,
Таштаганың эч качан мен аз дебейм.

*1992-жыл, май, Ош шаары.*

## АТА КЕРЭЭЗИ

*Поэма*

Жазбадым мен муну жалгандан,
Көп балдар кайтпады Авгандан.
Билбедим неге турмуш каардуу,
Кутулабыз деги качан муң-зардан.

Тынч күнү эч бир тынч албадык,
Окко туттук, уулдарды жалмадык.
Аттиң ай! Адам ата балдары,
Эмнеге боордош бойдон калбадык.

Угалычы аталардын керээзин,
Укпасаң азапты көп чегесин.
Түшүнбөйм! Түпкүлүгү бир адам,
Эмнеге жоолошуп келесин?

Бир жигит бар жашаган айылда,
Бир мүнөз, ишмер, эстүү дайыма.
Жазында кетип ал да аскерге,
Айылга келген кайра жайында.

-Уулум! – деп кубанып өз энеси,
Алдыга койду болсо эмнеси.
-Кулак төшө. Уккун – деди, -Бул эле,
Атаңдын айтып кеткен керээзи.

Мындай деди атакең узарда:
-Көзүм өтсө Рамазан, кубарба.
Өзүңө тың бекем бол, чыйрак бол,
Айтканымды эсиңден чыгарба.





Өлүм бар го ар кимдин башында,
Иштеп калгын күчүң барда жашыңда.
Эмгектенип жүрсө эл талаада,
Бекерчи болуп үйдө жашынба.

Баарынан да баягы арактан,
Алыс болуп дайыма сен сактан.
Менсинген далайларды чыңыртып,
Бек олтурган ээринен кулаткан.

Шайтан кызга эч качан жолобо,
Күлүп койсо күлкүсүн ойлобо.
Коюн ачып далайларын шорлоткон,
Ошонун төшөгүнө жойлобо.

Ойсоке келин мүмкүн кезигет,
Ардеме айтып ыйлап эзилет.
-Байланып калды менин багым – деп,
Ал арбап ыйлайт, мүмкүн чечинет.

Чекчейе кызыбагын төшүнө,
Уялткын тике карап көзүнө.
Керексиз сага анын келбети,
Ак денеси кут болсун өзүнө.

Чын дос болсоң эгерде жакшыга,
Анын көөнүн эч качан калтырба.
Кайгы түшсө башыңа капыстан,
Баргын доско, сен андан тартынба.

Залал эмес тартынбай барганың,
Аябастыр сенден ал жардамын.
Досуңа эч качан кас болбостон,
Достук антты көөндө бек кармагын.

Эсиң болсо «ачуу» ичпе, сөкпөгүн,
Бул жашоодо армандуу өтпөгүн.
Күчтүү бол, сылык бол, токтоо бол,
Көңүлүң көтөрүлүп көппөгүн.

Кейибегин болбогон нерсеге,
Көрмөксөн болуп кой эч нерсе.
Ишиң өзү оңолот акырын,
– Алгын – деп, - кулунум, Кудай берсе.

Аялыңды урбагын, теппегин,
Билбей калба үйүңдөн кут кеткенин.
Ажарланып сыйлай билсең дайыма,
Анда нак кадырына жеткениң.

Дайыма уулу болгун элиңдин,
Мааниси терең болуп кебиңдин.
Эгерде бошоң болсо бүт эркиң,
Азгырылып, масчылыкка жеңилдиң.

Айрый бил, жакшы менен жаманды,
Көксөбөй бийлик менен амалды.
Өзүң жакшы билесиң турмушта,
Нечендери «кекиртектен» камалды.

Көз жумулса, атаң жок жетимсиң,
Кайрат кылып акылдуу жетилгин.
Апакең калат кырктын кырында,
Пайгамбар жашка аны жеткиргин.

Эстүү бол, апаңдын алгын тилин,
Кимдер дос, ким душман аны билгин.
Акыл менен токтоткун ачууңду,
Арты жаман ачуулуу келген жиндин.





Өзүңдүн айыбыңды сезе жүргүн,
Өкүнбөгүдөй өзгө өмүр сүргүн.
Болбогон нерсеге ачууланып,
Үйүңдө болбосун жаңжал, кыргын.

Кээ-кээде аялың айтса көнгүн,
Анын да акыл сөзүн ченей бөлгүн.
Ал дагы өкүнбөгүдөй жашасын,
Жашоонун рахатын бирдей көргүн.

Кээ бирөө дос болот калп дүйнөңө,
Сен такыр андай болуп үйрөнбө.
Алып барат уурулук адатка,
Эл ичинде баш салып сүйрөлбө.

Уурунун ушак сөзүн укпагын,
Убагында уйку кансын, уктагын.
Жаман жолдон алыс бол садага,
Кудай сызган ак жолдон чыкпагын.

Акчага азгырылып кетпегин,
Айтканымды ар дайыма эстегин.
Аман болсоң, келечек көрсөтөт,
Айта жүргүн атакеңдин кептерин.

Байлык деген билип жүргүн азгырык,
Баш байлаба жолдон кетет азгырып.
Түз жүргүн, түркөйлүктөн алыс бол,
Түбөлүккө Адам атты жаздырып.

Акыл чечет бүтпөгөн бүт ишиңди,
Чакыргын акылман дос, кишиңди.
Намыскөй, акыл эстүү боло алсаң,
Каңгытпайсың короондо да итиңди.

Сенден биреө жамандык күтпөсүн,
Суу ичкен булак көзү бүтпөсүн.
Ишенчи болгун дайым элиңдин,
Аткарар ишти сага жүктөсүн.

Бүлөө күткүн, зайыбың көп төрөсүн,
Балдарың эч шордуу күн көрбөсүн.
Бүлөөң барбы, демек эл катары,
Бүкүр эмес, алда канча өйдөсүн.

Өйдөсүнбө кымбат баалуу кийинип,
Кичи пейил боло бергин ийилип.
Ошол сенин адамдык зор сапатың,
Балаң да, элиң жүрөр сүйүнүп.

Ачууга алдырбагын акылды,
Аша чаппай ойло алды- артыңды.
Кемчилигиң өзүң сезе билбесең,
Кетиресиң кадырыңды, баркыңды.

Күндөр-айлар, жылдар өтүп арадан,
Жигит болуп жетилерсиң садагам.
Жетик бол, мыкыр, кытмыр болбогун,
Жылуу сөздү уккун улуу агадан.

Эч капарсыз мезгил өтүп ортодон,
Эр жетерсиң элди жоодон коргогон.
Эмгектериң эл оозунда айтылып,
Рахматты алгын журттуу ордодон.

Иши кылып, садагам, каралдым,
Мыктысы болгун эстүү адамдын.
Келечекке ийгиликтүү умтулгун,
Эсеби болсун ар бир кадамдын.





Жапжаш калдың атаң жок жанында,
Айткандары сакталсын жаадында.
Жетимсиреп, жер карап муңайба,
Аяш ата, агалар бар айылда.

Алар, ооба, көз салып турушат,
Айтканыңды атаңдай угушат.
Алгын тил, бейбаштан болбогун,
Катуу айтат, кээде тилдеп урушат.

Балага катуу айтпай, эс кирбейт,
Ансыз эч ким эрезеге жеткирбейт.
Мен жок болсом, энең бар кашыңда,
Өксүтпөйт, чекеңе да черттирбейт.

Айыбың жок, эгерде бир адашсаң,
Турмушта далайлары жарашкан.
Үйлөнсөң үй бүлөңө бак келип,
Үлгү болгун, эл суктана карашкан.

Кагылайын каралдым чырагым,
Катаал күнгө, кыйындыка чыдагын.
Жакшылык каалай бер башкага,
Эч кимге кыянаттык кылбагын.

Билип жүр үрп-адат, каада салтын,
Өзгөчөлөнөт ошо менен кыргыз калкың.
Казак менен окшоштук жактар көп,
Тууганың болот алар эң бир жакын.

Терең окуп биле жүргүн тарыхты,
Өчүрбөгүн үйгө тийген жарыкты.
Илим-билим иштериңди оңолтот,
Илим үчүн кенен казгын арыкты.

«Акыл кенчи – китеп» болот баракта,
Алдырбагын акылыңды аракка.
Аяр кылбай өмүргө мамилени,
Кесилип кетти көбү камакка.

Татасын ачуусун да, таттуусун,
Турмуштун көрүп жаман-жакшысын.
Эр жигит аталгын, баатыр бол,
Эр жигит издейт дайым бактысын.

Көп болсун үйрөнгөн өз өнөрүң,
Өнөр менен жашылданып көгөргүн.
Башканын баары келет колунан,
Бир гана билбейт качан өлөрүн.

Эсиң болсо эч качан башканын,
Байлыгына кызыкпагын, алтыным.
Чөбөгө болуп өлүп чөкпөстөн,
Үстүндө каймак болуп калкыгын.

Жеңил эмес атадан айрылуу,
Адам болгун албеттүү, кадырлуу.
Мүшкүл иш түшкөн болсо башыңа,
Токтоо бол, адил бол сабырлуу.

«Сабыр түбү - сары алтын» экенин,
Садагам, сага айтып кетемин.
Сабырлуу болсоң эгер чыдамкай,
Сап башында ийгилике жеткениң.

«Күч бирдикте», туйгун ушул макалды,
Урматтап узап кеткен атаңды.
Жалгыз болбо, жакыныңдан бөлүнбө,
Ошолор түздөйт болгон катаңды.





«Көрө - көрө көсөм болот», бол көсөм,
Кудай сактап өзүңдү оң- сол көздөн.
«Сөз атасы айтылат кезинде»,
Калбагын учурунда айтар сөздөн.

«Ак ийилет, сынбайт», болгун тунук,
Кекчил болбо, ушул сапат өтө улук.
Канткен менен жашсың азыр карууң жок,
Сырдаш досуң сөз айтса, уулум ук.

«Жакшы болуу аста-аста», айтамын,
«Жаман болуу бир паста», байкагын.
Ишенем дайым ичте сактайт деп,
Ийги уул атасынын айтканын.

Үргөн менен жаш күчүк безилдеп,
Үргөнү анчалык көп сезилбейт.
Жетик бол, жерде кебиң калбасын,
Ошондо гана эркиң жеңилбейт.

«Карынын кебин капка сактагын»,
Акылмандын айткандарын жаттагын.
Өзүңө өзүң бек болгун, ишенип,
Бут шилтеп, жаман жакка баспагын.

«Жети өлчөп, бир кесип» үйрөнгүн,
Кем эмес, жетик кызга үйлөнгүн.
Келечеги кең болот деген бар,
Эри үчүн элеп-желеп күйгөндүн.

Айтар сөз, эл, журтуңду сыйлагын,
Аман бол, кыянаттык кылбагын.
Туулган жерди туу туткун жашоодо,
Элге жаксын, элге болсун кылганың.

Айттым болгон аталык кеп, акылды,
Айрый бил, алыс менен жакынды.
Аска зоодой бийик карма, кулунум,
Ата Уул деген улуу атыңды.

## ҮШКҮРҮНБӨЙ ТУРАЛЫ

Баштагыны эстесек ,
Байыркы болуп калабы.
Бүтпөс дастан болчудай,
Бүгүнкүнүн талабы.

Мурункуну ойлосок,
Муздак бойдон калабы.
Мүдүрүлтүп адамды,
Мүшкүл иш башка салабы.

Кечээгини эстесек,
Кейиштүү болуп калабы.
Келечектин ээлерин,
Кенебей атып салабы.

Азыркыны карасаң,
Азыраак дале чалабы.
Ажаан күндөн куткарып,
Азамат колго алабы.

Арман кылып муңайбай,
Аз-аздап сөз табалы.
Айран таң, калтырды,
Азыркынын абалы.

Адамдык сапат сакталып,
Адамды адам күтпөйбү.





Акылга ой ширелип,
Ай нурунан бүтпөйбү.

Күйгүзбөй күндө дак кылып,
Күйүкпөй досту күтпөйбү.
Күлкү чачып журтуна,
Күн нурунан бүтпөйбү.

Башчылар болуп акылман,
Бакыбат турмуш курбайбы.
Баш аламан болбостон,
Баарысы бирдей турбайбы.

Жетекчи болуп эс менен,
Жетик эстүү болбойбу.
Жерим деп күйгөн адамдын,
Жемсөөсү жемге толбойбу.

Жыңалач ооз түркөйлөр,
Жылмаңдап бийлик жандайбы.
Жыргал күн берип а көрө,
Жылдыз болуп жанбайбы.

Жулунуп «токум» талашпай,
Журтунда жерин сүйбөйбү.
Жашынып кардын тойгозбой,
Жан берип эл деп күйбөйбү.

Жубарымбек болбостон,
Журт аралап жүрбөйбү.
Жуурулуп кетип калкына,
Жугумдуу өмүр сүрбөйбү.

Арадан өтүп көп кылым,
Ар кандай шартта жүрүштү.
Азаттык издеп тапкандар,
Адилет өмүр сүрүштү.

Бир кезде балким такталар,
Бул кезде шордуу күнөө көп.
Билбедик ким ак, ким кара,
Бир бирин турат күнөөлөп.

Жемкорлор жетип бийликке,
Жентектеп баарын бөлүштү.
Желкеден чыгып жегени,
Желмогуз күнүн көрүштү.

Жер төлө эмес алаңдап,
Жергуйга байлык ката албай.
Жеринен кетти айдалып,
Же кырып баарын ата албай.

Эмгеги тып токтоду,
Эл адамы деп аталбай.
Эренге кетти аргасыз,
Элине кайра бата албай.

Телпеги калды кыйшайып,
Тептегиз элге жага албай.
Тереңге кетти мукурап,
Теңдик деп тизгин кага албай.

Калыс бийлик кылбаса,
Каарда калат тилем жок.
Талпагы чыгып жайылып,
Таарда калат килем жок.

Кыянаттык кылгандар,
Кышта калат наркы жок,
Тырнак алды сөз болуп,
Тышта калат баркы жок





Жамандык элге издебей,
Жакшылык гана издесин.
Көпчүлүктүн иши үчүн,
Көңүлдөрүн түздөсүн.

Касиеттүү жеринен,
Каргыш албай, сый көрсүн.
Кудуңдап эл сыйлаган,
Кубаттуу чын бий болсун.

Кургур болуп аталып,
Куугун болбой, бек болсун.
Калктын уулу экен деп,
Кумурска өткүс чеп болсун.

Анткенимдин себеби,
Айта турган кебим бар.
Ажолор үлгү боло албай,
Арманда калган элим бар.

Ойлоп көрсөк тереңден,
Ордону бирөө чыктады.
Орундуу сүйлөп сөздөрүн,
Олуя жандар чыкпады.

Башкаруу болуп ар чачкын,
Башчылар акча чыптады.
Баш эмес, эл деп жан берген,
Баатырлар неге чыкпады?

Баш аягы- билинбейт,
Басмырлап неге ныктады?
Баш көтөргөн жигитти,
Базгандап уруп мыктады.

Бөөштөнгөн неменин,
Бөөсүн кабыл алган жок.
Бөлөкчө болду бул турмуш,
Бөжөңдөп калкым калган жок.

Багалектен айрылып,
Балка сапка жарабай.
Басып кетти бурулуп,
Байкуш элин карабай.

Адилет болуп жүрсө не,
Ак калпак элин жиктебей.
Ажалдуу кылып качты го,
Артына кылчак тиктебей.

Күмүштөн тээп үзөңгү,
Күйүттүн чегин билген жок.
Көп эле болду кайрылуу,
Көңүлгө бир да илген жок.

Алтындан тээп үзөңгү,
Армандын артын билген жок.
Арыз- муң айтты ар кимдер,
Акылга бир да илген жок.

Айкөлдүк жок кичине,
Ал жылытпай чекени.
Алыс кетти кайрылбай,
Азалуу калып Мекени.

Өйдө боло албады,
Өзөк тешип сөз курту.
Өлгөн өлдү ажалсыз,
Өрттө калды өз журту.





Өлкөнүн ууз сүттөрүн,
Өзөртө ээмп кактады.
Өзөрүп бара жатканда,
Өзүн эл өзү сактады.

Өзгөртүп мыйзам жолдорун,
Өздөрүн деле шайлады.
Өлкөнү сактап эр, шерлер,
Өлүмгө башын байлады.

Өчпөй от күйүп алоолоп,
Өлбөй чындык кайнады.
Өңгөнүн оозун ачырып,
«Өңдүү гүлдөр» жайнады.

Өзгөчө баары болот деп,
Өзгөртүп мыйзам саздады.
Өтөк өлкө жарымын,
«Өздүк» кыла жаздады.

Дем чыкпай агып булак суу,
Деңизге кетти айланып.
Демдүү, күчтүү эр чыгып,
Дейдилер калды байланып.

Ойлонуп көрүп Ошумду,
Ой-санаам жаман бөлүндү.
Онтогон үндөр угулуп,
Он салаа жашым төгүлдү.

Арадан чыгып чекир көз,
Азалуу кылды көңүлдү.
Апаат билбей нелигин,
Айыпсыз жандар көмүлдү.

Бөөштөнгөн неменин,
Бөөсүн кабыл алган жок.
Бөлөкчө болду бул турмуш,
Бөжөңдөп калкым калган жок.

Багалектен айрылып,
Балка сапка жарабай.
Басып кетти бурулуп,
Байкуш элин карабай.

Адилет болуп жүрсө не,
Ак калпак элин жиктебей.
Ажалдуу кылып качты го,
Артына кылчак тиктебей.

Күмүштөн тээп үзөнгү,
Күйүттүн чегин билген жок.
Көп эле болду кайрылуу,
Көңүлгө бир да илген жок.

Алтындан тээп үзөнгү,
Армандын артын билген жок.
Арыз- муң айтты ар кимдер,
Акылга бир да илген жок.

Айкөлдүк жок кичине,
Ал жылытпай чекени.
Алыс кетти кайрылбай,
Азалуу калып Мекени.

Өйдө боло албады,
Өзөк тешип сөз курту.
Өлгөн өлдү ажалсыз,
Өрттө калды өз журту.





Өлкөнүн ууз сүттөрүн,
Өзөртө ээмп кактады.
Өзөрүп бара жатканда,
Өзүн эл өзү сактады.

Өзгөртүп мыйзам жолдорун,
Өздөрүн деле шайлады.
Өлкөнү сактап эр, шерлер,
Өлүмгө башын байлады.

Өчпөй от күйүп алоолоп,
Өлбөй чындык кайнады.
Өңгөнүн оозун ачырып,
«Өңдүү гүлдөр» жайнады.

Өзгөчө баары болот деп,
Өзгөртүп мыйзам саздады.
Өтөк өлкө жарымын,
«Өздүк» кыла жаздады.

Дем чыкпай агып булак суу,
Деңизге кетти айланып.
Демдүү, күчтүү эр чыгып,
Дейдилер калды байланып.

Ойлонуп көрүп Ошумду,
Ой-санаам жаман бөлүндү.
Онтогон үндөр угулуп,
Он салаа жашым төгүлдү.

Арадан чыгып чекир көз,
Азалуу кылды көңүлдү.
Апаат билбей нелигин,
Айыпсыз жандар көмүлдү.

Жер талашпай эл болуп,
Жергебизди бак кылсын.
Кыйкымчылык кылбастан,
Кылар ишин ак кылсын.

Оштун айтсак арманын,
Ой бөлүп борбор укпады.
Осол эле иш болду,
Окко жанды тутканы.

Күйдү күлгө айлантты,
Күнөстүү Ош жеримди.
Коргошун окко тутушту,
Коргой албай элимди.

Кыргыздан чыккан кыраандар,
Кыйла менин датым бар.
Кыбыласы бузулган,
Кычыланган жатым бар.

Кийинкиге сабак деп,
Кичинекей катым бар.
Кылыч чапса өтпөгөн,
Кыргыз деген атым бар.

Байырлаган тоолорду,
Байыртадан баркым бар.
Касты деле дос деген,
Каада, насил наркым бар.

Кичи пейил, жөнөкөй,
Кишиликтүү салтым бар.
Абийирдүү, намыстуу,
Ак пейил, сак калкым бар.





Канча болбойт десек да,
Кайталанды тарыхтар.
Тактaлбаса кезинде,
Тарых өзү аныктаар.

Мухамбет кыргыз сен неге,
Тирилип кайра келбедиң?
Мукурап турган элиңдин,
Муң-кайгысын көрбөдүң.

Мунасып эмес турбайбы,
Мылтыксыз жардам бербедиң.
Муңканып турат армандуу,
Муз болуп  тоолуу эл, жериң.

Баяндап кантип айтамын,
Байыркынын жомогун.
Бүркүттөр турат учалбай,
Башына каптап томогун.

Барсбек баатыр, басташкан,
Баш душман оозун жапкансыз.
Кыйкырып сырттан жоо келсе,
Кылычты сууруп чапкансыз.

Кырк уруу элим бирик деп,
Кынтыксыз болуп жаккансыз.
Кыраакы болуп көрөгөч,
Кыйнабай баарын баккансыз.

Акырын көздөп шыпшынып,
Аблай хан да чабам деп.
Аралай басып келгенде,
Ала- Тоону алам деп.

Тай минип колдо жараксыз,
Таластан ары өтөм деп.
Чүнчүтүп кыргыз хандыгын,
Чүй бооруна жетем деп.

Арам ойлоп жат болуп,
Аттанып ал чыкты эле.
Аралап келе жатканын,
Ак калпак эли укту эле.

Жатып албай үйүндө,
Жайыл баатыр чыгыптыр.
Жар салган хандын жардыгын,
Жоон айыпка жыгыптыр.

Бүгүн сезип турабыз,
Бүтпөс ошол жараны,
Катуу кармаш болуптур.
Кан кылып, өзөн талааны.

Өткөндү эстеп айтпаса,
Өчүп бир аты калабы.
Уялтып жер каратты,
Угуп тур мендей баланы.

Тарыхта калды кандуу күн,
Талашып такты калааны.
Канга боёп алышты,
Борбордо аянт, талааны.

Бишкек баатыр кантейин,
Же тирилип турбадың.
Жагымсыз наала иш болду,
Жакшылап көңүл бурбадың.





Же баатыр болуп жүргөндө,
Жетик бир өлкө курбадың.
Жеп ичет өтө жек көрөм,
Жикирип бирден урбадың.

Жеткирем сага канткенде,
Жыгылыш кылды ардануум.
Жыйылып турат кат кабат,
Жыпжыйма ичте арманым.

Арман деген себебим,
Азыраак айтып берейин.
Чечилбейт көп маселе,
Чегинип артка келейин.

Акыйкат издеп келүүдө,
Азаптан качып элибиз.
Майтарылып көп үмүт,
Майышып турат белибиз.

Өлкө болсок эмне экен,
Өзгөчө болуп эми биз.
«Топташ» ойноп жүрүшсө,
Толбойт окшойт кемибиз.

Тоодо калбай байлыктар,
Тонолууда кенибиз.
Чочуп кетчү болдук го,
Чолок болуп жеңибиз.

Чоң өлкөгө айланды,
«Чокон» атчу теңибиз.
Чогуу жүрсөк болбойбу,
Чокчоңдобой эми биз.

Чокко салып күл кылдык,
Чоң жетилген «теректи».
Чогуу алып жүрүүгө же,
Чокчолой баатыр керекпи?

Айыпкер болуп калбайын,
Атаке баатыр угуп тур.
Атагың бар, даңкың бар,
Андале көңүл буруп тур.

Ар намыс калды каякта,
Азыр кандай билбеймин.
Абийир жок, уят жок,
Ардана жектеп тилдеймин.

Үймөлөктөп жүрүшөт,
Үзөңгүдөн бут кетип.
Ызы-чуубуз көбөйдү,
Ырыс качып, кут кетип.

Шабдан, Байтик баатырлар,
Шайыбыз ооп турганда.
Шаа, мырза жок силердей,
Шаңдуу өлкө курганга.

Бийлик көздү кызартып,
Бир чечимге келе албай.
Эрдик кылып ач көздү,
Эрки жетип жеңе албай.

Билдирбей жеп алдың деп,
Бирин бири жектөөдө.
Кызматтан алып койдуң деп,
Кыйындары кектөөдө.





Тартыш болуп казына,
Татымсыз акча чектөөдө.
Уурулук өтө күч алып,
Укугун элдин тепсөөдө.

Кечилдерди жолотпой,
Келген жакка кет деөөдө.
Эгемендүү аты бар,
Элин багып эптөөдө.

Элетте кымбат жер айдоо,
Эгин экпей нан тапмай.
Европа боло албай,
Эптеп эле жан бакмай.

Өзгөртүп жашоо турмушун.
Өсүп турат башкалар.
Балким кези келгенде,
Баасын алып макталар.

Көп өзгөрүп бул аалам,
Көөндө балким жат калар.
Арадан неге чыкпады,
Алымбектей даткалар.

Айлабыз кетип турганда,
Арбактан жардам сурадык.
Абат болуп кете албай,
Алсыз өлкө курадык.

Курманжан датка билиңиз,
Куушурулуп турабыз.
Кудуңдап качан билбеймин,
Кубаттуу өлкө курабыз.

Менден салым болсун деп,
Мекенди ырдап келемин.
Мезгил татаал, жашоо оор,
Мээрими керек эненин.

Боюбуз турат калтырап,
«Бок» сөзүн угуп жеменин.
Бозоруп бүгүн турабыз,
Боссу жоктой кеменин.

Жерден чыккан жамандык,
Жерге кайра кетсе экен.
Жерим, эл деп күйгөндөр,
Жеңишке эрте жетсе экен.

Жеримдеги катаал күн,
Жеңил эле өтсө экен.
Жети кабат асмандан,
Жетик ырыс төксө экен.

Так талашып эл бакпай,
Тап койгондор толууда.
Тапан акы жок калып,
Таарынычтар болууда.

Өзгөрүлүп, бул турмуш,
Өзгө жакка бурулбай.
Жарды бойдон турабыз,
Жаңы шаарлар курулбай.

Айылдагы дыйканда,
Арман аттын башындай.
Катып калбай сенейип,
Карынбайдын ташындай.





Чимирик бол эл үчүн,
Чирене басып кашынбай.
Азап-муңдан арылткын,
Анткорлонуп жашынбай.

Алдап «токоч» жегендин,
Аткарылбай жазасы.
Жер-жерлерге, айылга,
Жетпей турат таза суу.

Жол министр чоңдору,
Узарган сайын колдору.
Оңдолбой турат дагы эле,
Айыл, кыштак жолдору.

Дээринде барсынып,
Демитип эле сүйлөйбүз.
Демөөрчү болуп башкага,
Деги качан гүлдөйбүз.

Мурункуну жамандап,
Мусаапырдай тилдейбиз.
Качан болот оңолуу,
Карап көрсөк, билбейбиз.

Анткорлонбой оңолуп,
Акыл, эске келели.
Айыл, шаарга, Мекенге,
Ак дилден жардам берели.

Тиш кайрап, азуу көрсөтүп,
Тизгин тартып тирешпей.
Кымбат өлкө куралы,
Кызмат үчүн күрөшпөй.

Аттуу, баштуу жигиттер,
Алтын ордо кургула,
Абийирди кетирбей,
Ак калпак кийип тургула,

Ажалдуу болбой элибиз,
Ажарлуу эл болсо экен,
Акылдашып кеңешип,
Ай нурундай толсо экен.

Күйүттүү болбой элибиз,
Күчтөн күчкө толсо экен.
Күндө өсүп өнүгүп,
Күндөй ысык болсо экен.

Акылмандын санат сөз,
Айткандары жетсе экен.
Ар намыстуу- жигиттин,
Атагы алыс кетсе экен.

Бирин- бири кептебей,
Бириккенди ойлосун.
Бакырчаак күн жоголуп,
Балдар күлүп ойносун.

Бирин- бири жектебей,
Билимдүү сөз сүйлөсө.
Бир болуп Туу алдында,
Бишкек, Ошум гүлдөсө;

Суктандырар бир күнү,
Сулуу өлкө болорбуз.
Узун там, кабат үй куруп,
Улуу өлкө болорбуз.





Чырдашкан эмес, ынтымак,
Сыр каткан өлкө болорбуз.
Ыландары жоголуп,
Ыр тапкан өлкө болорбуз.

Бүткүл дүйнө элине,
Таанылган өлкө болорбуз.
Барагынан тарыхтын,
Табылган өлкө болорбуз.

Эң кубаттуу өлкөнү,
Курган өлкө болорбуз.
Кытай, Япон сабында,
Турган өлкө болорбуз.

Аалам сырын биз дагы,
Ачкан өлкө болорбуз.
Өнүгүүнүн нурларын,
Чачкан өлкө болорбуз.

Жокчулуктун чынжырын,
Үзгөн өлкө болорбуз.
Бай өлкөнүн катарын,
Түзгөн өлкө болорбуз.

Бакыбат болуп башкага,
Жаккан өлкө болорбуз.
Бардар болуп өз элин,
Баккан өлкө болорбуз.

Таазим кылып турушкан,
Таанымал өлкө болорбуз.
Баракелде дедирген,
Баары бар өлкө болорбуз.

Кантейин, шорум, а бирок,
Капалык бар, күйүт бар.
Үшкүрүнбөй туралы,
Келечектен,
Үзүлбөгөн үмүт бар.

## ЭЛГЕ АЙТСАМ АЙЫҢ ЖОК

Эргип кетип ыр менен,
Элге айтсам айың жок.
Эмгектенип келатам,
Эч сыйлыктан дайын жок.

Облакимчиликтин,
Өзүнө барып ырдадым.
Көп эле жыйын өткөргөн,
Көзүнө барып ырдадым.

Калпагымды башымдан,
Албай барып ырдадым.
Даталуу күндө чакырса,
Калбай барып ырдадым.

Милдет эмес, милиция,
Калкына барып ырдадым.
Жамаат майрам өткөрсө,
Жалпыга барып ырдадым.

Светчинин шерденген,
Кырын айтып ырдадым.
Кантип карыз кылышат,
Сырын айтып ырдадым





Сылаң короз неменин,
Сынын айтып ырдадым.
Чыркыраткан чындыкты,
Чынын айтып ырдадым.

«Оздурругу» жок аялдын,
Оолукканын ырдадым.
Жогоркулар күш-күш деп,
Жолукканын ырдадым

Дагы болсо дегендин,
Дармандарын ырдадым.
Айылдагы дыйкандын,
Армандарын ырдадым.

Эсептөөчү палата,
Чакырганда баргамын.
Анык болгон көп иштер,
Айтсам эгер ал жагын.

Бухгалтерди текшерсе,
Тындырбайт деп ырдадым.
Алдына нан коюлса,
Сындырбайт деп ырдадым.

Мекеме же ишкана,
Шаштырганда ырдадым.
Жетекчибиз баргын деп,
Тапшырганда ырдадым.

Үч миң Ошко болгондо,
Посолдорго ырдадым.
Оюмду бир түшүнбөс,
Осолдорго ырдадым.

Батыралы Сыдыков,
Көөнүн мага бурду эле.
Ыраазы болуп ырыма,
Кемпири кошо турду эле.

Бала ырчы атабыз,
Баарын эске салдың дейт.
Барк алып ырдап өнөрдө,
Бактылуу бойдон калгын дейт.

Убакытты тар берген,
Телесине ырдадым.
Маркумдарды эскерип,
Элесине ырдадым.

Арабыздан билинбей,
Кеткендерин ырдадым.
Болуш залкар күүлөрдү,
Черткендерин ырдадым.

Катар сапта көп жүрбөй,
Кайткандарды ырдадым.
Рыспай ыр пири деп,
Айткандарды ырдадым.

Матен Сыдыков сексенге,
Толгондо бир ырдадым.
Губернатор жанында,
Болгондо бир ырдадым.

Кара жерди Нарында,
Тептиргенин ырдадым.
Картошканы бир бирден,
Эктиргенин ырдадым.





Элине көп пайдасын
Тийгизгенин ырдадым.
Топу эмес, калпакты,
Кийгизгенин ырдадым.

Генерал, эски активист,
Бүт баарысы бар эле.
Чечмелеп бирден айтууга,
Убакыт өтө тар эле.

Келип кетсин деп айтса,
Баарына барып ырдадым.
Маареке, той өткөрсө,
Сабына барып ырдадым.

Элге кызмат кылат деп,
СНБге ырдадым.
Эки ооз ырды аябай,
Эчен жерге ырдадым.

Чет өлкөдөн келишсе,
Достукту чын ырдадым.
Мейман күтсө күчтүү деп,
Оштукту миң ырдадым.

Кичи пейил жөнөкөй,
Улуулугун ырдадым.
Тартуу кылган табигат,
Сулуулугун ырдадым.

Спортчулар чакырса,
Балбандарын ырдадым.
Саясатта бир-бирин,
Чалгандарын ырдадым.

Жалтайлаган кээсинин,
Жалгандарын ырдадым.
Ак батаны карыдан,
Алгандарын ырдадым.

Баяман күчкө аябай,
Толгондо бир ырдадым.
Депутатка талапкер,
Болгондо бир ырдадым.

Токсон жети пайызга,
Шайлаганын ырдадым.
Көрө албастар байкатпай,
Жайлаганын ырдадым.

Учкун болуп жылт этип,
Бөлүнбөстөн ырдадым.
Көрмөксөн көп көздөргө,
Көрүнбөстөн ырдадым.

Оштук элим кең пейил,
Бийиктигин ырдадым.
Пайгамбар тоо Сулайман,
Ыйыктыгын ырдадым.

СССРдин дубалы,
Ураганын ырдадым.
Өз алдынча өлкөнү,
Кураганын ырдадым.

Калдык калбай Союздан,
Куураганын ырдадым.
Туйтунганды куудулдар,
Тууратанын ырдадым.





Өмүр, өлүм арбашып,
Өзгөрүштү ырдадым.
«Төбөлдөрүн» бүктөгөн,
Төңкөрүштү ырдадым.

Тоого азат тургузган,
Топко барып ырдадым.
Созулуп тагдыр өлчөгөн,
Сотко барып ырдадым.

Той, ашка жылкы сойдурган,
Токко барып ырдадым.
Жону катуу жоюлгур,
Жокко барып ырдадым.

Этек жайып кол берип,
Эл дегенге ырдадым.
Конок болуп үйүмө,
Кел дегенге ырдадым.

Ысык- Көлдү каректей,
Сактайлы деп ырдадым.
Даңазалап жар салып,
Даңктайлы деп ырдадым.

Корук кылып чөйрөсүн,
Коруйлу деп ырдадым.
Цианити жок эле,
Ооруйлу деп ырдадым.

Көзгө басар Көлүбүз,
Соолубасын дегеним.
Соолуп кетсе, Ала Тоо,
Оорубасын дегеним.

Кең өзөн Чүй жеримдин,
Талааларын ырдадым.
Өнөр жайлуу Бишкектей,
Калааларын ырдадым.

Өзөн суусу батпаган,
Арыктарын ырдадым.
Көп улуттуу элдердин,
Жарыктарын ырдадым.

Талас десе тамшанткан,
Чыгаандарын ырдадым.
Кызмат кылган кыргызга,
Кыраандарын ырдадым.

Бүткүл дүйнө элине,
Таанылганын ырдадым.
Өтмөк жактан эркин жол,
Салынганын ырдадым.

Кыйын күнгө кыргыз эл,
Кабылганын ырдадым.
Саясатта кээ бирөө,
Жаңылганын ырдадым.

Тоолуу асыл жеримди,
Гүлдөтсөк деп ырдадым.
Тарых каткан таштарын,
Сүйлөтсөк деп ырдадым.

Булбулдары сайраса,
Бакта экен деп ырдадым.
Кыргыз тили Нарында,
Накта экен деп ырдадым.





Соң- Көл сулуу, жайлоосу,
Кеңири деп ырдадым.
Теңир-Тообуз тоолордун,
Теңири деп ырдадым.

Жалал- Абад жан биргем,
ГЭСин көрүп ырдадым.
Курорт жайлар көп экен,
Ээсин көрүп ырдадым.

Бегимкулов Эркиндин,
Белестерин ырдадым.
Эр жигиттер чыгышкан,
Элестерин ырдадым.

Курманбекке 500 жыл,
Болгондугун ырдадым.
Тоо койнуна ырыс-бак,
Толгондугун ырдадым.

Баткенимдин гүл жыттуу,
Өрүкзарын ырдадым.
Айгүл ташты жанынан,
Көрүп баарын ырдадым.

Сүлүктүнүн кара алтын,
Көмүрлөрүн ырдадым,
Шахтёрмун дегендин,
Өмүрлөрүн ырдадым.

Жетекчиси Ашымдын ,
Элүү жашын ырдадым.
Менменсинбей жөн жүргөн,
Мээлүү башын ырдадым.

Санк Петербург шаарында,
Көргөнүмү ырдадым.
Жеңи кыска, этек жок,
Көйрөңүмү ырдадым.

Элмирбек, мен, Амантай,
Жаш манасчы Рыспай,
Талантаалы манасчы,
Бирге барып ырдадым.
Эрмитаждан атактуу,
Эргүү алып ырдадым.

Каражаттан «Сорос» фонд,
Колдогонун ырдадым.
Фестивалга Питерге,
Жолдогонун ырдадым.

Жетип эркин заманга,
Жети дубан жеримен.
Ала Тоону жердеген,
Ак калпак кыргыз элинен.

Жунгодогу манасчы,
Жусуп Мамайга барганбыз.
Жупуну асыл жан экен,
Жугумдуу кеңеш алганбыз.

Тезекбаев Кушбак,
Абдыракманов Султандын,
Болсо керек эсинде.
Ак- Чийден кайра кайтканда,
Күздүн күнү кечинде.

«Артышта» ырдап төгүлүп,
Оюн- күлкү салганбыз.





Жазганың калат элиңде,
Бул дүйнөдө жалганбыз.

Исрадин, Ташбоолор,
Жакшы эле билишет.
Бир канча жыл өтсө да,
Балким айтып жүрүшөт.

Жолболду Алибаев,
Фахридин Баяков,
Атактуулар бар эле.
Булардын баарын айтууга,
Убакыт өтө тар эле.

Санираби сулууну,
Манас баатыр алган деп.
Ханга туруп никеге,
Каныкей болуп калган деп.

Такылдатып тилимди,
Тажиктерге ырдадым.
Тарыхыбыз эски деп,
Тартынбастан ырдадым.

Көп эле жерге чакырат,
Калбай барып ырдадым.
Кээ бир жерде ракмат,
Албай калып ырдадым.

Казак тууган келгенде,
Кандашым деп ырдадым.
Жоого чогуу аттанаар,
Жандашым деп ырдадым.

Кайгымы тең бөлүшкөн,
Хан досум деп ырдадым.

Жамандыкта бир болгон,
Жан досум деп ырдадым.

Жер ааламы туташ деп,
Жерге- Талга ырдадым.
Көңүлдөн эч чыкпастыр,
Көп эле жерге ырдадым.

Толкутат ар жүрөктү,
Тоо-таш, мөңгү, кырларым.
Кагазга жазып койбосом,
Калчудай унут ырларым.

## КӨП МАСЕЛЕ

Кыялданып көрөлү,
Кыйла айтып берели.
Ошту айтып көрөлү,
Ойду айтып берели.

Орто Азия жеринде,
Ордолуу Ош шаар экен.
Оомат келип жыл сайын,
Ойчулдардын шаары экен.

Жанды үрөп эл үчүн,
Жакшы кадам таштады.
Чымындатпай көчөнү,
Чындап ишти баштады.

Тарыганын кеңейтип,
Тоскоолду алып таштады.
Эмгек кылса калкына,
Эсен болсун жаш жаны.





Мырзакматов Мелистин,
Мыктылыгын билишет.
Шар сүйлөп өз ишине,
Шыктуулугун билишет.

Алымбек датка айкелин,
Ак дилден ал тургузду.
Маңдай жарып Манас деп,
Маанилүү айкел кургузду.

Баш-аламан саясат,
Бааланбады эмгеги.
Жолдо калбас эч качан,
Жомок болор элдеги.

Көсөмдүгүн айтамын,
Көрүнгөндү мактабайм.
Эл деп кызмат кылбаса,
Эч качан мен даңктабайм.

Атаганат, айтканга,
Жеңил эле болчудай.
Көп жумушту аткарса,
Көңүлгө эле толчудай.

Ак Бууранын ич тышы,
Ахлаттан тазарса.
Азиретали кол берип,
Ай суктанып жашарса.

Көчө бою жапжашыл,
Көйкөлгөн кооз бак болсо.
Көзөмөл көз жымыңдап,
Көрктүү шаар деп ат койсо.

Көчөлөрү кеңейип,
Көргөн мактап кеп болсо.
Курбу курдаш тең басып,
Кубаттуу бек чеп болсо.

Кабат үйлөр курулуп,
Көздүн жоосун талдырса.
Ак Бууранны бойлотуп,
Кенен жолду салдырса.

Кашар үйдү жок кылып,
Калдыктарын алдырса.
Кызматы ак болду деп,
Калк оозунда калтырса.

Көпкө чейин сөз болуп,
Келечекте макталмак.
Кыянаттык кылбастан,
Кылым, кылым сакталмак.

Шейит-Дөбө, Ишкаван,
Шыр кетип жол узарса.
Шайыр жашап элибиз,
Шаалар көзү кызарса.

Шаркыратма  суу агып,
Шайтандары жоголсо.
Шаңдуу ойноп жүрмөкмүн,
Шаарым менин оңолсо.

Шорпо кайнап казанда,
Шордуу элим тоюнса.
Шаттуу болуп жашамак,
Шоркелдей сөз жоюлса.





Чоң тунелдер курулмак,
«Чоттор» туура кагылса.
Чекем менин жылымак,
Четтен турист агылса.

Чатакташпай улуттар,
Чай ичишсе бак конмок.
Чыркырашпай ырыскы,
Чындап эле ак болмок.

Чырпык сайып бак кылып,
Чырдашканды коёлу.
Чындап иштеп эл үчүн,
Чымчышканды жоёлу.

Чын дилинен иштесе,
Чындап аны колдойлу.
Чычалабай чынды айтып,
Чыгаандыкка жолдойлу.

Дагы гүлдөп кооздолуп,
Дарбазалар курулса,
Даңазалап ырчынын,
Доошу бийик угулса.

Дайын болуп дүйнөгө,
Даанышман деп билинсе.
Дидарлашып көп өлкө,
Дилгир сөзү илинсе.

Дайра бою шаңданып,
Достук көөнү табылса.
Дөөлөт конмок шаарыма,
Дөдөй оозу жабылса.

Төлөйкөн, Озгур, Жапалак,
Төрү шаардын болбойбу.
Төп келишсе кызматы,
Төбөлдөр Ошту оңдойбу.

Тирешпей тең бир жашап,
Тим эле баары оңбойбу.
Таарынышпай жөнү жок,
Такты Ошту оңдойлу.

Темене сөз айттырбай,
Тентек оозун тордойлу.
Таш доорунан тагы бар,
Так Сулайман коргойлу.

Каймана сөз сүйлөтпөй,
Калптын оозун тордойлу.
Карт тарыхтын изи бар,
Калаабызды коргойлу.

Тегерегин гүлдөтүп,
Таазим кылып туралы.
Тырнак алды сөз кылбай,
Тынчтык үйүн куралы.

Тайкы болбой тагдыры,
Татыктуу баа алса экен.
Табылгасы сыр болуп,
Түбөлүккө калса экен.

Эптүү болсун айтканым,
Эл колдосо, эр болот.
Эмгегинен бааланып,
Эрдик кылса, шер болот.





Эл деп кызмат ак болсо,
Эмнеден ал кем болот.
Эч нерседен коркпостон,
Эси чыкпай дем болот.

Эстүү жигит экенсиң,
Элге жакты кызматың.
Элди тоноп жегендин,
Эсебин тап, сыздаткын.

Өлкө үчүн иштесең,
Өйдө, бийик өрдөсүң.
Өчпөй атың аталып,
Өбөктөсөң төрдөсүң.

Кыйчалышта эс болгон,
Кыргыз үчүн тирексиң.
Калаабызды башкарган,
Кагып турган жүрөксүң.

Калкың менен бир болуп,
Канча турмуш кечерсин.
Калыс сүйлөп башкарып,
Калк көйгөйүн чечерсиң.

Кошоматтык эместир,
Коргойт баары өзүңдү.
Көрбөсөм да жаныңдан,
Көп эле уктум сөзүңдү.

Үйрүлө басып жаныңда,
Үйүлгөндөр көп чыгар.
Үмүт кылып өзүңдөн,
Үзүк-үзүк кеп чыгар.

Алдаганга алданбай,
Ар- намысты кармагын,
Ак дилиңден кызматты,
Ата Журтка арнагын.

Аргымактай бир туйлап,
Алкынтып ооз керейин.
Арада сөз кыстарып,
Азыраак айтып берейин.

Күлүк аттай бир туйлап,
Күчөнбөй ооз керейин.
Күйүт эмес, бул- чындык,
Кичине айтып берейин.

Тулпар аттай бир туйлап,
Тизгинсиз ооз керейин.
Таланттулар арманын,
Тагыраак айтып берейин.

Эч унчукпай жүрсөм да,
Эмне жокпу алымым.
Урматтуу Оштук жердештер,
Ушул болсун салымым.

Чаташтырбай жүрөлү,
Чала менен аланы.
Чатакташпай, чырдашпай,
Чың өлкө бойдон калалы.

Кызматым аз болсо да,
Кыйла болсун эмгегим.
Кедей болуп калбайын,
Келет экен «нан» жегим.





Белдүү колдоп өнөрдү,
Берешенден болсо экен.
Бечелдикке жеткирбей,
Белим күчкө толсо экен.

Жел тапандай жүгүргөн,
Желдеттер чек алабы.
Жетимсиреп жүргөндөр,
Жери жок тек калабы.

Убайым жеп иштеген,
Унутта кур калабы.
Ушак айткан туруксуз,
Уурулар пул алабы.

Атаганын акимдин,
Алчуулар шып алабы.
Алтын фондду жараткан,
Адамдар шүк калабы.

Саксактап чуркап жүгүргөн,
Сансыздап пул алабы.
Сахнадан ырдаган,
Сандалып кур калабы.

Үзөңгүнү кармаган,
Үмүткөр үй алабы.
Үзүлө жаздап ырдаган,
Үйү жок бүй калабы.

Көкөлөтө мактаган,
Көбүртүп көөн алабы.
Көшөгөдөн ырдаган,
Көрүнбөй жөн калабы.

Кантсе дагы кайрылам,
Калаабызды карагын.
Көп маселе коюлду,
Кана ишке жарагын.

Байкап көргүн сен көздөп,
Батыш, чыгыш алабын.
Бир- экиден бүтүргүн,
Баардык элдин талабын.

Эрктүү болуп эрдик кыл,
Эч нерседен булганбай.
Даңазаң таш жарса экен,
Петр эмгек кылгандай.

Көп имарат салдырсаң,
Көпкө чыдап тургандай.
Сага калсын атак даңк,
Санк-Петербург кургандай.

Архитектура курулуш,
Асман тиреп турса дейм.
Астанадай шаарды да,
Аз-аздап же курса дейм.

Арада жок ортомчу,
Айтканым ак өзүң бил.
Алла билсин калганын,
Агаңдын нак сөзүн бил.

Боор этти бөксөртүп,
Болбой бизде жоголуу,
Бой керип жашыл дарактар,
Болсун анык оңолуу.





Көчө бою бак болуп,
Кабат үйгө толобу.
Кыргызстан эли үчүн,
Кымбаттуу шаар болобу.

Ойдогудай болсо эгер,
Омбу сөздү жоёлу.
Оюмдагы бир кыял,
Оомат турса жылоолоп,
Ош- борбор шаар болобу.

*2008-жыл. Ош шаары.*

## КЫРААНДАР

Абалтан калган салт экен,
Амандашып алалы.
Калаабыз Бишкек элинин,
Кандай экен абалы.
Саламдашуу салт экен,
Саламдашып алалы.
Санаалаш болгон Ош элим,
Салам айтпай калабы.
Жалындуу ушул элиме,
Жагымдуу сөз табалы.
Жашыл болуп көрктөнүп,
Жайнап турат жамалы.

Азат туусу желбиреп,
Ай ааламга таанылды.
Келечекке жетелеп,
Кенен жолдор салынды.

Эски борбор Ошумдун,
Эли бирге ынтымак.

Эңсеп эркин күндөрдү,
Эгеменге ынтылат.
Ыйык тутса Мекенин,
Ынтымакта ыр чыгат.
Ыркыраша бергенде,
Ызы-чуулуу чыр чыгат.
Абайласын аттуулар,
Акын сөзү курчураак.
Ар ким эл деп иштесе,
Айыл болот тынчыраак.

Ош филармониясы,
Оожалып турбайбы.
Ошто да бар залкарлар,
Ошолорду ырдайлы.

Рыспайды эстесек,
Ырлары шам жангандай.
Ыраазы кылып укканды,
Ырынан бал тамгандай.
Арген үнү оболоп,
Аралап кетти сан жерди.
Ажаат ачкан ырына,
Америка тан терди.

Болуш күүнү черткенде,
Бой дене балкыган.
Замандын ал атагы,
Залкарлык алып калкынан.

Учуру келди айталы,
Убакыт өтө аз эле.
Кечээ күнү Жолболду,
Кериле басып жаш эле.
Рыспайдын ырына,
Ышкысы түшүп «мас» эле.





Рыспайдай болсом деп,
Ыр көөнүнө толсом деп.
Жүргөн ушул Жолболду,
Комуз колго кармады.
Коңгуроодой үн менен,
Козголуп катуу сайрады.

Чокту кармап алгансып,
Чолпонум деп какшады.
Издеп жүрөт дагы эле,
Чолпонду же таппады.
Элдик даңкка жеткирди,
Эл артист наам такканы.

Кудайберген Темиров,
Куп сыйлады улуулар.
Жылкычы кызды ырдаса,
Жымыңдады сулуулар.

Фархиддин Баяков,
Комузду так сүйлөттү.
Кылымга из калтырып,
Кыргыз күүсүн гүлдөттү.

Залкар адам Саадабай,
Залдагыны таңдантты.
Күүнүн ачып сырларын,
Күндөн күнгө жандантты.

Бабаравшан ырдаса,
Бүт сезимди козгоду.
Кереметтүү ырына,
Келин, кыз жетпей боздоду.

Токон Эшпаев үн салса,
Толук элим кубанды.
Өнөрпоз чыгып артынан,
Өнөр көчү уланды.

«Өрүк зарын», « Айгүлдү»,
Өзгө турдук кабылдап.
«Ала- Тоо» деп ырдаса,
Апаз берген жалын тап.

Салттуу болуп жашаган,
«Санат ордо», «Нуска» бар.
Кымча белдүү бийчи анан,
Айжамал, Кенже, Гүлнара,
«Кыз Буракта» кызча бар.

Эл артисти аталып,
Эл оозуна алынды.
Кыйла жерге таанытты,
«Кыз Бурактын» кыздары,
Гүлшайырдай айымды.

Эл аспаптар оркестр,
Элдик болду кайрадан.
Эргүү берип сезимге,
Эчендери сайраган.
Кожомжаров Манасым,
Ташматова Гүлжамал,
Таланттарын арнаган.

Дилгирленип иштеди,
Дирижер Саидрахман.
Дайын болуп билинсе,
Далайларды ырдаткан.





Ойлоп көрсөк Ошто да,
Опол тоодой талант бар.
-Ошко келип кет – деген,
Обончу жигит Манап бар.

Сонун экен бул өнөр,
Сызып аккан булак бар.
Сынын такыр бузбаган,
- Айылым – деп сыздаган,
Сыргабаев Мурат бар.

Ошол тоолук кыргыз деп,
Обончу Тасмаев Акбар бар.
Абаз үндүү Улуктай,
Артта далай жаштар бар.

Өнөр башка Жыпарда,
Өзгө бөлүп айтканда.
Чет элдиктер тамшанган,
Ооз комузду какканда.

Кадыр таап өнөр жолунан,
Көчүнө келип кошулган.
Кылдыр, кылдыр, кылдырап,
Күүдөн күчтүү ыр сурап.
Тизмегинде ыр сап бар,
Айдаркулова Нурзат бар.

Обонго салып ырдаган,
Ордолуу Ош жеримди.
Өйдөлөп өрдөп баратат,
Өзгөчө айтсак жарашат,
Ахмедов Абдыкеримди.

Тил сайратып баарысы,
Тирек болуп жүрүшөт.
Жүгүн элдин көтөрүп,
Жүрөк болуп жүрүшөт.

Жаагын жанган акынга,
Жакшы көңүл бурса экен.
Жаактуу Өкмөт өнөргө,
Жардам берип турса экен.

Анткенимдин себебин,
Аздан айтып беремин.
Оголе көп көйгөйлөр,
Ойло, эсте дегеним.

Кубанычтуу күн болуп,
Кутман элим бир болуп.
Эл эмгеги баалансын,
Эгемендүү жыл болуп.

Осолсунбай айталы,
Ордолуу Ош шаарымды.
Кудуреттүү кудайым,
Колдоп жүрсүн баарыңды.

Узарта айтсак кичине,
Уламыш кеп башталган.
Ушактабай укса дейм,
Улуу инсан чыкса дейм,
Уул, кыз жана жаштардан.

Сулаймандай пайгамбар,
Суктана карап тамшанган.
Баркын билип, баа берип,
Бабур коаздоп там салган.





Тактай келсек тарыхын,
Далай адам таң калган.
Оштун жайы башкача,
Сураштырсак ар жандан.

Имиш сөзгө келгенде,
Ошпурдун калаасы.
Жандап кошо жүргөн жер,
Жакыптын Манас баласы.

Оомат тилеп ырымдап,
Ошту Ошпур жердептир.
Ыйык тутуп, башкага,
Ыраа көрүп бербептир.

Эл оозунда айтылса,
Эч түгөнбөс тарыхтыр.
Китепке түшсө эгерде,
Кийинкиге жарыктыр.

Ошпур кийин өзгөрүп,
Ошпир болуп калыптыр.
Ошентип, көп жыл өтүп,
Ош, шаар болуп калыптыр.

Ойлогону Анжиян,
Ойго батып шаттанып.
Ошпурга жетем деп,
Манас баатыр аттанып.

Ашуудан ашуу ашкан дейт,
Алайку жолун баскан дейт.
Курбу, курдаш, чоролор,
Кубалап кулжа аткан дейт.

Каныгып, шоро суу ичип,
Кара- Шородо жаткан дейт.
Дарылыгы жакты деп,
Даам сызып таткан дейт.

Кара- Дайра айланып,
Катар бузбай жайланып.
Тар дайрасын тарытып,
Тайган, куш салып арытып.

Султан- Супа төрүндө,
Сурнай-керней чалдырып.
Бадахшан, Мургап, Алайдан,
Баатырларды алдырып.

Кароол Дөбөдөн Эр Манас,
Кайра дүрбү салган дейт.
Калмактын түшүп артынан,
Кароол изин чалган дейт.

Төгүлтүп кан ырымдап,
Төөнүн кардын жарган дейт.
Төөнүн кардын жарган жер,
Төөчү болуп калган дейт.

Төрөлөрдүн төрөсү,
Төөчүдөн төмөн барган дейт.
-Ала албасам жеримди,
Анда эле менде арман – дейт.

Жайыкта жаткан калмакты,
Жайлаймын деп курчаптыр.
Багынтыптыр баарысын,
Балким ошол Куршаптыр.





Жылга ичин караса,
Жыландары сойлогон.
Таң калыштуу жаныбар,
Таш бакалар ойногон.

Кумдуу адыр жер экен,
Отуз Адырга токтогон.
Ак олпогун кийинип,
Милтелерин октогон.

Ак кула минип даңкайып,
Ак- Буура суусун кечкен дейт.
Албуут сууга акпастан,
Аркы өйүзгө өткөн дейт.

Сулайман- Тоого чыккан дейт,
Сурнай үнүн уккан дейт.
Айкырып жоого кирем деп,
Аргымагын сууткан дейт.

Алп Манастын айтканы,
Ар дайыма өктөм дейт.
Ал, эл көөнүн тапсам деп,
Алоокени чапсам деп.
Алтайдан кеткен дейт,
Анжиянга жеткен дейт.

Ал болсо мейли байыркы,
Айталы анда нактаны.
Ачканда тарых барагын,
Алардын баары сакталуу.

Алайдан чыгып даңк алган,
Анжиян, Ошту башкарган.
Атасы дос күткөн дейт,
Алыскы Артыш, Кашкардан.

Аксакалдан сурасак,
Аныкталып такталган.
Адигине урпагы,
Апасы Баргы таздардан.

Анан кантип айтпайлы,
Алымбектей датканы.
Кыргыздын болду сыймыгы,
Курманжанды тапканы.
Жакшы экен жыл сайын,
Белгиленип жатканы.

Оош-кыйыш заманда,
Оорун колго алыптыр.
Жакшы тилек, ой менен,
Жантай ханга барыптыр.

Жакын тууган болуп биз,
Жаакташпай жүрсөк деп.
Ыркыбыз кетип бөлүнбөй,
Ынтымагын көрсөк деп.

Арка, Анжиян кыргыздар,
Бөлүнбөй бир болсок деп.
Эрктүү болуп дайыма,
Эл көөнүнө толсок деп.

Кокондогу хандыкта,
Күчтүү болгон таасири.
Көрө албастар күч алып,
Түбүнө жеткен акыры.

Кезинде Ади кор башы,
Эч тайманбас эр болгон.
Жалган бийлик жолотпой,
Жалтайлабас шер болгон.





Кыйын болгон кезинде,
Кымбат жерден айрылуу.
Өткөн доордо анын да,
Өзгөчөрөөк тагдыры.

Жаман атты кылышкан,
Жаман деп элге угузган.
Дагы деле жүрөбүз,
Айбатын сүрүн табалбай.
Кайра кайра кылчактап,
Каралаган оозду жабалбай.

Жер кезип көчүп Памирден,
Рахманкул хан балдары.
Айрылып өз жеринен,
Ичинде кетти арманы.

Ажыратты бүлөнү,
Айта албайм ким күнөлүү.
Санаа тартат чет жакта,
Ала Тоо – бирок түнөгү.

Азуулуу Союз кезинде,
Ар кандай ою ар кимдин.
Ата конушу түштүктө,
Ата уул Өзгөн Акимдин.

Генерал Исак Мониев,
Тарыхий баасын алалбай.
Жаныбектей казынын,
Жарып шамы жаналбай.

Кулатов кырк жыл болуптур,
Төрага КП кеңештин.
Азыркыга ал күндүн,
Кереги жок теңештин.

Эмгек менен баркталып,
Эл деп турган көңүлү.
Андайлардын эмгеги,
Ар дайыма көңүгүү.

Өлгүчө эл деп турчу экен,
Өлкө деп кызмат өрүмү.
Кымбат эле эл үчүн,
Султан Ибраимов өмүрү.

Боорго алып баарысын,
Билбейт эле бөлүүнү.
Тарыхта калып атагы,
Табышмак болду өлүмү.

Насирдин Исанов,
Ал да элдин чырагы.
Анык дечи ар дайым,
Өчпөй жаркып турары.

Өлкөнүн ойлоп эртеңин,
Өз сөзүн бекем кармаган.
Өзгөртсөк деп турмушту,
Өмүрүн элге арнаган.

Кээсинин көңүлү,
Болду алтын пул жакта.
Өлкө кенин сактайм деп,
Өмүр түштү кымбатка.

Өзүмчүлдөр кектенип,
Өмүрү эрте кыйылды.
Өмүрлүү болуп тарыхта,
Карытар эчен кылымды.





Төп келишсе төрт жагы,
Төрөсү ошол чалгандын.
Төрөбек балбан агасы,
Төрү болот Жалпак Таш,
Төлөгөндөй балбандын.

Бекмамат Осмонов,
Бир башкача жан эле.
Айбаттуу болуп көрүнүп,
Арстан сүрү бар эле.

Менменсинбей шар сүйлөп,
Мекенчилдиги бар эле.
Жолдоштукка бек турган,
Жолборс сүрү бар эле.

Кантип айтпайм, кызматкер,
Мамыров Абдыманапты.
Эрте кайтып ааламдан,
Эт жүрөктү канатты.

Учур болот ар кандай,
Удургуп жашоо кемеси.
Унутулбайт эч качан,
Уркуянын элеси.

Башталышы өнөрдүн,
Ботобек ырчы, Коргошун.
Бала ырчы бир кезде,
Барпы апызга жолукса,
Баркы кантип болбосун.
Баян кылып жүргөнду,
Баарын арбак колдосун.

Куйручуктан калышпай,
Кочкор куудул болуптур.
Эл тоногонду шылдыңдап,
Эл көөнүнө толуптур.

Бекмуратов Сейитбек,
Белендеген кыякты.
Сабак алып өнөрдөн,
Салима кызы улантты.

Саналуу экен баарысы,
Санап бармак басканда.
Убакыт тартыш кысталыш,
Узартып баарын айтканга.

Тынч күндү эңсеп ар дайым,
Тынчыбай келет санаабыз.
Тополоң болду, ый болду,
Тоолуктар кайдан танабыз.

Жан берип өлкө, эл үчүн,
Жалындап оттой жанабыз.
Жароокер болсок ынтымак,
Жашоого чындап канабыз.

Согушпай эле эмгектин,
Сонундарын табабыз.
Созултпай сонун ыр жазган,
Соронбай Жусуев ababыз.

Сансыздап издеп жүргөндөр,
Сабалап жанын тынбады.
Салижан ага Жигитов,
Сайгылап көбүн сындады.





Канча какшап тилди айткан,
Камбараалы агабыз.
Капырай тилди билбесе,
Кимге медаль тагабыз.

Жолон жазса ырларын,
Жолу менен жазчы экен.
Таш Мияшов акын агабыз,
Таанышкай кошо басчы экен.

Катарында жүрүптүр,
Калдыбаев Курбанбай.
Катарда жок болсо да,
Карачы, тирүү тургандай.

Эл сүрөтчү Гапардын,
Элеси бүт сүрөттө.
Калбайт белек сүйүнүп,
Кайрылып кетсе мүнөткө.

Улуу-кичүү бипбирдей,
Улукман башка жан эле.
Жулунуп алсам дебеген,
Жупуну жагы бар эле.
Узакка кетти дайынсыз,
Уул, кыз баарын сагынтып.
Укмуш үнү бар эле,
Угулуп турат дагы эле,
Улукбек диктор Мамытов.

Салтанат болсо ар кандай,
Ар дайыма катышкан.
Анткени «чоңдоруң»,
Мамытовду айтышкан.
Бааланбай калган эмгеги,
Көбүнө орден тагышкан.

Шиш мурунга көөн бурчу экен,
Шибегелеп турчу экен.
Сайрандап жүргөн ичи тар,
Саткындын күлүн сапырып.
Каратып туруп адамды,
Калп айтканды катырып.
Оштон чыккан сатирик,
Сатыбалды Кадыров.

Көздөн учкан Козу Баглан,
Ырлары кымбат жанынан.
Өрүк зардуу ыр жазган,
Курбаналы Сабыров,
Өзгөчө болгон баарынан .

Тап берип турган сезимге,
Таланттардын эсинде.
Кызыкпаптыр эч качан,
Кымбат баа сом пулуна.
Арманы ичте кетиптир,
Айзада Бегимкулова.

Абдирашид Урбаев,
Төп келип айткан кебине.
Орду бар анын өзүнчө,
«Оттук» берди элине.

Ак пейилдүү жан экен,
Абийирсизге кезигип.
Айтымдарга карасак,
Ак жерден кеткен кесилип.
Айтматовго жагыптыр,
Алайлык акын Айтмамат.
Арадан жылдар өтсө да,
Атагы болсо даңкталат.





Буйгалык Эргешов Тургунбай,
Буюгуп жүрүп өтүптүр.
Бул турмушта көп жүрбөстөн,
Бурулуп эрте кетиптир.

Аскаралы Сыдыков ,
Ал да асыл жан эле.
Ак эмгеги журналист,
Адамгерчилик бар эле.

Кайсы бирин айтайын,
Көбү маркум болушту.
Саясатташып баарысы,
Эскербей деле коюшту.

Түзүп алып планды,
Аты чыккан адамды.
Эстеп турсак болбойбу?
Жарытып бул ааламды.

Оштон далай чыккан бар,
Ошолорду уккан бар.
Ийилбейт алар жаманга,
Идеал кылып туткан бар.

Баатыр ага Жалиев,
Баарын тартты сүрөткө.
Жандуу ар бир чиймеси,
Жашай берет жүрөктө.

Карымшак акын Ташбаев,
Кайраты бар, баркы бар.
Жан дүйнөсү кепкенен,
Жазуучулук наркы бар.

Жусупбеков Асанбай,
Көйрөңдөнүп жасанбай.
Берметин сөздүн издеди,
Бетке айтып жазганбай.

Желкелеп турат ныгырып,
Жеп-ичкенди көптүрбөй.
Жеринен ырын жыйнады,
Жеңижокту өлтүрбөй.

Курманбек баатыр эпосун,
Кайрадан жазып тирилтти.
Көөндөн чыкпайт эч качан,
Көпчүлүктү сүйүнттү.
Келекелеген кемтик сөз,
Кээ бирөөнү күйүнттү.

Закирова Тазагүл,
Замандын аял жарчысы.
Зарыктырып ырлары,
Зам-зам суудай тамчысы.
Клеопатра айымдын,
Купуя сезип өкүмүн.
Жигиттик сөзгө турду деп,
Рыцардын өлүмүн.
Түп көтөрө жар салды,
Түрү көп экенин өлүүнүн.
Ойлонуп жашай билгин деп,
Оорутпай бирөө көңүлүн.

Арзуу болду батышка,
Алтындан калем алмагы.
Суктандырат жазууда,
Султан Раевдин салмагы.
Каармандарын карасаң,
Зулкарнайн, Чынгыз, Козучак,





Клеопатра, Таиса,
Император, Лир болду.
Куркулдай курган уяда,
«Жан жазасы» бир болду.

Ар бир сөзү өткүр, курч,
Адахандай баланын.
Аткарбай да коюшту,
Адилеттүү талабын.

Батасы тийип атанын,
Башынан эле көгөрдү.
Баркын бийик көтөрүп,
Баалай билди өнөрдү.

Деги айтсак жарашат,
Депутат Жылдыз айымды.
Канча какшап көп айтты,
Карайлы деп айылды.

Айтпай кантип калалы,
Акматбекти, Маратты.
Атактуу мэр Мелисбек,
Арыштап алга баратты.
Ай сайын эмес, күн сайын,
Ал ийгилик жаратты.

Жаманбы, жакшыбы,
Жасап койду көп ишти.
Алымбектин айкели,
Карап турат чыгышты.
Баатыр жасайт эрдикти,
Айтуу керек чындыкты.

Келечекти ойло деп,
Ойлобостон күндүктү.

Эр Манастын айкели,
Таяп турат түндүктү.

Барсбек баатыр батыштын,
Ушагынан коргойт деп,
Ага эстелик тургузду,
Ак Буура, Ошту колдойт деп.

Атак алсаң тарыхсың,
Ай нуруңдай жарыксың.
Калкыңа берсең дилиңди,
Кайдан жүрүп карыпсың.

Эчен катаал күн болду,
Эсен болсун эл-жери.
Мекен, эл деп иштеген,
Мелисбектин эмгеги.

Бүгүн билсек ушулар,
Бүткүл Оштун кырааны.
Бүгүлбөйт, сынбайт, чарчабайт,
Булар, бүт элимдин урааны.

*2012-жыл 12-сентябрь*





## БИРИМДИККЕ ЧАКЫРУУ

Баамдап көрүп баарысын,
Баштасам бүгүн санатты.
Болбос жерден чыр чыгып,
Боор этимди канатты.
Балдар билип калсын деп,
Баарына айтам сабакты.
Бүгүн ачсак деп турам,
Бүркөй бербей кабакты.

Эстеп көрүп өткөндү,
Элге айтам санатты.
Эч капарсыз жатканда,
Эт жүрөктү канатты.
Биримдикте жашадык,
Билбейм неге кан акты.
Бүркөлө түшүп асманым,
Бүгүн кайра таң атты.

Кээ бир ичи каралар,
Кейишке салды башымды.
Көмөлөтө бир тепти,
Колуна салган ашымды.

Сумсая да бербегин,
Суусабай ток карыныц.
Суктукка жатат, чынында,
Сураба өлкө жарымын.

Автономду сурабай,
Акыл калчап иш кылсын.
Ала- Тоонун элине,
Айтар оюн түз кылсын.

Расмий тил сурабай,
Райымдуу иш кылсын.
Раазы болуп жашоого,
Растап пейлин түз кылсын.

Өзүн гана ойлобой,
Өлкөбүздү ойлосун.
Өз ара чыр издебей,
Өзөктөш болуп тойлосун.

Жеңден бир кол чыгарып,
Жети өлчөп, бир кессин.
Жер түбүнө кетсең да,
Жетелешип биргесин.
Какшык сөзүн азайтып,
Каяшасын чектесин.
Каарман болсо элимде,
Кантип эле кектесин.
Калыс сүйлөп турса эгер,
Кадырга кантип жетпесин.
Кызматы чын ак болсо,
Кимдер аны кет десин.
Калкка айтам кайрылып,
Калпыс менден кетпесин.
Жеке өзүн ойлобой,
Жети дубан эстесин.
Желмогуз баш чыгарбай,
«Жетимдерин» тескесин.
Жамаат окуп намазын,
Жакшы тартсын теспесин.
Мечитте азан ордуна,
Мээлеп мылтык атылып,
Меккеге доо кетпесин.
Жетик болсо акылы,
Жерин кимдер тепсесин.





Ичтен чыгып душмандар,
Иши болду акмактын.
Идирек балдар жок болду,
Издеп кайдан тапмакмын.
Туйгузбай чыгып ич душман,
Тутантты отун чакмактын.
Тигилип турса кайгы жоо,
Тим эле кантип жатмакмын.

Уйку бузуп түндөсү,
Ууланып ок атылды.
Уюткулуу бул элге,
Уурданып ким катылды?

Түн жарымы болгондо,
Түтөтүп ок атылды.
Түктүү, түптүү бул элге,
Тийишип ким катылды?

Ушак эмес чын болду,
Уулуу чачма чачылды.
Уулдар өлүп ажалсыз,
Умачтай уйку ачылды.

Ойдон кеткис болду го,
Онунчу июнь түндөрү.
Октон жана союлдан,
Онтоп балдар үндөрү.

Түнкү он бир болгондо,
Түрүнүп билек ким чыкты?
Талкаланып ишкана,
Тарс деп мылтык үн чыкты.
Тилсиз жоодой күч алып,
Тирешүүнү курчутту.

Тополоңду токтотуп,
Тоолуктар келип тынчытты.

Менменсинип шерденип,
Мезгилсиз маалда ким чыкты?
Мейманкананы талкалап,
Мээлеп мылтык үн чыкты.
Мактанууга жөнүм жок,
«Майкөттөрдөн» чыр чыкты.
Мышыктай жойлоп келгенди,
Мыктылар келип тынчытты.

Кыяматта оңбосун,
Ким баштаса кыргынды.
Кучагы анын муз болуп,
Кучактап калсын «чынжырды».

Калаада бузуп тынчтыкты,
Кайкып учкан ок болду.
Канчалары дайынсыз,
Канчалары жок болду.

Каргашанын ээлерин,
Кармап соттор ким болот?,
Калыс чечим болбосо,
Кайдан элим тим болот.

Чатак баштап чагымчыл,
Чатка башын катты окшойт.
«Чоңдор» үч күн тим коюп,
Чоюлуп уктап жатты окшойт.

Күнөөсүз жандар өлүштү,
Күнөөлөйм кимди билбедим.
Күйпөлөктөмүш болушкан,
Күчү жок «чоңду» тилдедим.





Маселе башка жакта эле,
«Махаланы» ойлоду.
Эр азамат балдарды,
Эске алып койбоду.

Ыйман такыр болбосо,
Ынтымак кайдан жашасын.
Ымалашып дос болсоң,
Ыраак белди ашасын.

Акылга сыйбас иш болду,
Айталбай турам азасын.
Арадан чыккан арамдар,
Алар бекен жазасын.

Теңир сүйгөн элимдин,
Тең бөлүшөм азасын.
Тентиген кылды кылмышты,
Тергелбей алсын жазасын.

Ката кетсем кокустан,
Көпчүлүк түздөп оңдоп кой,
Корообуз бир, суубуз бир,
Колдон тартып колдоп кой.
Ооматтуу Ош жеринде,
Оюбуз бир оң деп кой.
Ортого чагым салганды,
Ойлон, эстүү бол деп кой.

Кызмат тийбей калгандар,
Кымкап жыйнап алгандар.
Кыянаттык кылбагын,
Кыйла менде арман бар.
Бийлик жетпей калгандар,

Байлык топтоп алгандар.
Баарын алдап келдиңер,
Бүт сөзүңдө жалган бар.

Айтсак эгер жарыя,
Алкымы чоң жандарды.
Араандары ач көздөй,
Ай ушундай жан барбы.

Тапкандарын бирөөнүн,
Талап жемей жагы бар.
Жалаяк ооз сыяктуу,
Жалап жемей жагы бар.

Тоону деле томкоруп,
Тоноп жемей жагы бар.
Соодаларын күчөтүп,
Солоп жемей жагы бар.

Көрсөтпөстөн билдирбей.
Катып жемей жагы бар.
Санааркатып өз элин,
Сатып жемей жагы бар.

Калпты айтпайт баары эле,
Карасы бар, агы бар.
Сүйө албас өз журтун,
Сүт курсактар дагы бар.

Чындап элин бага албас,
Чыт курсактар дагы бар.
Катаал турмуш кечирген,
Карт тарыхтын тагы бар.
Карышкырдай жеген көп,
Кайдан элдин багы бар.





Куржундарын толтуруп,
Көңүлдөрү ток жүрөт.
Кубандырбай өз элин,
Курсактары бок жүрөт.

Алган жары кайкалап,
Атырылып шок жүрөт.
Алааматты баштайм деп,
Артынан ээрчип ок жүрөт.

Тойгонуна маашыркап,
Тополоңу бар жүрөт.
Теңирге кызмат кылгансып,
Теңсинбестен шар жүрөт.

Кашайтып кара жаныңды,
Каңгып калган ит жүрөт.
Канталага кошулуп,
Канды соргон бит жүрөт.

Жаңжал элден чыкса деп,
Жазуусу бар кат жүрөт.
Жашынып бурчтан ок атып,
Жалданма макоо жат жүрөт.

Урпактарын Манастын,
Урмат кылам деп жүрөт.
Улуу тоонун кендерин,
Уурдап алып жеп жүрөт.

Элдин тоноп байлыгын,
Эрдемсинип бек жүрөт.
Эч нерседен коркпостон,
Эл акысын жеп жүрөт.

Калктын башын айлантып,
Калкым үчүн деп жүрөт.
Калпты айтып уялбай,
Карачы, калтырбастан жеп жүрөт.

Багам деп келип элимди,
Бакпай эле жүрүшөт.
Жалындатып очокко от ,
Жакпай эле жүрүшөт.

Көйгөй абдан көбөйдү,
Көрбөй эле жүрүшөт.
Көрүнүп турса азап күн,
Көрдөй эле жүрүшөт.

Кучак жайып башкалар,
Кубат болуп жүрүшөт.
Уурдап тоноп биздики,
Уят болуп жүрүшөт.

Канча өлкө башчысы,
Хандай болуп жүрүшөт.
Сагалап сурап биздики,
Сандай болуп жүрүшөт.

Тааныш өлкө башчысы,
Тамдай болуп жүрүшөт,
Калкын алдап биздики,
Камдай болуп жүрүшөт.

Шерик өлкө башчысы,
Шердей болуп жүрүшөт.
Жетеленип кээ бирөө,
Жердей болуп жүрүшөт.





Дөөпарас болбой башкалар,
Дөңдөй болуп жүрүшөт.
Көрөңгөсүз башчылар,
Көңдөй болуп жүрүшөт.

Кышын чет башчысы,
Кынап коюп жүрүшөт.
Шумдугуң кур биздики,
«Шыбап» коюп жүрүшөт.

Жамандарын сырт өлкө,
Жалдап коюп жүрүшөт.
Аз өлкөнүн башчысы,
Алдап коюп жүрүшөт.

Жараткан өзү баарына,
Жар деп коюп жүрүшөт.
Бардыгы бул өлкөдө,
Бар деп коюп жүрүшөт.
Бар болсо, анда элибиз,
Бактылуу өмүр сүрүшмөк.

Ынтымак барда ырыс бар,
Ынтымак жокто уруш бар.
Ыркыраша бергенде,
Ырас, тилде кылыч бар.

Улууларды тыңдасак,
Ушак сөздө жалган бар.
Урматка жетип, сый көрүп,
Улуунун тилин алган бар.

Каймана сөз сүйлөбөй,
Кадыр- баркка жеткен бар.

Каарда калып, түз жүрбөй,
Калкын таштап кеткен бар.

Ээленбестен иш кылып,
Эң бийикке жеткен бар.
Эски шымын жаңыртып,
Элден качып кеткен бар.

Чаң тополоң чыгарып,
Чардайып гана жаткан бар.
Табаасы канып аябай,
Дардайып гана жаткан бар.

Капчыгын ойлоп түгөнгүр,
Катардан бүгүн чыккан бар.
Кара түндү түшүргөн,
Кара мышык, чычкан бар.

Арам тамак сиңбестен,
Арабыздан чыккан бар.
Аралаган айылды,
Ала мышык, чычкан бар.

Каңырыгым көп түтөп,
Кара кагаз күйүт бар.
Кайгы күндү арылтар,
Калкымда чоң үмүт бар.

Эрегишип кан чыгып,
Эзилип жүрөк күйүт бар.
Эрдик кылат тынчтанып,
Элимде чын үмүт бар.

Ала салып кетпейин,
Ачуу айтып кебимди.





Акылы бар, ой тунук,
Аңдап көрсөм элимди.

Кемпир-Абад бир кезде,
Какыраган чөл болду.
Этек жагы Куршаптын,
Эң зыяндуу көл болду.

Узун түндү сак- сактап,
Уят болбой жаркыра.
Улуу тоодон ансыз да,
Учуп кеткен «Каркыра».

Амалкөйдүн максатын,
Акыр билип алышты.
Кууш-Үзөңгү саткандар,
Качыр минип калышты.

Эстен танса башчылар,
Элим өзү башкарат,
Эч ким кылбас жумушту,
Элим өзү аткарат.

Эрендерин, шерлерин,
Элим өзү курчутат.
Эч бир көнбөс «айбанды»,
Элим өзү тынчытат.

Эң керектүү мыйзамды,
Элим өзү чыгарат.
Эркке берип азыкты,
Элим өзү сугарат.

Эркиндиктин шооласын,
Элим өзү күтө алат.

Эчен жаман-жакшыга,
Элим өзү түтө алат.

Санаага түшүп кетпестен,
Сактай алат намысын.
Ачуу сөзгө алдырбай,
Айта алат калысын.

Көрөңгөсүн түгөтпөй,
Көрө алат алысын.
Кайратуу кыргыз элибиз,
Кантип эле талысын.

Бүтүм туура чыгарып,
Бүтөлүп кайра чыңалып.
Баасын берип кезинде,
Баатыр кылар шерлерин.
Биримдикке чакырабыз,
Бир атанын балдары,
Бүткүл кыргыз элдерин.

*2010-жыл, 15-Июнь,*
*Ош шаары*





## КАНАКЕ?

Үймөк кылып чөмөлө,
Үйгөн күндөр канаке?
Сүймөнчүктүү көлчүктү,
Сүйгөн күндөр канаке?

Өтүкчөн балчыктан,
Өткөн күндөр канаке?
Өтүмдүү сөз сүйлөп,
Өктөм күндөр канаке?

Көп эле сөз укпай,
Көпкөн күндөр канаке?
Өла десе көнбөстөн,
Өпкөн күндөр канаке?

Ат, эшекке чөп оруп,
Арткан күндөр канаке?
Таңды кооздоп сүрөткө,
Тарткан күндөр канаке?

Ат үстүндө саламды,
Берген күндөр канаке?
Кызгалдакты аралап,
Терген күндөр канаке?

Каада сөздү сүйлөгөн,
Карыялар канаке?
Жакшы жакка үндөгөн,
Жарыялар канаке?

Бактылуулук турбайбы,
Балалыгым канаке?

Чалгы чаап чөп оро албай,
Чалалыгым канаке?

Кара түндө ак чөлмөк,
Ойногонум канаке?
Жойломого Кароолдо,
Жойлогонум канаке?

Жыланайлак жамгырда,
Жыргаганым канаке?
Ышкырып коюп кой айдап,
Ырдаганым канаке?

Балпайган сакалчан,
Бабаларым канаке?
Акыл, кеңеш сөз айткан,
Абаларым канаке?

Ара - бөк болбостон,
Жүр дегендер канаке?
Эң бактылуу өмүрдү,
Сүр дегендер канаке?

Тагдырын элиңдин,
Айт дегендер канаке?
Каралаган жамандан,
Кайт дегендер канаке?

Кичи пейил болгонду,
Үйрөткөндөр канаке?
Арабасын өлкөнүн,
Сүйрөткөндөр канаке?

Ата Журтум эл деген,
Алп балдары канаке?





Заманanын тарыхы,
Залкарлары канаке?

Жыңалачты музейде,
Тескегендер канаке?
Улут салтын унутпай,
Эстегендер канаке?

Муңга салбай эл баккан,
Муундарың канаке?
Урматтаган улууну,
Уулдарың канаке?

Мурас болгон бабадан,
Үлүштөрүң канаке?
Бүркүт алып таптаган,
Мүнүшкөрүң канаке?

Ынтымактуу эл элек,
Ыймандары канаке?
Жыргал жашоо үчүн деп,
Жыйгандары канаке?

Элдики деп баарысын,
Жебегениң канаке?
Эркиндикке жеттик деп,
Эгемениң канаке?

Чек араны тосмолоп,
Чектегениң канаке?
Чектен өтүп келишсе,
Кет дегениң канаке?

Намыскөй эр жигит,
Нарктуулар канаке?

Баарын тескеп турушкан,
Барктуулар канаке?

Жооптуу кызматты,
Жүктөгөндөр канаке?
Бүлүк салса андайды,
Бүктөгөндөр канаке?

Түбөлүктүү өлкөнү,
Түптөгөндөр канаке?
Сүйүктүү өз журтун,
Сүттөгөндөр канаке?

Илимпоздор абдан көп,
Ачылышы канаке?
Эл аралык Новельге,
Жазылышы канаке?

Тарыхты изилдеп,
Тапкандары канаке?
Жалганчынын оздорун,
Жапкандары канаке?

Акыл санат сөздөрүн,
Айткандары канаке?
Каадалуу жашоого,
Кайткандары канаке?

Гүлдөтөм деп ант берип,
Гүлдөткөнү канаке?
Сүйлөтөм деп өз тилде,
Сүйлөткөнү канаке?

Бул жашоодо өтө чоң,
Бурулушу канаке?





Кубаттуу өлкөдөй,
Курулушу канаке?

Өз алдынча өлкөнүн,
Өзгөргөнү канаке?
Өнүккөндөр сабына,
Өткөргөнү канаке?

Бекем болгон достукка,
Белдешкендер канаке?
Кечээгини талкуулап,
Кел дешкендер канаке?

Одур ала жолдордун,
Оңолгону канаке?
Жонуп-жонуп жегендин,
Жоголгону канаке?

Алып баарын колуна,
Ант бергендер канаке?
Майлуу жерди жеп коюп,
Мант бергендер канаке?

Баары эле нааразы,
Басылганы канаке?
Жай турмушуң тарыхка,
Жазылганы канаке?

Салтту элдин түпкүсүн,
Сактагандар канаке?
Жаш адисти өстүрүп,
Жактагандар канаке?

Туура сөздү туура деп,
Айткандары канаке?

Коммунизм дооруна,
Кайткандары канаке?

Жалпы элге кызматта,
Жаккандары канаке?
Багууда эл өз жанын,
Баккандары канаке?

Жалаачыл оозун,
Жапкандары канаке?
«Таптаганды» ак үйдү,
Тапкандары канаке?

Эмгек,тынчтык,достукту,
Чыңдагандар канаке?
Элдик кары акылын,
Тыңдагандар канаке?

Туяктары алтындан,
Тулпарлары канаке?
Шуулдаган канаты,
Шумкарлары канаке?

Ата Журтту ойлогон,
Асыл жаны канаке?
Бакырчаактын үндөрү,
Басылганы канаке?

Өлкө болуп өзүнчө,
Өнүккөнү канаке?
Көркөм айтып кыргызча,
Көнүккөнү канаке?

Негизги тил өлкөдө,
Сүйлөгөнү канаке?





Мамлекет аябай,
Гүлдөгөнү канаке?

Демократ өлкөнүн,
Оңолгону канаке?
Тамырынан жегичтин,
Жоголгону канаке?

Тоноп өлкө байлыгын,
Тойгондору канаке?
Орду ордуна баардыгын,
Койгондору канаке?

Канаке деген суроо көп,
Карасаң далай азап бар.
Кайрадан болор жай турмуш
Калкымда бир чоң казат бар.

## ЖЕҢИШБЕКТЕН КАТ

Бактысы бирге акындар,
Баштоого сөздү акым бар.
Белгилүү Оштун жеринде,
Баркымды билер акын бар.
Жашырбай сырды кат жазсам,
Жүрөкө жүрөк жакындар.

Шаарында сенсин кыргыздын,
Шаарында менмин орустун.
Кашымда болсоң айтмакмын,
Күүсүнө салып комуздун.
Санаалаш акындарымды,
Сагынып жүрөк ооруттум.

Шамырбек ага мен эми,
Шашылбай ойду курайын.
Шербеттей ырды өзүңө,
Шааниси менен сунайын.
Адамдык парз, биринчи,
Ал - жайыңды сурайын.

Ак никеси буюрган,
Алганың эсен жатабы?
Байчечектей ачылган,
Балдарың эсен жатабы?
«Ден соолук - асыл байлык» дейт,
Дениң - кардың тазабы?

Ак калпак кийген эл кандай?
Ала Тоо асыл жер кандай?
Ак таңдай акын аталып,
Айтышта жүргөн сен кандай?
Кызыктын баарын көп эстеп,
Кусадар болдум мен барбай.

Токтогул өңдүү комузду,
Токтолбостон черттиңби?
Болбосо такыр кармабай,
Барпыдай болуп кеттиңби?
Чабалыраак төкмөнү,
«Чал куйруктай» тептиңби?

Мезгил ылдам, күн күлүк,
Мээнетин жандын билдирип.
Ырыскың ашып ташысын,
Ырдай бер элди күлдүрүп.
Ичимде дайым жакшылык,
Ишиңе каалайм ийгилик.





Сулайман - Тоосу турабы?
Султаны сымал ааламдын.
Ак Буура агып жатабы?
Арзуусун сезип адамдын.
Кыскасы, Ошум тынч бекен?
Күүлөрүн чертип замандын.

Ыза, кор болсо курган жан,
Ырларым менен дарылап.
Жеримде бакыт консо деп,
Жүрөмүн тилеп ар убак.
Ойлобосо эл-жерин
Ошондо адам жаңылат.

Билишимче байкасам,
Бир топ акын бар эле.
Жүгөндөп талант аларды,
Жүрүшөбү дагы эле.
Топ башында аксакал,
Тайырбектей кары эле.

Тайырбек акын артынан,
Таптадыбы тайларын?
Бапылдап ырдап жүрөбү?
Барпыдан үлгү алганын.
Айтпасам деле билерсин,
Аксакалдын салмагын.

Ырдагандан тайманбай,
Ысак аба ал кандай?
Тооруша калганга,
Тозоктун отун жайгандай.
Курчураак төгүп жүрөбү?
Капталга найза сайгандай.

Раазы кары-жашы да,
Рахматулла акынга.
Курсагындай өзү да,
Кадырлуу төкмө калкында.
Болпойгон бойдон жүргөндүр,
Балдары ээрчип артында.

Төкмөйүн сөздү айтпаган,
Токторбайды «таптаган».
Өзгөлөр калса унчукпай,
Өзүн кээде мактаган.
Абдубали аманбы,
Алды айтыштан качпаган?

Тоорулуп Жеңишбек,
Толкуп жүрөт деп айткын.
Абдукеңден «көп сүрдөп»,
«Коркуп» жүрөт деп айткын.
Иргелген миңдин биринен,
Акындыгын бек айткын.

Абдукеге жолуксаң,
Алоолоп оттой жангын де,
Кыргыздын жетпейт «чамасы»,
Казактарга баргын де.
Марага чыгып айтыштан,
«Мерседести» алгын де.

Баарынан эми, Шамыке,
Барганда билем кабарын.
Жеткичекти айтып кой,
Жеңишбектин саламын.
Тилеген ойго жеткенче,
Тилейли баштын аманын.





Токтобой Маскөө шаарына,
Токторбай келди деп уктум.
Узарды дебей сөзүмдү,
Укканымды сен уккун.
Үлгүлүү болуп башкага,
Үй салып алды деп уктум.

Кубанычтуу тамыңды,
Кут болсун деп айтайын.
Каалаганың кудайдан,
Бүт болсун деп айтайын.
Кылымдап кетпес төрүңдө,
Кут консун деп айтайын.

Жарың менен түбөлүк,
Бар болгун деп тилеймин.
Душман коркчу сөздөргө,
Бай болгун деп тилеймин.
Чаалыкпаган кемпирге,
Чал болгун деп тилеймин.

Чамаң жетсе, Шамыке,
Чарчабастан ырдагын.
Каршы турган тоскоолду,
Байкабастан ырдагын.
Кудай берген, кумардан,
Таркабастан ырдагын.

Өткүр болгун Калыктай,
Өктөм болгун Барпыдай.
Чалчаңдаган көпкөндү,
Чаап тургун камчыдай.
Чыгаан кайдан жаралат,
Чындык сөздү камтыбай.

Кичүү туруп улуура,
Акыл айтат дебегин.
Жүрөктөшсүң – акындан,
Жакыныраак дегеним.
Төкмөлүктүн калкыңа,
Желбиреткин желегин.

Жеңижок бабаң колдосун,
Эшмамбет, Токоң жолдосун.
Калкың үчүн сала бер,
Кызыл тилдин жоргосун.
Бут тоскондор бар болсо,
Бул турмушта оңбосун.

Мен болсо эми баягы,
Колунда комуз жарагы.
Жардамы тийген өмүрлөш,
Жанында сүйгөн «саягы».
«Саягы» десе, ким дебе,
Жумгалдан тапкан аялы.

Окуп билим алсам деп,
Ойлонуп жүргөн убагым.
Түбүнө бирок жете албай,
Толгонуп жүргөн убагым.
Тамаша десең сөзүмдү,
Токомдон өзүң сурагын.

Москвада акын жок,
Жалгызсырап жүрөмүн.
Токторбай акын келгени,
Узарып калды сүйлөмүм.
Бир жүрсөк дайым каткырып,
Бакыты ошол дүйнөнүн.





Мен жакта болсо жаңылык,
Орустун үнү жаңырып.
Шайлоо болот деп жатат,
Ельцинге эми таарынып.
Зюганов же Путинби,
Жүрүшөт билбейм камынып.

Кадырлуу төкмө болдуңуз,
Калкыңа атың билинген.
Азырынча билбеймин,
Жооп кат алам кимиңден.
Ушул кат болсун чоң салам,
Жеңишбек аттуу иниңден.

*2000-жыл 4-март*
*Москва шаары*

## ШАМЫРБЕКТЕН ЖООП

Жеңишбек, алдым катыңды,
Жетиндим угуп атыңды.
Узартпай кыска сурапсың,
Узакта калган калкыңды.
Унутпай эстеп жүрүшөт,
Урматтап акын даңкыңды.

Токторбай акын тапкан бейм,
Тоорулуп бирге жаткан бейм.
Токтобой сүйлөп, сөз бербей,
Тоо элден салам айткан бейм.
Дайрадай ташып көбүрүп,
Даңазалап анан кайткан бейм.

Токоңдун оор салмагы,
Татаал токтоп калмагы.
Илимде ыры каралбай,

Ичинде ирип каймагы.
Колго алса сүйүнмөк,
Кыргызстан аймагы.

Ал - жайды эми сурасак,
Ден соолук, окууң жакшыбы?
Күнүмдүк оокат тың болуп,
Күндөрүң өтүп жаттыбы?
Ала-Тооңо жетпеген,
«Тоо үйлөр» анан жактыбы?

Тааныдыңбы көп окуп.
Таланттын «алп пилдерин?»
Оозго алдыңбы үйрөнүп,
Орустун улуу тилдерин.
Иши кылса, Жеңишбек,
Илимдүү болуп иргелгин.

Алоолоп сүйүү оттору,
Алганың эсен жүрөбү?
Башка элде эс кирген,
Балдарың эсен жүрөбү?
Жеңижоктой болдубу,
Жеңишбектин жүрөгү?

Нарындын чоң суусундай,
Ташып турган жан элең.
Таймашта чалпоо акынды,
Басып турган бала элең.
Баарын нуска, так айткан,
Барпы акынча бар элең.

Теңир тоодой теңиңе,
Көрүнчү элең, Жеңишбек.
Туздуу болуп, жамгырдай,
Төгүлчү элең, Жеңишбек.





Тайбуурулдай жүгүрүп,
Бөлүнчү элең, Жеңишбек.

Өнөрүң өргө кеттиби?
Өзгө эл баркка жеттиби?
Орустан алган билимиң,
Өлбөстүн суусун септиби?
Таалимдеш түркүн улуттун,
Таланты таасир эттиби?

Москва деген Москва,
Көп улутка дос турат.
Көңүл сүйүп барганды,
Көрүштүрүп коштурат.
Сурапсың эңсеп, сагынып,
Ордунан жылбай Ош турат.

Сулайман-Тоо тартуулайт,
«Титаниктей» сулуулук.
Кетпесин деп тилеймин,
Айсбергге урунуп.
Айланасы көрктөнүп,
Айланма жол курулуп.

Элестетет ушул тоо,
Пайгамбар Нух кемесин.
Көтөрүп сүзүп жүргөнсүйт,
Чөктүрбөй жашоо «жебесин».
Өзүң да аңдап көрөрсүң,
Өлкөңө бир күн келесиң.

Албуутанып буурадай,
Ак- Буура суу агууда.
Сыр дайрага кошулуп,
Аралга дейре баруудa.

Ал жагын бирок биле албайм,
Арал кургап калууда.

Акындар өзүң билесиң,
Бөлүшөт ар ким азасын.
Ак Буура суусу жетпесе,
Аралың кайдан жашасын.
Бирок мен сага тилеймин,
Берметтей суунун тазасын.

Ал куруп асти ооруба,
Аралдай аздап соолуба.
Алла Таала жар болуп,
Ак жол айтсын жолуңа.
Атак алып жүрсүн деп,
Акындык берсин колуңа.

Ден соолукту сурапсың,
Ден соолугум жайында.
Сүйкүмдүү апа балдарга.
Сүйүп алган айым да.
Жашоого шарт шаарда жок,
Жашоодо алар айылда.

Ак калпак кыргыз элиңдин,
Ала - Тоо асыл жериңдин.
Абалын айтсам, аман - соо,
Айтканы менен теңирдин.
Саясат эле болбосо,
Сакталуу тоосу кениңдин.

Алтын тоолор көчкөн жок,
Көмүр тоо орду чөккөн жок.
Көйгөй сөз көп болууда,
Көп кен колдон өткөн жок.





Көңүлдөн өзүң билесин,
Калкыңа мээрим төккөн жок.

Бермети көлдүн- тереңи,
Теңир тооң сыйлуу белеги.
Түгөнбөс байлык жатса да,
«Түштүктүн» жоктой кереги.
Жараксыз болуп калууда,
Жетилсе да көп «тереги».

Эркиндик келди деген бар,
Элине жардам берген бар.
Эси жок кээси «музоосун»,
«Эмчексиз байга» телген бар.
Эмгектенбей, иштебей,
Элиңдин сүтүн эмген бар.

Дыйкандар азап тартууда,
Демөөрчү издеп «каңкууда».
Ат кош чиркеп кээ бирөө,
Эшекке туз жүк артууда.
Маңдай тер эмне экенин,
Үйрөнүп жатат калкым да.

Таласта, Чүй, Токмокто,
Биле албайм азыр кандайын.
Ончо эмес Ошто мен айтсам,
Оор өнөр жай жагдайын.
Мейличи, Кыргызстандын,
Тынчтыгы болсун ар дайым.

Кайсыл бирин айтайын,
Байыган байып кетишти.
Малып колун арамга,
Максатына жетишти.

Керзи өтүк эмес, кээ бирөө,
Кийип калды кепишти.

Өнөрүмдү сурасаң,
Өлтүрбөстөн талпындым.
Кыйындардын жанында,
Кыйла жыл, ооба, тартындым.
Эрмеги болдум эми мен,
Эңсеген кыргыз калкымдын.

Эсен болсок көрүшүп,
Эки беттен өбүшүп.
Ээрчишип бирге жүрөрбүз,
Эки ооз ырдан төгүшүп.
Жылдызыбыз келишсе,
Жыгылып, жыгып көнүшүп.

Тоодой болгон Токомдон,
Томуктай салам жолдопсуң.
Ашып-ташып сагынчың,
Акындарды колдопсуң.
Кимиңден жооп алам деп,
Күмөнсүнүп болжопсуң.

Бирибизди бирибиз,
Сыйлагандан бололу.
Ыркырашпай адептүү,
Ырдагандан бололу.
Жылуу сөздөп, күлүшүп,
Жыргагандан бололу.

Талас, Чүйдү, Нарынды,
Ысык - Көл, Баткен жагымды.
Жалал - Абад, Ош менен,
Бишкек борбор тагымды.





Ырдасак болот өчүрбөй,
Төкмөлүк улуу жалынды.

Тайырбек, Ысак, сезесиң,
Талантын элиң билгенин.
Бири улуу Барпыдай,
Бири өткүр тийгенин.
Билесиң алар – акындык,
Таажыны эбак кийгенин.

Ыр менен сурап жатасың,
Ыраазы жан бал татасың.
Жеңижоктон көп тилеп,
Ысакем берген батасын.
Урматтуу андай адамдар,
Узактан узак жашасын.

Рахматулла ак тилеги,
Райымдуу бизге жүрөгү.
Кудай бизди тапкан дейт,
Кучакташып жүрөлү.
Баарыбыз, иним, бар болуп,
Бактылуу өмүр сүрөлү.

«Төкмөйүн» сөздү айтпаган,
Төкмөнү таап «таптаган».
Тааныш агаң Абдуке,
Ташкентке көп каттаган.
Аракети күч болду,
Алымкул ырын жаттаган.

Тамашага Жеңишбек,
Тартып жүрөт деп айттым.
Талантыңа көз жоосун,
Артып жүрөт деп айттым.

«Кыраан куштан» бекинип,
Качып жүрөт деп айттым.

Көркөм сөздү айттырган,
Кудайыңа рахмат.
Дилден каалоо билдирген,
Дубайыңа рахмат.
Жарык берген чырактай,
Жубайыңа рахмат.

Агаңды эстеп калемди,
Алганыңа рахмат.
Акын күчүн дүрбөткөн,
«Жаңжалыңа» рахмат.
Жароокер жар, үй кутуң,
Жалжалыңа рахмат.

Токтогулду, Калыкты,
Женижокту, Барпыны.
Эшмамбетти туу тутуп,
Кубант депсиң калкымды.
Эчени бар мактанган,
Эл табат го даңкымды.

Адегенде Барпыча,
Колго комуз албадым.
Акын коломтосунда,
Алоолонуп жанбадым.
Ар кандай азап күн кечип,
Акыры комуз кармадым.

Кыйланы ойлоп эстедим,
Кечүүдөн оңой кечпедим.
Кеч келип төкмө төрүнө,
Мурдатан комуз чертпедим.





Муңканам колдоо, демөөр жок,
Мурадыма жетпедим.

Адамдын болот кыялы,
Артында калат туягы.
Атакка бир күн жетет го,
Адептүү адам уяңы.
Алдырып коюу эмне экен,
Аскага курган уяны.

Адамда өмүр кыска экен,
Асылы сөздүн нуска экен.
Ак мүнөз кең пейилдин,
Айткандары тышта экен.
Чырмооктой чырмаш заманда,
Чыгаандан чыгаан чыкса экен.

Көңүлгө төп толбоду,
Көп болду айтыш болбоду.
Оштун үч миң жылында,
Турат бейм айтыш болгону.
Чер жазып жүрөт Шамырбек,
Чертпей эле кер толгоону.
Таптасак да таттуусун,
Таап ырдын ачуусун.
Топтолсок көп ашарбыз,
Таланттын бийик ашуусун.

Үмүт бар колго аларсың,
Үйрөндүң чет эл жазуусун.
Төл сөз менен айтканда,
Төкмө акын, азуусуң.
Алла Таала бериптир,
Акындык зор белегин.
Ар ким өзү билгендей,

Айландырып «элегин».
Көтөрсөкпү же чогуу,
Төкмөлүктүн желегин.

Иши кылса, бил иним,
Илим жактап адам бол.
Ич дүйнөңдө болбосун,
Ич ооруткан жаман жол.
Түнүң бейпил, ыр ырдап,
Түбөлүкө аман бол.
Агаң Шамырбек.

*2000-жыл, апрель, Ош шаары.*

## АЙТЫШУУ

ТОКТОРБАЙ:
-Ээй,
Саламдашып алайын,
Залда турган эл менен.
Андан кийин ырдашам,
Шамырбек иним, сен менен.
Белди байлап чыгыпсын,
Айтышам деп мен менен.

Жаагымды керейин,
Жаңшап ырдап берейин.
Ээгимди керейин,
Эргип ырдап берейин.
Аябай ырдан төгөйүн,
Акындыгың көрөйүн.

Шашылбастан шар айтып,
Шакар сөздү чубалткын.
Ырдап сен да, Шамырбек,





Ушул элди кубанткын.
Мына айткын жол берем,
Быягын өзүң улантkын.

ШАМЫРБЕК:
Бактылуу жигит экенмин,
Финалда мен кошулдум.
Алты асый болгондо,
Тай кунанга кошулдуң.
Тактап айтып бериңиз,
Тарых жайын Ошумдун.
Сереңдетип мен жакка,
Сөөмөй менен кезебе.
Ыкыбалдуу баламын,
Ырдап келген мен деле.

Кадырлаймын абаке,
Келер күндү ойлогун.
Арстандык кылып кокустан,
Азыр чайнап койбогун.
Сыйлап улуу жашыңды,
Сизге жакшы ойдомун.
Арстан болсоң эгерде,
Алышып деле көрөйүн.
Баатыр болсоң элиңде,
Күрөшүп деле көрөйүн.
Манас болсоң маңдайда,
Тирешип деле көрөйүн.
Акын болсоң ак таңдай,
Айтышып мен көрөйүн.

ТОКТОРБАЙ:
Алтымыш ашып тай буурул,
Аябастан чаптым деп.
Менменсинбей айтууда,
Мендей акын таптым деп.

Акын мындай баланын,
Акыйкатын карагын.
Так Ошума келгин дейт,
Тарыхын айтып бергин дейт.

Ойлоп көрсөң эгерде,
Оштун терең тарыхы.
Олуя ата сыйынган,
Оголе көп жарыгы.

Суктана турган зоосу бар,
Сулаймандай тоосу бар.
Кадыр эсе жери бар,
Караан болор эли бар.
Билип алгын, Шамырбек,
Карыса да сен менен,
Тартышар мендей шери бар.

Тең күч болсо сынашам,
Тартып алган сөзүмө,
Таарынып сен кетпегин.
Түркүгүм бол түбөлүк,
Түбүмө сен жетпегин.

Күчүм жетет, алышам,
Кайрылып туруп салышам.
Тишим түшүп калса да,
Чайнашып туруп кагышам.

ШАМЫРБЕК:
Ар кыл жорго салдырбаң,
Ачуу сөзгө алдырбаң.
Манастай экен деп койсом,
Мардайгансып кеттиң го.
Даана айттың деп койсом,
Дардайгансып кеттиң го.





Мактап койсом, кичине,
Маңдайга бир тептиң го.
Маани берип турмушта,
Максатыңа жеттиң го.

Каруусуз менен алышпай,
Кайрылып келип салышпай.
Ачууланып албастан,
Азуу тишти салбастан.
Алтымышка келген соң,
Ардак жашты берген соң.
Азоо аттай болбостон,
Абайлаңыз баланы.
Ачууланса же арстан,
Ап деп чайнап салабы.
Андан көрө ага-ини,
Акыл сөздөн табалы.
Катардагы ырчыңдын,
Кандай экен жамагы?

Кырктын келип кырына,
Комуз кармап колума.
Ырас жүрөм кошулуп,
Ырчылардын тобуна.
Жаагың жанып сүйлөбө,
Жаш баланы тилдебе.
Бала болуп көргөнсүн,
Баатырсынган сен деле.

Көөнгө жаккан ыр болсо,
Кулак төшөп угайын.
Эс бол акын адамым,
Эң алгачкы кадамым,
Мен да ырдап турайын.
Санат акыл сөз болсо,
Сизде менин кулагым.

Баралыма келгенде,
Болор ырдар убагым.

Айта берсем эгерде,
Акындык бар сүрүңүз.
Таланты бар балдарды,
Тарбиялап жүрүңүз.

Айтпайын деп ашык сөз,
Айтар сөздү тактадым.
Алты асый болдуң деп,
Аябастан мактадым.
Кунан, тайлар көп жүрөт,
Көпкө кошуп таптагын.
Керексизи көп менен,
Керектүүнү сактагын.
Туура жолдон сен чыгып,
Тизгинимди какпагын.
Чыгып калсам күлүктөй,
Чылбырымдан тартпагын.
Баары бир сиздей адамды,
Барктагым келет, барктагым.

ТОКТОРБАЙ:
Ээй,
Айтканыңа кирейин,
Тилегиңди билейин.
Көөнгө жаккан сөз айтсаң,
Көөнгө кантип албайын.
Күлүк болуп баратсаң,
Кантип жолго салбайын.

Айтканыңда маани бар,
Абайласак баары бар.
Ага-ини эмне дейт,
Аңдап турган кары бар.





Чынчыл болсоң эгерде,
Чындык сөздү барктаймын.
Чыгаан болсоң, ырдай бер,
Чын суук көздү артпаймын.
Чыга бергин алдыга,
Чылбырыңдан тартпаймын.

Ойлоп көрсөм өзүңдү,
Оштон чыккан акынсың.
Баам салып карагын,
Базар жакка жакынсың.

Башка болуп өзгөрдү,
Байкап көрсөң заманды.
Барып көрдүң бекен сен,
Базардагы адамды.

Канча адам зарлаган,
Канчалары ыйлаган.
Билесиңби ал жерде,
Канчалар жан кыйнаган.

Көбү жүрөт билип кой,
Папирос сатып жан багып.
Кээси жүрөт аргасыз,
Самын сатып жан багып.

Ойго алып кетели,
Оор замандын жеткенин.
Эске алсаң сыздайсың,
Эне таштап баласын,
Эне - Сайга кеткенин.

Жаш балдарды көчөдөн,
Көрүп жүрөк чочуду.

- Өтүгүңдү майлайм – дейт,
- Өтө көп пул албайм – дейт,
Ол качан жүрүп окуду.

Айыл жактан келгенге,
Айтып бергин кебиңди.
Кымыз сатып жан баккан,
Кыйноодогу элиңди.
Оңдосом деп турмушту,
Оштон кеткен келинди.

Үйүн билбей алты айлап,
Үйдөн кеткен жигиттер.
Келечеги алардын,
Кандай болот билип көр.

Аябай жан кыйналып,
Алма сатат көтөрүп,
Зарыл экен чыдоодо,
Закта олтуруп жөтөлүп.
Ушуларды бир четтен,
Элге айтып өтөлүк.

ШАМЫРБЕК:
Көөнгө жакын аласың,
Көптү эске саласың.
Көйгөй жашоо келген соң,
Кайда качып барасың.
Кыйын күн башка келген соң,
Кимден жардам аласың?
Күнүмдүк аш тамакка,
Көчөдөн пул табасың.
Кыларга эч жумуш жок,
Көчөгө эгер чыкпасаң,
Кантип бала багасың?





Көбү кетсе соодага,
Кейип турат жаныңыз.
Кандай жашоо болот деп,
Кайнап сиздин каныңыз.

Эми көңүл бөлөрбүз,
Эсен болсок көрөрбүз.
Эчен жерге барарбыз,
Элден кабар аларбыз.
Эч чарчабай аралап,
Эске көбүн саларбыз.
Эсил кайран СССР,
Отун эми жакпастан,
Элдин отун жагарбыз.
Эргип кетсек, акындар,
Электеп ыр табарбыз.
Эмчи-домчу болбостон,
Эл ичинде каларбыз.

Келиндерге кейибең,
Жообун өзү табат го.
Күйөөсүнүн көңүлүн,
Катарынан алат го.
Көйгөйлөрдү жеңбесе,
Көчөдө чын калат го.

Балким, ошол келиндер,
Соодалап пул табышат.
Үйдө калган «балдарга»,
Өп-чап тамак алышат,
Эмне кылсын, жумуш жок,
Эптеп жанды багышат.
Бала-чака баксак деп,
Базарда буюм жайышат.

Аларды кордоп ырдаба,
Кабыргам жаман кайышат.

ТОКТОРБАЙ:
Ээй,
Өткүлөң сөздү билбепсин,
Көңүлүңө илбепсин.
Катаал заман аябай,
Кордоп жатат элиңди.
Тентек балдар барктабай,
Тепсеп жатат жериңди.
Сыпайы сөз айтпастан,
Сындырууда белиңди.

Эмгектенип заводдо,
Эмгек акы алалбай.
Ээрчип кеткен дагы бар,
Эптеп жанын багалбай.
Арман кылган андан көп,
Айылга үй салалбай.
Алтай жакка кеткен бар,
Айлык тыйын табалбай.

Көр тирилик өтүүдө,
Көрүнгөн жакка барышып.
Кытай, орус чегинде,
Колдор тоңуп карышып.

Көрдүм бүгүн бирөөнү,
Тоодон келген бала экен.
- Отуз самын сатам – дейт,
Кырк сом таап жатам – дейт.
Он сом пайда калганын,
Сборщиги алат, – дейт,
Налокчусу алат, – дейт.
Эми өзүмө, абаке,





Эки сом зорго калат, - дейт.
Ушинтип жүрүп туугандар,
Бала-чака багат, - дейт.

ШАМЫРБЕК:
Тизмегинен биз айтсак,
Турмуш жайын кыргыздын.
Кыйналганы бүт элдин,
Кыйналганы бир кыздын.
Койчу деги карачы,
Эмне болуп баратат?
Эли, журту кыргыздын.

Өткөөл заман ушундай,
Эске аны алалы.
Катаал күндүн келгенин,
Кантип айтпай калалы.
Ооба салык салат дейт,
Ондон топтоп алат дейт.
Бурулуп артка кылчайып,
Бул жагын, Током, ойлойбу.
Бюджеттин чөнтөгү,
Дал ошентип толбойбу.
Эки жагын экөөбүз,
Эстеп бирдей ойлойлу.
Көпчүлүктүн көзүнчө,
Көпкө ырдап чойбойлу.
Калк жашаган төрлөрдү,
Касиеттүү жерлерди.
Кайра-кайра биз сындап,
Какыратып койбойлу.
Кудай берсе өмүрдү,
Кучакташып ойнойлу.
Кадырлап ырдап заманды,
Калк ичинде тойлойлу.
Болуп жылуу мамиле,

Жай чилдеде тоңбойлу.
Кыйылып сен көп айттың,
Кыйын заман деп айттың.
Кыраандар бүт топтолуп,
Кыйналсак биз оңдойлу.
Жаман жашоо келатса,
Жолун бууп торгойлу.
Алда кандай күн болот,
Ата - Журтту коргойлу.

Зарылдыкты бөктөрүп,
Заман кетти өзгөрүп.
Санаа тартып көп айттың,
Самын сатат деп айттың.
Ойлоп көрсөң, Токторбай,
Болуп өткөн жокчулук.
Айткан менен аңдасак,
Азыр бизде токчулук.
Жаман айтып сындасаң,
Журтту кайдан табасын?
О дүйнөгө че ырдайлы,
Оштун таза абасын.

Ыр ырдашып сиз менен,
Ырга келип кошулдум.
Үч миңинчи жылында,
Байыркы шаар Ошумдун.

Кокуй күн деп калбастан,
Колго баарын алалы.
Кыйынчылык мезгилде,
Турмуш жолун табалы.
Кыргын болбой, Азаттык,
Коңгуроосун кагалы.





Кризизке өлкөбүз,
Учурап турган убагы.
Тоолук сүрдүү элибиз,
Тынчыраак турган убагы.
Тажикстан тарапта,
Козголоң болгон убагы.
Авганстанда деле,
Тополоң болгон убагы.

Теңир колдоп ордо Ош,
Тынч болгонго сүйүнөм.
Элибиз бакса өз жанын,
Эмне үчүн бүлүнөм.
Коммерсант чыкса эмне экен,
Кыргызстан үйүнөн.
Жалган айтып иш кылбай,
Жүргөндөрдөн түңүлөм.

ТОКТОРБАЙ:
Ээй,
Баам салып баарына,
Баштагыны ойлогон.
Согуш жылы мынчалык,
Кыйынчылык болбогон.

Баарын айтып кеттиң ээ,
Бүгүн көөнүң табам деп.
Салыкчыга кошулуп,
Салык кошо алам деп.
Ойго келсе олтурбай,
Ош, Бишкекке барам деп.
Жетелеп алып келинди,
Коммерсант болуп алам деп.

Токтолбостон мактандың,
Турмуш менен актандың.

Карап көрсөң, баам салып,
Кандай бүгүн элибиз?
Кымбаттады ун, кийим,
Кыйналууда элибиз.
Майдаланып бөлүндү,
Малыбыз менен жерибиз.
Олтуруп калбай очоюп,
Ойлонолу эми биз.

Тытып жеп түгөттүк,
Тыбыт жүндүү коюнду.
Сонун үйдү курду эле,
Союз деген жоюлду.

Курулуштар бузулуп,
Кирпичтери алынды.
Канча кубтап топтолуп,
Карагайлар жагылды.

Ойлоп көрсөм, эми мен,
Ошонун баарын табалбай.
Оштон көбү кетишти,
Оордоп жанын багалбай.

Кандай айла кылсак деп,
Коммерсанттык кылсак деп.
Эптеп акча тапсак деп,
Эптеп жанды баксак деп.
Эгер соода болбосо,
Элге кайра кайтсак деп.
Эми эмне болот деп,
Эл турмушун айтсак деп.

Кара Кулжа, Алайдан,
Келип турат Ошуңа.





Жаман болду жалпыга,
Жардам бербейт кошуна.

Чын айтасын иничек,
Чыңгызымдын эли деп.
Кымбат баалуу кийинтип,
Кыйналбаган жери деп.

Андан көрө аябай,
Акыйкатың салсаңчы.
Эмне күнгө туш болот,
Элден кабар алсаңчы.

Жаман болду адамга,
Жакырчылык заманда.
Бакылдабай бул жерде,
Базар жакка барсаңчы.
Тоюмчулук күндөр жок,
Топту барып жарсаңчы.

Көпчүлүктүн турмушун,
Көзүң менен көрсөңчү.
Жакын барып жанына,
Жакшы көңүл бөлсөңчү.
Таарынбагын, иним, сен,
Тартып алган сөзүмө.
Жандап айтып кеттим го,
Жакшы гапти өзүңө.

Кыял болсо бөлөрбүз,
Кыйла айтышып көрөрбүз.
Экөөбүз тең бир чыктык,
Карап турсаң сен алып,
Же болбосо мен алып.
Экөөбүздүн ортодо,

Ала турган нерсе жок,
Ага-ини кур калып.

Ошондуктан кубанткын,
Ортодогу элиңди.
Шамырбек иним, айтып өт,
Шекер ширин кебиңди.
Кызыгып ой бөлүшкөн,
Жамгыр ырын төгүшкөн.
Ошол акын элесиң,
Оштон сени көрүшкөн.

ШАМЫРБЕК:
Айта берсек, баары бар,
Ар замандын каары бар.
Акыл жетип иш кылган,
Адамдардын заары бар.
Жүрөксүнбөй балбандын,
Жүрөгүндө жалы бар.
Жарык күндө жашоодо,
Жакшы-жаман жагы бар.
Ата-энени сыйласак,
Ар - ар кимдин багы бар.
Айткандарды билбесе,
Арман ичте дагы бар.
Акылмандар тек айтпайт,
Айткан сөздө маани бар.

Баардык жерде жеңиш бар,
Балбандарда эңиш бар.
Үмүт менен иштесе,
Үзүп алар жемиш бар.
Баарын туура аткарсаң,
Барган жерде бейиш бар.
Азыр жашоо жакыр деп,
Айтканыңда кейиш бар.





Мага, сага бөлүндү,
Малыбыз менен жерибиз.
Самынды коё калыңыз,
Сатылууда кенибиз.

Кызарып күн баткандай,
Кыярып таң аткандай.
Кыйла жагын байкапсыз,
Кыйналып эл жаткандай.

Акыйкатка сал дейсиң,
Айылдан кабар ал дейсиң.
Айткан болсоң, абаке,
Ага арга канаке?

Акыйкатты салайын,
Айылдан кабар алайын.
Аңкылдаган абаке,
Абалым туура келбесе,
Айылды кантип багайын.

Бакылдабай бул жерде,
Базар жакка бар дейсиң.
Базардагы элиңден,
Барып кабар ал дейсиң.
Бакылдаган абаке,
Базар жакка барайын.
Баары жүрсө багылбай,
Барып кабар алайын.
Бага турган менмин деп,
Бирден бирке тагайын.
Багууга чама жок болсо,
Баарын кантип багайын.
Бакпасам да баардыгын,

Суроо салып агайым.
Баарлашып ырдашкан,
Бар экен менин таалайым.
Жакшы суроо салайын,
Жообун бүгүн алайын.
Өлбөс ырың бар болсо,
Өзүм алып калайын.

Кара суудай каптайсың,
Калемпир сөз таппайсың.
Катаал заман келсе эгер,
Калкты сен да бакпайсың.

Кайрылып көр өткөнгө,
Коммерсанттар бар беле?
Кенен болбой көчөлөр,
Кичирейип тар беле.
Жаштык курак кайрылгыс,
Жалын оттуу таң беле?
Жандап турган сулуулар,
Жан эргиткен жан беле.

Жорго сөзүң карасам,
Жондон ашып кеткендей.
Калпып алган сөздөрүң,
Кадыр - баркка жеткендей.

Өзгөчө өөн учурайт,
Өлкөдө бүгүн «өрт» десем.
Кандай болот мен кайрып,
Комузумду чертпесем.
Уят сөздү айтпаймын,
Улуумун деп чектесең.
Өжөрлөнбөй айтып бер,
Өткөн күндү эстесең.





ТОКТОРБАЙ:
Ээй,
Арак ичпей бул жигит,
Ачуусунан жегенби.
Чык, калемпир оозуман,
Чыкпай калат дегенби.

Баамдап салсам кулакты,
Баары жокту сурадың.
Кандай болгон элиң деп,
Кеткен күндү сурадың.

Он үч сомго албаган,
Ундар турган дүкөндө.
Керектүүнүн баардыгы,
Кенен болгон сүкөндө.

Курттап кеткен печени,
Албай коюп адамың.
Жакшы эле ал кезде,
Жыргал болгон заманың.

Келин-кыздар шаңкылдап,
Күлүп жүргөн замана.
Сонун доорду ал кезде,
Сүрүп жүргөн замана.

Билбегениң айтайын,
Кыйындыктан эч нерсе.
Түркүн буюм эң арзан,
Тизилип турган ал кезде.

Көрүнгөн жерде сатпаган,
Кампаларда сактаган.
Терезеси сырдалып,
Дүкөндөрүн актаган.

Таанышыма берем деп,
Дүр - дүнүйө катпаган.
Көбүрөөк ичип арактых,
Көчөлөрдө жатпаган.

Баятан бери сурайсың,
Айтып берем өзүңө.
Кадырлашкан адамдар,
Кулак салгын сөзүмө.

Сыртта турса чачылып,
Уурдап эч ким албаган.
Буюмдарды азыр ээ,
Бекитинип камдаган.
Бирөө да мына ошондо,
Прилавкада калбаган.

Бош турат азыр магазин,
Барбайт эч ким ичине.
Таттуу алам деп барсаң,
Табалбайсың кичине.

«Тойбогондор» калтырбай,
Тоноп талап алабы.
Келечеги кыргыздын,
Кыйын күндө калабы.

Көңүлүңдү сен буруп,
Кулак салдың сөзүмө.
Аз да болсо өткөндөн,
Айтып бердим өзүңө.

Алып баруучу шыбырап,
Айтып жатат болгун деп.
Тосо албайбыз жолуңду,
Токтотуп ырды койгун деп.





Чарчабастан сен менен,
Чабыша берсең чабышам.
Тайбуурулду чапкандай,
Таң атканча алышам.
Алыс жолго талбаган,
Аккуладай жарышам.

Күчтүү болсоң эгерде,
Күчүм жетет өзүңө.
Сөзмөр болсоң сөөлөттүү,
Сөзүм жетет сөзүңө.
Көзүм жетет курч экен,
Карап турган көзүңө.

Жаалданып сөз айтып,
Жаман жолго барбайын.
Көңүлүңдү чөгөрүп,
Капа кылып албайын.
Кайрылып мен өзүңө,
Катуу жаңжал салбайын.

Калжык сөздү айтпаган,
Калыс жигит экенсиң,
Анык айтсам жамандан,
Алыс жигит экенсиң.

Кадырың бар, баркың бар,
Каарыма албайын.
Каадалуу ыр ырдасаң,
Кантип эле жалмайын.
Ишим такыр жок эле,
Илим жактан маңдайым.
Ини-ага бололу,
Иничек биз ар дайым.

ШАМЫРБЕК:
Өткөн күндү сурасам,
Даана айтып бердиңиз.
Жайдарылана баарысын,
Жана айтып бердиңиз.
Сөзмөр ырчы экенсиз,
Сөздүн гүлүн тердиңиз.
Эргип кетип күүлөнүп,
Ээкти абдан кердиңиз.
Эски элдин турмушун,
Элге айтып бердиңиз.
Эбин тапса болот деп,
Эки ооз сөз тердиңиз.
Эсил кайран СССР,
Эстеп айтып бердиңиз.
Жаакты абдан кердиңиз,
Жаңшап ырдап бердиңиз.
Жалпы элди кубантып,
Жакшы айтып бердиңиз.

Тай, кунанга кошулуп,
Тайбуурулду чаптыңыз.
Дарыгердей шыпаалуу,
Даана сөздү таптыңыз.
Алысыраак жолдорго,
Ак Куланы айдайсыз.
Айтышканы келгенди,
Алеки саатта жайлайсыз.
Алсыз тайды, кунанды,
Акырларга байлайсыз.

Катуу каарга албаңыз,
Катуу жаңжал салбаңыз.
Кайыгы жок калактай,
Каңгып жалгыз калбаңыз.





Кадырыңды билейин,
Катар басып жүрөйүн.
Кошо ырдап ээрчишип,
Каткырайын, күлөйүн.

Улууларды илгертен,
Сыйлап келген салт экен.
Урмат менен сүйлөгөн,
Улуу кыргыз калк экен.

Катардагы балдарды,
Колдогондон болуңуз.
Жолдон чыкса, түз жолго,
Жолдогондон болуңуз.
Бийиктикке аттандык,
Бирге болсун жолубуз.
Учур келди айтарга,
Узак жашка толуңуз.

Ууртуңуз көбүрүп,
Узак сөз ооба бар болду.
Узартып аны айтууга,
Убактыбыз тар болду.
Урап түшүп бир четтен,
Уй, койкана кар болду.
Түтөп күйгөн элине,
Токторбайдай бар бекен.
Топто жүргөн Токобуз,
Тоодой бойдон калса экен.
Топураган жаш балдар,
Таалим сөзүн алса экен.

Бул турмушта жашоодо,
Болбосун эч арманың.
Жерге такыр таштабайт,

Жетик тааныш балдарың.
Курдук, Токо, тамаша,
Кудай билсин калганын.

Жаш күнүңдөй буралып,
Жайнап жүргөн экенсиң.
Бакка конгон булбулдай,
Сайрап жүргөн экенсиң.
Айтышканы келгенди,
Айдап жүргөн экенсиң.
Алтымыштан ашсаң да,
Айтар сөздү элиңе,
Камдап жүргөн экенсиң.
Бүтпөс ырды белиңе,
Байлап жүргөн экенсиң.
Арзуу ырды жериңе,
Арнап жүргөн экенсиң.
Айтыш болду, ыр курдук,
Аз да болсо тамаша.
Ар дайым бир бололу,
Ага-инидей жанаша.

## БАР БОЛОЛУ

Борбор шаар бульварын,
Аралай көп бастым.
Эргүү таап сезимден,
Бир чакан ыр жаздым.

Борборум жашыл кооз,
Сүйүүмө ортоктош.
Анын сулуулугун,
Айтпай коюу болбос.

Үйлөр кабат-кабат,
Көрсөң бийик жатат.





Көчө жашылданып,
Көркү чыгып барат.

Кечээги купкуу чөл,
Бүгүнкү көрктүү мөл.
Асмандан карасаң,
Тек жаткан сулуу көл.

Карап көзүң талбайт,
Суктана миң карайт.
Көрбөй калгандар да,
Көрүүнү көп самайт.

Күндө эмес, саат сайын,
Күткөнүм келип көр.
Калаам кооз ушундай,
Мейманды күтөт төр.

Дүйнөдөгү эң жаш,
Борборум кең шаар.
Бир кезде көп адам,
Жолдомо алышар.

Фрунзеге келгени,
Күтүп кыргыз эли.
Көңүлдүүрөөк болуп,
Анын алган деми.

Сары - Челек, Көлдү,
Ыр Кетмен - Төбөнү.
Өзгөн, Жалпак Ташын,
Барышар көргөнү.

Таң атса керемет,
Таза аба жутасын.
Мактап кетишээр,
Мазар Султан Супасын.

Ала-Тоо, Нарынды,
Кең Талас жагымды.
Аралай басышар,
Чүй деген айлымды.

Бүгүн кыргыз жери,
Кең пейил аз эли.
Дүмүрлүү өсүүдө,
Кубаттанып тез деми.

Ала Тоо ичинде,
Бир шаар бар кичине.
Уз сайган саймадай,
Көрүнөт кишиге.

Бул - менин Мекеним,
Жашыл шаар экенин.
Айтып бүт дүйнөгө,
Мактанып кетемин.

Арстанбап койнунда,
Жемиш да колумда.
Күтүрөгөн төрт түлүк,
Суусамыр тоомунда.

Мөмөсү ийилген,
Кыз кымкап кийинген.
Каректи талдырат,
Жаңылбасам тилимен.

Түштүктүн талаасы,
Майдан от карачы.
Шабдалы эзилип,
Кызарып алмасы.





Терип ак пахтасын,
Керектеди канчасын.
Келе бер, чет элдик,
Айтып дагы башкасын.

Карап турган баарысын,
Карысы бар, жашы бар.
Катырылган байлыгы,
Карынбайдын ташы бар.

Күтөт сени, Фрунзем,
Күнөстүү гүл жергем.
Каалаcaң дарбызын,
Коон, жүзүм үзүп берем.

Шаар өскөн калбастан,
Гүлдөп ар тараптан.
Ырдайм да шаарымды,
Дүңгүрөп бараткан.

Чыңгыз бар Таластан,
Кем калбайт «Манастан».
Таанылып дүйнөгө,
Ээрчишип бараткан.

Океан – ыр Манас,
Андай эч жазылбас.
«Манастай» үч илтик,
Дүйнөлүк чоң мурас.

Талантты адамга,
Таанытkan ааламга.
Ыраазы боломун,
Бактылуу заманга.

Көп роман жазылды,
Түгөлбай таанылды.
Негиз салган жазуума,
Айтамын аалымды.

Санжыра ыр жазган,
Баласагын табылды.
Бирок бул жашообуз,
Тар кылымга кабылды.

Эркин кең дүйнөнү,
«Ядролор» чүмкөдү.
Тынчтыкты адамда,
Талашуу бүтпөдү.

Кыргызстандыктардын,
Каңырыгы түтөдү:
- Болбосун урушуу,
Жөн тек кырышуу.
Коркунуч туудурган,
Бүтөбү ызы-чуу.

Даяр го батышта,
Согушту ачышка.
Күч сынай албайсың,
Азыркы чабышта.
Тирүүлүк, чынында,
Бир эли, карышта.

Бомбаны жардыруу,
Жерден керек алдыруу,
Алардын ордуна,
Имарат салдыруу.
Ким келсин көргүсү,
Тагдырды кайгылуу.





Бүшүркөө жок болсун,
Ок - дары токтолсун.
Казанда аш бышып,
Очокто от болсун.
Шайыр күлүп энеке,
Бөбөк жеп боткосун.

Тирүүлүк өлбөсүн,
Аны ок көмбөсүн.
Ак таңы жашоонун,
Түбөлүккө өчпөсүн.
Көптөгөн кылымга,
Жер өлүү өтпөсүн.

Акындар көп жолу,
Тынчтыкка кол койду.
-Урушка жол жок! - деп,
Жазышты томдорду.
Бүтөшүп ыр менен,
Ядролук жолдорду.

Кыйкырышты:-Ук!-деп,
-Дүйнө ууга жык! – деп.
Апааттан ааламды,
Коргогону чык! - деп.
Жаңылсак эгерде,
Тирүүлүк быт-чыт! - деп.

Же акын жүрөгү,
Тек ыйлап жүрөбү.
Согуштун каарына,
Коё албай күбөөнү.
Шектенүү апааттан,
Жок кыла жүрөлү.
Жок болсо Жер Эне,
Болот ким күнөөлүү?

Эки миң келээрде,
Күйбөйлү бекерге.
Кол сермеп ынтымак,
Гүл заманга жетерде.
Артта калсын жакшы сөз,
Аркы дүйнө кетерде.

Бар эки саясат,
Бири тынч баратат.
Жалаа жаап бирөөсү,
Жалган ушак таратат.
Жакшы, жаман бар тура,
Жашоону биз карасак.

Бирөөсү элдики,
Беркиси Сэрдики.
Боло албай ак дос,
Тартышып келдикпи.
Же жеңип Сэрди,
Достука ант бердикпи.

Ноктолосун согушту,
Тынчтыктын ноктосу.
Тирүүлүктүн түк өчпөс,
Улансын жашоосу.
Көрө албас адамдын,
Болбосун макоосу.
Жашоонун – Тынчтык,
Болсунчу Актоочу.

Биригип бүткүл эл,
Ынтымак жашап кел.
Туш болбой түтүнгө,
Мээлимдүү соккон жел.
Эртеңди ойлойлу,
Адам уулу бол, кел!





Кубанткан нечени,
Жакшы күн кечээги.
Ачып көз согушуу,
Көккө сүү кетеби.
Апаат күндү токтотууга,
Адам күчү жетеби.

Жаратылыш биздики,
Биздики эмей кимдики?
Ууланып турганын,
Кечигип же билдикпи!
Суу алдында бекинип,
Бомба деген чекилик.
Өкүнүп оо жүрбөйлү,
Көп чоңката кетирип.

Европа элинде,
Жетишпейт дейм эмине.
Ызы-чуусу басылбайт,
Кулак салсаң кебине.
Кантип барат адамзат,
Ээ боло албай жерине?

Жүргөн болсок кубанып,
Калганбы жер ууланып.
Атом, Бомба, Першингдер,
Коркунучка буланып.
Кой, аларды жок кылып,
Тынч жашоого туналык.

Түндүгү жаткан муз,
Түштүгү учкан куш.
Чыгышы бүт арал,
Батышы «каткан муш».
Үй тутуп жер огун,

Жашасын гүл турмуш.
Адамга керектүү,
Көбөйүп курулуш.

Эркиндик таңынан,
Элдин багы табылган.
Капкараңгы үйлөргө,
Тынчтык шамы жагылган.
Жашап келет бактылуу,
Көпчүлүк эл агылган.

Пенденин курч акылы,
Бүт дүйнөгө татыды.
Бириктирип бир жерге,
Биримдиктүү калкымды.
Бирок «бомба» жарылып,
Билбей жүрөм атымды.

Жок болсо бомба аттиң ай,
Көңүлүм тынч жаттымда ай.
Жакшы күндөр болсун деп,
Санаага көп баттым да ай.
Жашасынчы бүткүл эл,
Жайдары мүнөз калкымдай.

Кыргыз калкым кең пейил,
Иштерман ал эң жеңил.
Чакырат дан талаасы,
Түйшүктөнүп сен эңил.
Кантсе дагы турмуштун,
Оор кайгысын жеңе бил.

Болбосо да сабаты,
Ооздо айтып Манасты.
Бар өзүнүн жазуусу,
Мына бүгүн карачы.





Радио үн тараган,
Жаңырып тоо арасы.

Ар бир кыргыз билимдүү,
Жактап көбү илимди.
Оо мурунку жок кыргыз,
Бүт дүйнөгө билинди.
Айтматов Чынгыз бар,
Айтам дагы кимимди.

Гүлдөп турган убагы,
Бийик тоомдун турагы.
Суусу тунук таптаза,
Оргуп агып булагы.
Эркин басып, ээн жатып,
Тоодо эчки, улагы.

Майин өскөн тулаң чөп,
Ала Тоомду көркөмдөп.
Эң кооз жер экен деп,
Суктанышып өткөн көп.
Бирок кейийм абыдан,
Көлүм барат төмөндөп.

Ысык-Көлдүн боюнда,
Ыр жаралып оюнда.
Жүргөн экен Алыкул,
Турмуштун оор коомунда.
Өзү менен сүйлөшүп,
Китеп түшпөй колунда.

Өйдө-төмөн жүрүшү,
Көлүм сонун күмүшпү.
Эс алганы нечен жан,
Жээгин бойлой жүрүштү.

Кытыгылап толкуну,
Сууга чумуп күлүштү.

Айтпасам да баарын,
Айтам көл тагдырын.
Булгабай көк суусун,
Кийинкиге калтыргын.
Кийинкини билесиң,
Алар сенин уул-кызың.

Жашайын деп Көл дагы,
Билбеди эч талганды.
Бирок абдан кейитет,
Бүгүн соолуп барганы.
Келчи, ойлоп тагдырын,
Айла, арга табалы.

Арык оңой чабылбайт,
Ыр да жеңил жазылбайт.
Жаңы болгон табылга,
Аалам да тек багынбайт.
Жүрөк, боору таш адам,
Жерин, элин сагынбайт.

Адамзат коомунда,
Тирүү жүргөн сонун да.
Жерди кантип өрттөйсүң,
Бийлик туруп колуңда.
Бар болгула ар дайым,
Тынчтык күндүн доорунда.

Планеттер ичинде,
Жер шар бар кичине.
Уз сайган саймадай,
Көрүнөт кишиге.





Кабылбасын эч качан,
Канкор согуш «тишине».

Чогу өчпөй оттуктун,
Саны болбойт боштуктун.
Кылар бекен кызматын,
Жазган ыры Оштуктун.
Турсун туусу желбиреп,
ТЫНЧТЫКТЫН, ДОСТУКТУН!

*1987-жыл июнь,*
*Фрунзе шаары*

## ... МЕНЕН

Кызматта кээ бирөө,
Кур кыйкырык дайын жок.
Каары заарын чачса,
Каттоого кайын жок.
Карагай турганда,
Катарда кайың жок.
Кашкайта чын айтса,
Карап көр эч айың жок:

Көрөгөч көзү менен,
Чечен сөзү менен.
Талаа түзү менен,
Табигат күзү менен.
Саздак сызы менен,
Сөйкө кызы менен.
Жеңе назы менен,
Жеңил азы менен.
Даам тузу менен,
Чебер узу менен.
Көп жан бизи менен,
Кадыр сый сизи менен.

Кылыч мизи менен,
Түшүнбөсөң жүрүп кал,
Кумурска изи менен.

Суу сай ташы менен,
Сулуу кашы менен.
Сопусунуп кээ кээде,
Соргок ашы менен.
Ыза ичте калса да,
Ый, муң жашы менен.
Уйку жалкоо менен,
Ракмат алкоо менен.
Түн тынчтык менен,
Жаштык курчтук менен.
Толкун шарпа менен,
Сулу арпа менен.

Суу балык менен,
Пайда салык менен.
Чын дос ант менен,
Калп дос мант менен.
Береке кут менен,
Ачкалык жут менен.
Журт эли менен,
Жамбаш бели менен.
Кыз себи менен,
Кылык эби менен.
Күйүт арман менен,
Күчтүү дарман менен.

Гүл бүрү менен,
Баатыр сүрү менен.
Азил теңи менен,
Тоолор кени менен.
Аалам адам менен,
Арым кадам менен.
Кылыч кыны менен,





Келин сыны менен.
Казак чөлү менен,
Кыргыз көлү менен.
Куш боосу менен,
Тоо зоосу менен.
Сый ызат менен,
Кордук тузак менен.

Ит үргөн менен,
Кербен жүргөн менен.
Күлүк така менен,
Кийим жака менен.
Жандык жайлоо менен,
Аңдуу пайлоо менен.
Өлүм ыйы менен,
Урмат сыйы менен.
Кары сакал менен,
Санат макал менен.
Бороон шамал менен,
Алдоо амал менен.

Уйлар сайгак менен,
Сүрөө айгак менен.
Санак эсеп менен,
Тартип кезек менен.
Жалган калпы менен,
Баатыр алпы менен.

Жер тоосу менен,
Тоо коосу менен.
Өкүм жаза менен,
Кайгы аза менен.
Тентек шогу менен,
Жарды жогу менен.
Максат үмүт менен,
Шайлоо үгүт менен.

Суусар тери менен,
Катын эри менен.
Кыш суугу менен,
Кереге уугу менен.
Кулак угуу менен,
Душман бугуу менен.
Жайыт корук менен,
Чөп орук менен.
Саздак балчык менен,
Ылай чалчык менен.
Док доосу менен,
Баатыр жоосу менен.

Мөңгү музу менен,
Капа сузу менен.
Караңгы түнү менен,
Булбул үнү менен.
Жүн сабоо менен,
Сурак камоо менен.
Чырак билик менен,
Издөө илик менен.
Курал жарак менен,
Бак дарак менен.

Калп жалаа менен,
Шаар калаа менен.
Китеп жазуу менен,
Тиш азуу менен.
Чокой чарык менен,
Ачка арык менен.
Сандык мата менен,
Адашуу ката менен.
Бата тилек менен,
Баатыр билек менен.





Датка атак менен,
Жаңжал чатак менен.
Тайбас эрдик менен,
Токум тердик менен.
Балта сабы менен,
Алоо табы менен.
Саратан ысык менен,
Күлкү кызык менен.
Эрдик жүрөк менен,
Сулуу чүрөк менен.

Комуз кылы менен,
Согуш тылы менен.
Көз карек менен,
Издөө дарек менен.
Гозо чанак менен,
Бозо арак менен.
Өлчөө ченем менен,
Жашоо эгем менен.
Түркүк кары менен,
Намыс ары менен.

Төө камгак менен,
Токой жаңгак менен.
Пахта гозо менен,
Жоро бозо менен.
Салт каада менен,
Жок адаа менен.

Акы эмгек менен,
Аскер желдет менен.
Эркек катын менен,
Катын жатын менен.
Дудук сакоо менен,
Какбаш макоо менен.
Ийик жиби менен,
Жинди жини менен.

Дердең көпкөн менен,
Сүйүү өпкөн менен.
Ырыс бак бала менен,
Күмөн иш чала менен.
Күйүт ыйлоо менен,
Ызат сыйлоо менен.
Ажар жамал менен,
Анткор амал менен.

Шумкар канат менен,
Насаат санат менен.
Ачуу жини менен,
Ага ини менен.
Эсеп миңи менен,
Эже сиңди менен.
Ууру сурак менен,
Жамак курак менен.

Найза калкан менен,
Жентек талкан менен.
Жамгыр нөшөр менен,
Ийгилик өжөр менен.
Асман жылдыз менен,
Аалам кыргыз менен.
Сайлар суусу менен,
Көлдөр куусу менен.

Кыш кары менен,
Эр жары менен.
Төөлөр кербен менен,
Мылтык мерген менен.
Келин жатуу менен,
Дүрмөт атуу менен.
Жаңжал козуу менен,
Төрөт бозуу менен.





Адам акыл менен,
Бөөш бакыл менен.

Көптүк түмөн менен,
Ишенбөө күмөн менен.
Адыр ашуу менен,
Аттар кашуу менен.
Тузак тордоо менен,
Мекен коргоо менен.
Ини ага менен,
Жээн тага менен.
Канкор каары менен,
Асел аары менен.
Бетпак көктүк менен,
Жамаат көптүк менен.

Жылан сойлоо менен,
Акыл ойлоо менен.
Кадыр баркы менен,
Санат наркы менен.
Аалам кеңдик менен,
Жашоо теңдик менен.
Тоют оруу менен,
Эгин коруу менен.
Адилет актык менен,
Тууралык тактык менен.

Сагыныч күтүү менен,
Чыдамкай түтүү менен.
Ата бала менен,
Айдоо мала менен.
Күйүт арман менен,
Күч, ал дарман менен.
Карды ток ыр менен,
Карды ач чыр менен.
Коркок качуу менен,
Жин ачуу менен.

Киреше пайда менен,
Суроо кайда менен.
Дүйнө жыйноо менен,
Тозок кыйноо менен.
Кемпир чалы менен,
Айгыр жалы менен.
Көз көрүү менен,
Чач өрүү менен.

Кайык калак менен,
Катын талак менен.
Дөөлөт терген менен,
Ырыс берген менен.
Кыйын жеңген менен,
Балбан эңген менен.

Тамыр каны менен,
Өмүр жаны менен.
Кыроо бозу менен,
Тополоң тозу менен.
Сүйлөө тили менен,
Сүйүү дили менен.
Жаңылыш ката менен,
Эл таануу ата менен.
Таарыныч капа менен,
Сөз таануу апа менен.

Жикирүү жеме менен,
Сүзүү кеме менен.
Кудук, суу челек менен,
Кебек, ун элек менен.
Ат жарыш күлүк менен,
Кыйратуу бүлүк менен.
Кыз болсо кылык менен,
Кыргыз чылык менен.





Доо болсо жалаа менен,
Чөл болсо талаа менен.

Илим илик менен,
Чырак билик менен.
Караңгы түнү менен,
Жарык күнү менен.
Төрт мезгил жазы менен,
Нуска сөз азы менен.
Сазы болбой жер болбойт,
Тазы болбой эл болбойт.
Бечара жарды менен,
Бай адам карды менен.
Угуу болсо кулак менен,
Суунун көзү булак менен.

Эстүү жан эли менен,
Нөшөр жаан сели менен.
Жакшы адам уулу менен,
Жаман адам пулу менен.
Жаман аял чыры менен,
Жакшы аял сыны менен.

Көлдүн үстү чардак менен,
Сыйлуу адам ардак менен.
Бийик тоолор чоку менен,
Талкан дарты соку менен.
Үйдүн көркү адам менен,
Баскан көркү кадам менен.

Базган салмак менен,
Баатыр калмак менен.
Жарды жогу менен,
Байлар тогу менен.
Арык суусу менен,
Мекен туусу менен.

Жаман чуусу менен,
Жылан уусу менен.

Сот иш сурак менен,
Жамак курак менен.
Даңаза атак менен,
Таарыныч чатак менен.
Кулак угуу менен,
Душман бугуу менен.
Күлкү кызык менен,
Күмөн бузук менен.

Ракмат алкоо менен,
Бекер жалкоо менен.
Камчы сабы менен,
Алоо табы менен.
Комуз кылы менен,
Мезгил жылы менен.
Мөңгү музу менен,
Тамак тузу менен.

Көч кербен менен,
Аң мерген менен.
Түмөн көбү менен,
Жаз, жай чөбү менен.
Дүлөй кереӊ менен,
Деңиз тереӊ менен.
Баатыр пеши менен,
Соргок жеши менен.
Булбул сайроо менен,
Уруш кайроо менен.
Кереге уугу менен,
Ызгаар суугу менен.

Бакал саман менен,
Балит жаман менен.
Оору кесел менен,





Алсыз бечел менен.
Эсеп тактык менен,
Сабыр сактык менен.
Алдоо амал менен,
Сулуу жамал менен.
Киреше пайда менен,
Шоопур айда менен.

Өлкө чеги менен,
Жигит теги менен.
Эл журт беги менен,
Душман кеги менен.
Абышка жаны менен,
Көйрөң кыз саны менен.
Колдо куш боосу менен,
Докчулар доосу менен.

Ордо чийик менен,
Жүн жип ийик менен.
Тоолор бийик менен,
Кулжа кийик менен.
Галош маасы менен,
Эңке таасы менен.
Жаштык күтүү менен,
Карылык бүтүү менен.

Молдо намаз менен,
Жазуу кагаз менен.
Бүркүт канат менен,
Дастан санат менен.
Токой дарак менен,
Шайман жарак менен.

Ток бай карды менен,
Жокчулук жарды менен.
Жолу жок кашаң менен,
Жолдуулар жашаң менен.
Жеткилең нысап менен,

Эсепчи кысап менен.
Жетик жан түзүк менен,
Эси жок үзүк менен.
Жакшы тууган менен,
Жаман кууган менен.

Акылсыз жүрөт балит менен,
Калиттеп өзүн калит менен.
Жакшы эркек каары менен,
Жаман аял заары менен.
Ажырым бөлүү менен,
Ажал өлүү менен.

Эркелик тайраң менен,
Таң калуу айраң менен.
Түйүндү түйүү менен,
Мекенди сүйүү менен.
Даракты кыюуу менен,
Жаманды тыюуу менен.
Тууганчылык каттоо менен,
Терме ыр жаттоо менен.
Кыйроо булук менен,
Бетпак сүлүк менен.

Эмгек иш эргүү менен,
Жеңилдөө сергүү менен.
Күнөөкөр жаза менен,
Кайгыруу аза менен.
Урматтоо сыйлоо менен,
Өкүрүү ыйлоо менен.

Мыскылдоо майрык менен,
Обон ыр кайрык менен.
Өнөкөт ууру менен,
Түз жүрүү тууру менен.
Бейажал кокус менен,
Коркутуу какус менен.





Жайыт коруу менен,
Чөптү оруу менен.
Милте чогу менен,
Мылтык огу менен.
Очок казан менен,
Намаз азан менен.
Балбан каруу менен,
Жыгач таруу менен.

Уста көрүк менен,
Бакзар өрүк менен.
Жаннат бейиш менен,
Кайгы кейиш менен.
Кыргыз көлү менен,
Казак чөлү менен.
Береке кут менен,
Ачарчылык жут менен.

Жикирүү жеме менен,
Сууда жүрүү кеме менен.
Тополоң тозу менен,
Жандыктар козу менен.
Күлүктү таптоо менен,
Дубал ылай чаптоо менен.
Тууган каттоо менен,
Айчүрөк аттоо менен.

Сыз ным менен,
Саз чым менен.
Сот сурак менен,
Жамак курак менен.
Кары сакал менен,
Маани макал менен.
Жарыш озуу менен,
Келин бозуу менен.
Жалган жалаа менен,
Жайыт талаа менен.

Кашаң эшек менен,
Отун тезек менен.
Жылдыз асман менен,
Терме дастан менен.
Куугун качуу менен,
Калемпир ачуу менен.
Гүл жыты менен,
Үй куту менен.
Кубаныч күлкү менен,
Куулук түлкү менен.

Кастык макоо менен,
Чулдур сакоо менен.
Бийлик кызмат менен,
Кадыр ызат менен.
Деңиз терең менен,
Укпас кереӊ менен.

Аң уулоо тайган менен,
Найза учу сайган менен.
Тополоң айгай менен,
Өкүнүү кайгай менен.
Наристе тай-тай менен,
Балакет пай-пай менен.
Уйлар сайгак менен,
Пештөө айгак менен.

Бозо угут менен,
Жамгыр булут менен.
Сүт эмчек менен,
Шок тентек менен.
Тирек түркүк менен,
Бийиктик бүркүт менен -
Эмне, эмне, эмне?
Жообун тапсын өзү пенде...



# Ар кыл ырлар



## АДАМ КААРЫ

Татаал илим адамдардын мүнөзү,
Боорукер да, камкор болот бирөөсү.
Болуп келген, боло берет окшойт оо,
Өзүмчүлү, алдамчысы, күрөзү.
Бирин-бири бай, кедей кармап келет,
Бирин-бири байкатпай алдап келет.

Бергенден соң ар мүнөздү теңирим,
Көтөрүү парз оорун жана жеңилин.
Эмгегиңден из калтыргын артыңда,
Аз экенин билсең жашоо өмүрүң.
– Дос, тууган бол – деп, тапса элдик бүтүм,
Бир-бирин көрө албайт эмне үчүн?

Таза болсо эң улуу адам атың,
Каптады коомду ыплас саясатың.
Карышып калгыр адам карышкыры,
Тиш кайрап, элге жетпейт каражатың.
Бирөө жүрөт- жарты тыйын таба албай,
Бирөө жүрөт-эмгек акы ала албай.

Акыл берген: - гүлдөт – деп – бак даракты,
Айткан эмес: - жуткун – деп – уу шарапты.
Эй Адам! Эсиңе кел куйкалабай,
Курал тутуп коргошун ок жаракты.
Карт тарыхты эстеп көр, кандар аккан,
Адам аз, тирүүлүктө бакыт тапкан.

Төрөлгөндөн чын кыйноого келишти,
Өмүр бою издеп бакыт жеңишти.
Бул жашоонун көрө албастан ыраатын,
Муң-кайгы, жардылыкты көрүштү.
Бирөө жатат – теңирге колун сунуп,
Жалган жалаа жабылып, чындык муунуп.





Адамдын кайгырар зар-муңу болот,
Заманды даңктай алган мууну болот.
Эмгегинен элге жагып барк алып,
Оор жүгүн көтөрөөргө уулу болот.
Эгер аны колдоп турса кубаттап,
Эли үчүн ак кызматын улантмак.

Өткөн доордо кул кармап, каарды чачтык,
Жок жерден жоо жоолошуп, душман таптык.
Журттун орду күл болуп сапырылып,
Жан соогалап аңдан аң, дөңгө качтык.
Кантсе да баарыбызга бирдей мекен,
Жер Эне койну абдан кенен экен.

Кечүү берди кансырап качкандарга,
Күч дем кошуп, жалгыз жан жаткандарга.
Көрсүн деп, табийгаттын жайлоо төрүн,
Жол берди жылга, тоодон атчандарга.
Алтын байлык-таштары, турпактары.
Өмүр берип, соолбос тоо булактары.

Көрүп алып адам жут жасаганын,
Ата Журтту кор тутуп жашаганын.
Түк эч нерсе келбей турат колумдан,
Көңүл чөгүп, көөдөн бук, азадамын.
Адам болсун дил таза агарууга,
Ынтымактуу, ыймандуу жаралууга.

Тарых изин көрөбүз мунарадан,
Ташка жазуу чегилген урабаган.
«Сүт эмчегин» талашып Жер Энενин,
Үн чыгат кылыч чапкан, ураалаган.
Бир кезде ооба андай күндөр болгон,
Күн айына жетпестен гүлдөр соолгон.

Жардыны жарга такап жалчы дедик,
Жалкоо болсок жон талаш камчы жедик.
Жаак талбай ырын ырдап жанын бакса,
Талантка таазим этпей жарчы дедик.
Уста өткөн жыгачка гүлдү салган.
Комузга кылды тагып үндү салган.

Каар заман болгон эмес, болтургандбыз,
Камчы үйрүп тактыда олтургандбыз.
Мээсин чукуп, көзүн оюп тирүү жандын,
Көкүрөккө кайгы-муң толтургандбыз.
Адам өзү жасаган мунун баарын,
Заман эмес, адам өзү чачкан каарын.

Күлүк минип, шамал менен жарышып,
Кылыч кармап, колдор бекем карышып.
Мезгил болгон, найза батып денеге,
Үзөңгүлөр үзөңгүгө кагышып.
Максаты коргоо болгон тууган жерди,
Мунун баарын тарых өзү айтып берди.

Баатыр сөөгү сайда калса ишенбеди,
Коом болгон адамды адам кишендеди.
Абийирдүү, боорукердик кеч келип,
Жырткыч эмес, адам канды: – ичем – деди.
Уксаң оо, үрөй учуп элеңдейсиң,
Мындан аркы илимге эмне дейсиң?

Далаалат кылган менен бир жүрүүгө,
Жакшы, жаман дайыма бир күлүүгө.
Ынтымакты бузган каардуу адамдар,
Өзөк өрттөп жатышпайбы күнүгө.
Бирок алар туулбастыр ападан,
Жаралат го кордук, зордук, кападан.





Өчөшүүдөн өч алам деп кектенет,
Качан деги түшүнүшүү эс келет.
Оо Адам! Ойчул бол, кекчил эмес,
Ансыз деле ажал бизге тез келет.
Сазга баткан пенде болсо, тартып кой,
Төөгө жүгүн арталбаса, артып кой.

Тик бакпай хандын каардуу кылычына,
Унчукпай барды кандуу урушуна.
Өкүмдөр өктөм болгон - кың дебестен,
Жоокер чепте сак болуп турушуна.
Урушта кумурскача көрүнбөстөн,
Талаада сөөгү калган көмүлбөстөн.

Тээ байыртан тилегени эмине?
Кызмат кылуу Ата Журтка, элине.
Тилкесиндей дарбыздын жер бөлүнсө,
Акың жок өз журтуңду жерүүгө.
Өз элиңдин, демек, сен да уулусуң,
Мекениңдин тирегисиң, кулусуң.

Бүгүн билим, илим өстү, космос доору,
Кызыксыз жомоктогу жолборс болуу.
Керексиз буюмдардай четте калды,
Жыйырманчы кылымдын «жолдоштору».
Табийгаттын каарында калба бүгүн,
Кыянат кылып, бүлүктү салба бүгүн.

*1997-жыл, январь.*

## ЭҢ БАКТЫЛУУ КҮН БОЛОТ

Чыгыш өлкө чырмоогуна чырмалганмын,
Чынжырланып эркиндикке чыгалбадым.
Ушак сөз кулак мээни кагып турат,
Ууланып, кылыч сымал чыңалбадым.

Сылаңкороз калп сүйлөөдөн уялбадым,
Сыйкырланып кошоматты тыя албадым.
Кири жок чынчыл болуп жашаймын деп,
Кичи өлкөмдө байлык, дүйнө жыя албадым.

Чыгыш жакта бир өлкө бар тоодо жаткан,
– Чурр, хан жок! – деп, чокон салып ордо аткан.
Жетилүүгө күрөш эрте сыяктанат,
Жергуй көптөй, жең ичинде, колдо капкан.

Таза аба келбесе тээ аска жактан,
Тирүүлүктө күтө албайм башка жактан.
Таң эртеден таза жашоо күтсөм деймин,
Теңдик келип терендиктен ташка таккан.

Аңдап көрсөң бир - бирин алдап турат,
Ача баштуу кобрадай арбап турат.
Өйдөгө көтөрө албай түйшүктөрүн,
Өңү өчкөн картаң кемпир каргап турат.

Кыйын кезде колун бербей Ата Журтка,
Кетти көбү кайыр сурап Орхон журтка.
Элиме бир күн келер жыргал жашоо,
Эсенчилик, болсо дайым колдо тутка.

Жалгыз бирөө баарын колго алган менен,
Жылдыз өзү жалгыз гана жанган менен,
Жарык дүйнөм капкараңгы бойдон турат,
Жапандын чырак майы тамган менен.





Ушул болду жүрөгүмдүн ооруганы,
Уул-кыздын кээси журтту корубады.
Ар кимиси ар жакта чачкын жүрсө,
Анда журттун тамырлары соолуганы.

Бай адамдар көчөлөрдү куралбаса,
Баары бирдей кол алышып туралбаса.
Бакыбат, күчтүү өлкөнү куруу кыйын,
Билим сырын илим жакка буралбаса.

Эр жеттиңби! Демек, элди ойлоо керек,
Эч качан жеке өзүмчүл болбоо керек.
Эчен кылым миллиардтап өтө берет,
Бир эл эмес, эл тамырын коргоо керек.

Өлкөмдү боз тумандар каптап турат,
Өлкөм, балким, боз күлүктү таптап турат.
Кайрылып келээр жакшы күндөр бардыр,
Канткен менен кыйын күндү аттап турат.

Тоодон бирөө алыстарга бара берет,
Тоолор бирок тоодой бойдон кала берет.
Түндүк-түштүк, батыш-чыгыш бүт тоолор,
Түбөлүккө жашоо үчүн мага керек.

Мөңгү эрип, муздак суулар ага берет,
Мезгил улам жебелерин кага берет.
Баардык оор түйшүгүнө чыдай билсем,
Эң бактылуу күндү бир күн мага берет.

## ДОСТОР БАР

Достор бар -
Эч нерседен иши жок,
Байлыгына семирген.
Келген мейман, киши жок,
Нанын чычкан кемирген.

Өзүн гана ойлонуп,
Ичи тарып мыш болуп.
Пулу жокто толгонуп,
Жайы ызгаар кыш болуп.

Кабат үйгө келбесе,
Аялынын төркүнү.
Тууганы сый көрбөсө,
Жөн эле шаар көркүбү?

Көрбөйсүңбү көпкөнүн,
Пулду пулга чагууда.
Чөнтөгүн жаш өлкөнүн,
Тешилгенче кагууда.

Андай достун максаты,
Эмне экени билинбейт.
Өлүп кетсе акчасы,
Бир назарга илинбейт.

Достор бар -
Тоодон түшкөн булактай,
Мээрин төгүп жагымдуу.
Сөздү коштоп кубаттай,
Сүйлөгөнү жалындуу.





Токтотуп ал акылын,
- Ата Журтум, Мекен – дейт.
Баары болуп акырын,
Элге болсо экен – дейт.

Адам менен адамсың,
Барктай билет адамды.
Сый билбесе жамансың,
Айта билет саламды.

Колду берсе кучактап,
Көрүшкөндө көңүлдүү.
Чоң-кичүүнү ызаттап,
Узарткансыйт өмүрдү.

Мындай достун кереги,
Дайым тийет элиңе.
Жетилген тал, тереги,
Дем кошуп, күч белиңе.

Достор бар –
Кой туягын санаган,
Санаа тартып арыктайт.
- Мал болсо деп самаган,
Өзүн дагы жарытпайт.

Бирге кемип калат деп,
Конокко кой соё албайт.
Аялын чай кайнат деп,
Сындырым нан коё албайт.

Азгырылып дүйнөгө,
Алыс жакка бара албайт.
Убакыт жок күлгөнгө,
Жолдо үч күн кала албайт.

Андай досту айтамын,
Тартынбастан уялбай.
Издеп кантип табамын,
Жатса чээнде жыландай.

Айта берсең туушкан көп,
Бирок жардам бербеген.
Акча топтоп кууышкан көп,
Кыргыз жерин жердеген.

Достор бар -
Таштай албай чылымды,
Арак ичсе чаң салган.
Көрсө андай кыйынды,
Айыл-апа таң калган.

Жарын уруп тепкилейт,
Билбейт өзү нелигин.
Инимдики өттү дейт,
Капа кылат келинин.

Жинди болгон немедей,
Бычак алып жулунат.
Атасын да кенебей,
Таш дубалга урунат.

Өзүн-өзү койгулап,
Чекелери томуят.
Коңшу келип болдулап,
Арaң зорго соолугат.

Эртеси өзүн биле албайт,
Башы ооруп мыжыгып.
Коңшуга да кире албайт,
Уялгансып кысылып.





Достор бар -
Карапайым адамды,
Катуу кагып сөгүнгөн.
Өзгөрткөнсүп замaнды,
Өйдөсүнүп өлүмдөн.

Өлүм болсо айылда,
Көңүл айтып келбеген.
Куран окуп жайында,
Аза күтпөй эл менен.

Каада-салтты унутуп,
Каалагандай жүргөнү.
Бүт өлкөнү курутуп,
Бекер өмүр сүргөнү.

Баш – аламан кеп айтып,
Башка жардам бере албайт.
Баары өзүмкү деп айтып,
Бир түйшүктү жеңе албайт.

Бата алып атадан,
Барктуу ата боло албайт.
Нары качып катадан,
Нарктуу адам боло албайт.

## ЖАЗ

Күн тийип турду,
Айлананы жарытып.
Сезимди жылытып,
Капаны арытып.

Түркүн үн куш сайрайт,
Кар эрип, кыш калып.
Түтүн булайт заводдон,
Таза аба ышталып.

Туш тарап жанданып,
Кумурска из салып.
Дыйкандар сокочон,
Дың жерге миз салып.

## ЖАЙ

Тоодо чөп орук,
Чалгычылар шыктанып.
Чөмөлө жасашат,
Кыздар гүл жыттанып.

Аскада салаалап,
Эрибей муз түнөп.
Желеге бээ байлап,
Кызыл жүз кыз жүрөт.

Мезгил улам алмашып,
Токтобой күн өтүүдө.
Күлкүм күндө тыйылып,
Жаштык менден кетүүдө.





Ак кар тез жааса экен,
Булганч аба тазарып.
Жоолук салып сулуулар,
Суктандырып, жашарып.

## КҮЗ

Бышыкчылык, токчулук,
Берешен кез күз келди.
Дүр-дүнүйө жемишти,
Жыйнай турган кез келди.

Таң агарып атканда,
Ырдай турган кез келди.
Эмгектенип эл менен,
Жыргай турган кез келди.

Эгинди чоң кампага,
Төгө турган кез келди.
Ак эмгектин үзүрүн,
Көрө турган кез келди.

Кана кыздар, жигиттер,
Ак пахтаны терели.
Пахтакерге ак дилден,
Жакшы жардам берели.

Талаа шаңга бөлөнсүн,
Жер кайрадан көгөрсүн.
Адамзатка керектүү,
Дүр-дүнүйө көбөйсүн.

Кайталанып ар жылы,
Мөмөсү көп күз келсин.
Жашоону түк өчүрбөй,
Адамга дем, күч берсин.

## ОШУМ МЕНИН ЫЙЫК ЖЕР

Колго алып каламды,
Кастарлап бул заманды.
Калкка айтып коёюн,
Көңүл сүйгөн калаамды.

Уулу болсоң элиңдин,
Урмат сыйлуу болуп жүр.
Улуулукка баш ийип,
Улуу атка конуп жүр.

Көөнгө сырды түйүп жүр,
Көпчүлүккө күйүп жүр.
Көкө теңир кимдигин,
Көкүрөктө билип жүр.

Терең илим таппасаң,
Тең сырыңды айтпасаң.
Темирлан боло албассың,
Теңге жакын баспасаң.

Ала -Тоонун арасын,
Асман ачык абасын.
Алла Таала бериптир,
Ал деп кыргыз баласын.

Байлыгы бар жериңдин,
Баркы да бар элиңдин.
Баамчыл болсоң дайыма,
Болбос калпы кебиңдин.

Казал келсе дээриңе,
Калтыр аны элиңе.
Кылым жүрсүн унутпай,
Кайрылып ак кебиңе.





Молдо Кылыч, Касымды,
Эсте мындай асылды.
Мезгил, тарых унутпайт,
Элге десең акылды.

Кылымды жыл карытар,
Кыргыз күлүк арытар.
Келечекти ырларың,
Күн нурундай жарытар.

Отуруктап баштадан,
Оштой жерде жашаган.
Колу гүлдөр көп болгон,
Оймок шакек жасаган.

Адамзатка жаккан жер,
Ак - Буура суу аккан жер.
Аталып зор Меккедей,
Азирети тапкан жер,

Ошпур Оштон өткөн жер,
Ошум сонун көктөм жер.
Ордо болуп илгертен,
Ойлондурчу өктөм жер.

Бабыр бабаң баскан жер,
Баары багын ачкан жер.
Байыркынын издерин,
Бабаларым каткан жер.

Пайгамбарлар түшкөн жер,
Бала тилеп күткөн жер.
Билинбестен эч кимге,
Бир башкача бүткөн жер.

Сыйынышкан нечени,
Сыйкырдуусу, бечели.
Суудан татып кетишкен,
Сапарлап акын-чечени.

Ыйыктыгын билели,
Ыймандууну сүйөлү.
Ырк кетпей эч арадан,
Ынтымактуу жүрөлү.

Улуулугун сезели,
Урмат, даңкка жетели.
Уучка толбос кыргызым,
Ушундан кайда кетели.

Туруктап кыргыз элибиз,
Тынч болсун пир жерибиз.
Толук келип ар жылы,
Толуп турсун кемибиз.

Жерип кетүү кыйын да,
Жерим ыйык, чынында.
Жазып койдум ырымды,
Жыйырманчы кылымда.

## ТУУЛГАН ЖЕР

Өзгөнүм – туулуп өскөн жер,
Балалык кезим өткөн жер.
Илгертен калган мунара,
Көркүн ачкан көктөм жер.

Дайрасы аккан сайлуу жер,
Бакканга күрүч жайлуу жер.
Мөмө-жемиш абдан мол,
Тамагы даамдуу майлуу жер.





Жүгөрү, даны эгилген,
Төрт түлүк төрдө семирген.
Айланып эле жүрөйүн,
Өзгөнүм – туулган жеримден.

## КЫРГЫЗ БОЛУП

Коюп «план», «давайды»,
Ойлоп Бишкек, Алайды.
Өнүктүрсөм тилимди,
Бирөө мени сабайбы.

Узген дебейм Өзгөндү,
Сүйбөйм тилим өчкөндү.
Так сүйлөп даана кыргызча,
Так айт Соң Көл, Чүй, Көлдү.

Анткенимдин себеби,
Чүйдү «Чуй» дебейли.
Кул деп айтып Көлдөрдү,
Чулдурга жол бербейли.

Кастарлаган жалпыбыз,
Бар эле көп салтыбыз.
Калпак кийген сакалчан,
Кайда кыргыз калкыбыз?

«Культураны» туялы,
Кемчиликти тыялы.
Кайда калган добулбас,
Чоор, комуз, кыягы.

Ала Тоо болуп түнөгү,
Соксун кыргыз жүрөгү.
«Киргиз» болуп аталбай,
Кыргыз бойдон жүрөлү.

## ЧАКЫРУУ

Динибизге ишенбей,
Мүнөзүбүз өзгөрдү.
Айтчу болдук уялбай,
«Балп» этме сөздөрдү.

Мас болуп кээ бирөөсү,
Сөкчү болду атасын.
Өзү тилеп инсандын,
Каргашалуу батасын.

Тарбиясын алса да,
Ишенбестен динине.
Аралашып кетишти,
Жамандардын «Жинине».

Өз динине ишенбей,
Уурулукка барышты.
Өзү каалап адамдан,
Өзү алды каргышты.

Улууларды урматтап,
Салам айтуу парзыбыз.
Сыйлабасак ызаттап,
О дүйнөдө карызбыз.

Жалпы журтка маалымдыр,
Айтсам элдин көзүнчө.
Ааламда ар улуттун,
Дини болот өзүнчө.





## ЖООП

- Асман ачык, бүркөлүү не кабагың?
Угуп калдың деги ненин кабарын?
-Сурадың го бүгүн менден боордошум,
Айтайынчы бул жашоонун абалын.

Бүгүн илим жетишкен, билим өскөн,
Бирок абдан бир нерсеге көңүл чөккөн.
Угуп алып ядролук бомбаны,
Угулуп турат ый-муң жүрөгүмдөн.

Ал курал кимге керек, пайда кимге?
Кыжырымды келтирип тийет жинге.
Жарылган ок, бул жашоону гүлдөтпөйт,
Жана эч жеткирбейт го эркиндикке.

Хиросима, Нагасаки дарт алып,
Турат бүгүн бөбөк эрте картайып.
Ошол сага жетиштүү айтып эмне,
Эртелеп «ок» тизгинди тарталык.

Наристелер эркелеп чоң энеге,
Кулундар байланып кең желеге.
Тынч болсун замана кылымдарга,
Нанын берип, суусун сунуп жер элге.

Асман ачык, бүркөлүү го кабагым,
Угуп алып эл аралык абалын.
Бул жашоону өрттөн сактап калууга,
Канткенде бир айла-арга табамын.

## КАЧАН ЖОЁБУЗ?

Кечээ күнү барамын деп пивого,
Өзүмдү өзүм салдым куру кыйноого.
Бет алдымдан чыгып «ичкич» досторум,
Биринен бири өтүп сыйлоодо.

Көтөрөлү дешти аяш кызматына,
Жаңы келген уулдун урматына.
Алалы деп мен да ала берипмин,
Ыраазы болуп дос-курдашыма.

Жабылды пиво десе жапаппыз,
Элдин баары кайтты десе кайтпаппыз.
Ошол күнү түнөгөндү көчөдө,
Жашырып, бир да аяшка айтпаппыз.

Жашырганда эмне, болгон чындык,
Жай таңында эртелеп эрте турдук.
Төртөөбүз тең төрт башка түстөбүз,
Өз- өзүбүздү тааныбай болдук шумдук.

Бирибиздин шымыбыз айрылыптыр,
Бирибиздин колубуз кайрылыптыр.
Бирибиздин оозубуз дөлдөйүп,
Бирибиздин башыбыз жарылыптыр.

Бирок абдан башыбыз ооруду,
Кайра эле «ак молдокең» тооруду.
Айткылачы, айланайын курбулар,
Жоёбуз качан «ичмей» ооруну?

*1987-жыл*





## БАКЫТКА ЖЕТКИРЕТ

Аккан суу жашоо өмүрүм,
Алтыны өчпөс көңүлүм.
Аскасы түркүк тирегим,
Адыры суусуз – өлүмүм.

Тоолору бекем калканым,
Таштары мизи балтанын.
Түбөлүк Ата Мекеним,
Тынч жаткан жылга, алкагым.

Эңсетип жыты арчанын,
Эсинен кетпей канчанын.
Элестейт көзгө саймасы,
Энекем соккон шалчанын.

Жайлоосу жашыл жер мекен,
Жылкыга жайыт кең мекен,
Жанаша турат тоолору,
Жапандын тоосу эмне экен.

Байлыгы терең катылуу,
Баарына сүрөт тартылуу.
Бакытка дайым жеткирет,
Байыркы кыргыз калкымы.

*1997-жыл*

## АТА МЕКЕН ЧАКЫРАТ

Кылыч кармап, зоот чепкен кийип алып,
Калканды капталына илип алып.
Мекенди коргоо үчүн даяр тургун,
Манастай Аккуланы минип алып.

Жоо селди башка жакка буруп салып,
Катарга сен да калбай туруп алып.
Ала-Тоодон жарык нур чачыраткын,
Көөдөндөн жүрөгүңдү сууруп алып.

Ааламдын бүткүл сырын ачып салып,
Илимди тереңдиктен казып алып.
Чынгыздай дүңгүрөткүн Ата Журтту,
«Жамила», «Ак кемени» жазып салып.

Байлыгы жетилип ук жериң күтөт,
Жардам сурап баатырды элиң күтөт.
Абийир тап, даңктуу бол атак алып,
Канткенде жөн жашоого көңүл түтөт.





## ТУУЛГАН ЖЕР, АМАН БОЛ

Туулган жер топурагы алтын болсо,
Тоо, ташы боорума жакын болсо.
Тирүүлүктө ак кызмат кылбай эмне,
Тарыхтан ордун тапкан калкым болсо.

Мөңгүлөр эрибестен жаткан болсо,
Мээримин тоодон күн да чачкан болсо.
Мээнетин алайын мен Ата-Журттун,
Мезгилсиз туурдан кушу качкан болсо.

Чоң-Беттен мээлүн жел согуп турса,
Чоң-Дөбө ызгаар сууктан кооруп турса.
Чымындай жанымды эч аябастан,
Чалмакмын… Көр-Булагың соолуп турса.

Кара Булак суу берип кызмат кылса,
Кыргыз эли дайыма урмат кылса.
Көз карек талыганча жазмакмын ыр,
Күч берип, чоң дем кошуп кубат кылса.

Ала - Тоо жерден алыс карамакмын,
Ата - Журт ишине көп жарамакмын.
Аман бол, элим, калпак кийип жүргөн,
Айтпасын кайгы күнүн Кара Бактын.

## ЭЛ СОНУН

Жаз алды гүлдөр жайнаган,
Жаак талбай булбул сайраган.
Жайлоонун көркүн чыгарып,
Жандыгын, малын айдаган.

Чоң тоолор асман тиреген,
Чокулар булут жиреген.
Чоңдорду кичүү ызаттап,
Чок сөздү селки сүйлөгөн.

Кесеге кымыз куюлган,
Келгенге сыпаа сунулган.
Кылыгы ачып ажарды,
Кыз - келин үнү угулган.

Алтыны тоого катылган,
Аң уулап мылтык атылган.
Ажайып кооз жер экен,
Аскада бүркүт шаңшыган.

Асманы тунук мелтиреп,
Абасы таза жел жүрөт.
Абалтан тайган куш салып,
Ат минген кыргыз эл жүрөт.

Адыры, коосу, бел сонун,
Ат- Журт жергем эң сонун.
Алтайдан бери жердеген,
Аргымак минген эл сонун.

Күн чыгыш бойлоп жердеген,
Күлүк ат минген эл сонун.
Ала Тоо койнун бербеген,
Ак калпак кийген эл сонун.





## ЖАШАЙ БИЛГИН

Кайтыш болуп бирөө элдер жыйылат,
Аза күтүп, көздүн жашы тыйылат.
Суулар агат таштан ташка урунуп,
Өмүр неге мынча эрте кыйылат.

Кеңдик берип бүткүл дүйнө ааламга,
Калпыс күндү берет ар бир кадамга.
Уста өткөн колдон көөрү төгүлгөн,
Узак өмүр бербейт экен адамга.

Балбандардын билектери зор болот,
Байлык баркын билбегендер кор болот.
Буйрук болсо эгер кудай тараптан,
Бактысыздын барган жери ор болот.

Ата эгер бала сыйын көрбөсө,
Ата бойдон кала берет өлбөсө.
Акыретте карыз бойдон калбайбы,
Ак кепиндеп маркум сөөгүн көмбөсө.

Өлүм бирдей адамдардын баарына,
Кала көрбө ата-эненин каарында.
Жашай билгин жарыка бир келген соң,
Жүрөк каның жүрүп турган чагында.

## МЕНИН ШААРЫМ

Коон, дарбыз, алма, өрүк, шабдалы,
Мөмөлөрү бышып турат тизилип.
Таттуулугу тамшандырып жегенди,
Шиңгил жүзүм сабагынан үзүлүп.
Кыз-келиндин баскандары маралдай,
Жал-жал карап сулуу көзү сүзүлүп.

Аба таза жашыл жайлоо төрү бар,
Ак- Буура суу агып турат таптаза.
Сулайман -Тоо күндөн күнгө көрктөнөт,
Четтен келген суктана аны мактаса.
Көчө кенен, тоолорунда толо кен,
Көрктүү Ошум көзгө сүйкүм башкача.

Эчен кылым өтсө дагы арадан,
Пайгамбар, хандар, бийлер эңсеп келген.
Душман келсе дарбазадан өткөрбөй,
Ынтымактуу, ырыстуу эл дайым жеңген.
Учур келип ай-ааламга даң салып,
Убагында ордо деген наам берген.

Менин шаарым,
Ордо шаарым,
Ыйык шаарым,
Атың чыгып түндүк музду жарып келдиң.
Мекен болуп ак пейилдүү элиме,
Өчпөй турган шам чырактай жарык бердиң.





## МИҢ ТААЗИМ

Жылкы сүрүп айдаган,
Аталарга миң таазим.
Таң эртеден уй сааган,
Апаларга миң таазим.
Ат үстүндө алышкан,
Чаң улакты чабышкан,
Агаларга миң таазим.
Ак сакалы жайкалган,
Бабаларга миң таазим.

Катар кулун байлаган,
Желелерге миң таазим.
Кымыз куйган чаначтан,
Жеңелерге миң таазим.
Каймак, боорсок, май берген,
Кайнатып дак чай берген,
Эжелерге миң таазим.
Төрдө олтурган балпайып,
Энелерге миң таазим.

Ак чөлмөктү ойногон,
Түндөрүмө миң таазим.
Ордо сызып, чүкө аткан,
Күндөрүмө миң таазим.
Жаз алдында жайнаган,
Булбул конуп сайраган,
Гүлдөрүмө миң таазим.
Көпөлөктү кубалап,
Жүргөнүмө миң таазим.

Улуу тоодон үн салган,
Уларыма миң таазим.
Жата калып суу жуткан,

Булагыма миң таазим.
Тентек кыял балалык,
Бакта жүргөн алма алып,
Курагыма миң таазим.
Күндө барчу мектепке,
Убагыма миң таазим.

Кырман басып сапырган
Кызыл данга миң таазим.
Үзүп алган дандырдан,
Кызыл нанга миң таазим.
Кызыл-тазыл кийинген,
Кылыктанып ийилген,
Кыз- келинге миң таазим.
Оймо салган шырдакка,
Уз-келинге миң таазим.

Таазим кылып сагындым,
Бүт баарысын сагындым.
Жашыл жайлоо, эң бир кооз,
Тоо, адырын сагындым.





## БААРЫ АЛЛАДАН

Миллиард жыл мурда аалам жансыз эле,
Кудай гана жашап өзү жалгыз эле.
Андай доор болгон экен тарыхта,
Эстеп көрсөк бүгүн аны тангыс эле.
Орун берип башкартууга ааламды,
Топурактан жасап көрдү адамды.

Адегенде жаратыптыр абаны,
Көпкө карап ээн жер, кум, чөл, талааны.
Өтө көрксүз тартылды көз алдына,
Эч көрүнбөй жерден кыймыл караанын.
Жандууларды жаратуу керек деди,
Башкарып аларды адам келет деди.

Кийинчерээк суу жаратты агызып,
Улуу балык кошо келип жарышып.
Байлык толо тоолорду, жандыкты,
Жаратууга алектенди алышып.
Күндөр өттү, мезгил өттү шашпады,
Ай-ааламды башкарчу жан таппады.

Аалам жансыз, шамал айдап боз чаңды,
Теңирим көрүүгө зар тирүү жанды.
Ойлоп жатып кимди кантип жаратууну,
Бир күнү буларды бүт ойго алды.
Тоодон агып суунун шары басылбады,
Жердин үстү сопсонун жашылданды.

Чөйрөгө көңүл коюп сареп салды,
Өстүрүп көрдү мөмө дарактарды.
Өттү мезгил, жылдар кылым арадан,
Дале аалам көрксүз булар жарашпады.
Аткаруучу периштелер ойго батты,
Аң сезимдүү адамды ойлоп тапты.

Топурактан Адамзатты жаратты,
Эс акылы, кол-буту куп жараштты.
Кудуреттүү жаратуучу Аллахым,
Адамдарга берем дептир жаннатты.
Ошол күндөн аалам турду өзгөрүп,
Арадан миң миллиард жыл өткөрүп.

Суулар акты, жашыл болуп жердин үстү,
Мөмө алып бак-дарактар бийик өстү.
Адам жалгыз ага жандооч керектигин,
Кайдан табат? Терең ойлоп көңүл чөктү.
Алыс карап ай ааламды кыдырды,
Жандооч таппай арытты көп кылымды.

Уктайт Адам – көрүнүп бүт кабыргасы,
Өз колунда табылып эч табылбасы.
Кабыргадан жасамак болду Аял,
Ушундай болду анын кабылдашы.
Ошентип Обо энени жаратты,
Ааламга балдарын бүт таратты.

-Өмүр берди өмүрү миңге – деди,
Жер шарын акыл менен бийле – деди.
Мөмөсүн жеп, аптапта көлөкөлөп,
Бак даракты кыйратпа, тийбе – деди.
Ар түркүн айбанаттар болот – деди,
Корооңо жандык малдар толот – деди.

Адам Ата жер ааламын башкарды,
Алланын айткандарын аткарды,
Эми андай мүмкүнчүлүк болбостур,
Пааналашты мөмө берген бактарды.
Бала туулуп, балдары да бойго жетти,
Баарын көрүп мындай терең ойго кетти.





Жашагын жер байлыгын берем, деди,
Аалам кезип кайра бир күн келем, деди.
Жер шарын Адам кандай башкарат,
Көп-көп кылым өткөрүп көрөм, деди.
Бирок жердин үстү ыйга толуп кетти,
Не деген бермет көлдөр соолуп кетти...

*1998-жыл*

## ӨЗГӨНҮМ

Турагым менин Өзгөнүм
Бир бөлүгү өлкөнүн.
Кара - Шоро кең жайлоо,
Кара, кайың көктөмүн.

Салам- Алик, кең Тосой,
Салам айтат көп бозой.
Салбырында жүрүшкөн,
Манас, Бакай, Эр Кошой.

Шоро- Башат, Чаңгеттен,
Эр азамат эр жеткен.
Душмандарды жолотпой,
Тулпар атты тердеткен.

Анык тоолуу экени,
Алп күрүчтүн Мекени.
Суктандырып Мунара,
Сунат колун нечени.

Мырза- Аке, Куршапта,
Гүлдөп турса гүл бакча.
Коён, түлкү корголойт,
Көктөн бүркүт үн катса.

Ата Журттун каруусу,
Алдиер-Тоо бийик жер.
Суусу тунук мазарлуу,
Султан- Супа ыйык жер.

Жароокер сонун эли бар,
Жалпак -Ташта кени бар.
Жашыл жайлоо Ийри- Суу,
Жазы, Көлдүк жери бар.

Чемпиондук титулду,
СССРден алган бар.
Төрт тарабы төп келген,
Төлөгөндөй балбан бар.

Зээр, күмүш, алтын бар,
Зээндүү сонун калкым бар.
Жолдуу дастан, ыр жактан,
Жолболдудай акын бар.

Жашыл сонун багы бар,
Жактай турган жагы бар.
Маани берген Рыспай,
Мамат Омор дагы бар.

Санат айтса улуулар,
Санжыралуу угулар.
Баян кылсаң эмгегин,
Баатыр жигит уулу бар.

Кара Дайра, Жазы суу,
Күркүрөөдө добушу.
Кылымдарга жашасын,
Кымбат Өзгөн конушу,





## УШУНДАЙ ЖЕР

Түрк ата түпкү тегибиз,
Кыргыз түктүү элибиз.
Көккө жетип чокулар,
Көрктүү тоолуу жерибиз.

Манас ата баскан жер,
Мага боорун ачкан жер.
Мекен болуп түбөлүк,
Мээрин элге чачкан жер.

Булак суусу аккан жер,
Булбул үнүн тапкан жер.
Бийик тоосу сыр катып,
Бейпил күндө жаткан жер.

Бетегеси өскөн жер,
Берекесин төккөн жер,
Бешиктеги ымыркай,
Белгилүү болуп өткөн жер.

Ушундай жерди жердеген,
Душманга жер бербеген,
Бактылуумун түбөлүк,
Кыргыз деген эл менен.

## ЭҢ АЖАРЛУУ – АЛА-ТОО

Тизе бүгүп таазим этем Ата Мекен,
Менин жашоом кан тамырым сенде экен.
Сапар алып алыс жактан кайра келсем,
Сүйүнүчтөн тооңу көрүп жашып кетем.

Булак сууң жүрөгүмдүн каны экен,
Тамыр чөбүң жанга шыпаа дары экен.
Жуткан аба тазарып салкын желден,
Тулку бой – ички дилдин жаны экен.

Кымыз жутсам өмүр кошот өмүрүмө,
Кооз жайың эргүү берип көңүлүмө,
Мөмө бышып: алма, өрүк жашылчалар,
Күзгө жетпей дасторконго төгүлүүдө.

Мындай жер жери эмеспи бейиштин,
Кимге кажет аны чанып жээриштин.
Кимде ким ден соолугун чыңдайм десе,
Эң ажарлуу Ала Тоомо келишсин.

## ЭНЕ ТИЛИМ

Эне тилим эчен кылым карыткан,
Мен үчүн ал эң бийик баарынан.
Өчпөс болуп озуп келет тарыхтан,
Калтырап коркпой заман каарынан.

Эне тилим – эне сүтүм Мекеним,
Эстесем толкуп эргип кетемин.
Эмгектенип талбастан эл үчүн,
Эчен жолу ийгиликке жетемин.





Тоолору көк асманды тиреп турат,
Аскасы булуттарды жиреп турат.
Ата, апа эне тилде сүйлөгөн,
Ар дайым жакшылыкты тилеп турат.

## БИР БАКТЫМ

Таң сүрүп эрте эртелеп,
Таң шоола али кете элек.
Жайлоого карай бараттым,
Ат минип, тайды жетелеп.

Чүмкөнүп жоолук салыпсың,
Чакалап сууну алыпсың.
Келишкен мүчөң суктантып,
Келин бир болуп калыпсың.

Бел боомду бекем курчанып,
Узадым улам кылчайып.
Кыз кезиңде чын көрүнбөй,
Кыйнадың неге мынчалык.

Булактан күндө суу алып,
Жүрө бер,- турмуш уланып.
Бир бактым ошол көз ирмем,
Бактылуу жаша кубанып.

## ЭКИ ЭЛ

Катарлаш жашаса,
Казакстан мекени.
Калп эмес эч качан,
Кандашым экени.

Сыноо кезде билинет,
Сый урматтын бекеми.
Сыздап калсам кол берип,
Сылап турат чекеми.

Кыргыз барда казакка,
Кыргын бирөө сала албайт.
Кумдуу чөлдүн талаасын,
Курчап душман ала албайт.

Казак барда кыргызга,
Калмак келип катылбайт.
Каада-салты опокшош,
Катылганга сатылбайт.

Кабыргасы сөгүлсө,
Кашайтып бууп кетемин.
Качып таштап кете албайт,
Качса кууп жетемин.

Жамбыл менен Токтогул,
Жадыбыздан чыкпайт го.
Жамаатташ эки элди,
Жапан бойлор жыкпайт го.

Бишкек менен Астана,
Бириккен эл борбору.
Жүз, беттери окшошкон,
Жүрөк тамыр коргону.





## «КЕРЕҢДЕРГЕ»

Куралчанды көрсөңөр коркпогула,
Алар сени коргойм деп ачка жүрөт.
Сени тоноп жегендер качып кетип,
Сейилдеп башка жакта бакта жүрөт.

Ар дайым толуктайт катарыңды,
Алсызды таштай көрбө ара жолго.
Такка жетип жай шайланып алгандар,
Таштап эле кетишет кара жолго.

Бийлике келгендериң жарытпады,
Бирөөсү Үзөңгү Кууш жерин сатты.
Кан какшап турса дагы калкы боздоп,
Каркыранын калтырбай төрүн сатты.

Сайрандай албай калдык эркин барып,
Совет Абад адыр белге туташты.
«Өлүмүш» болгон айыл пайда болуп,
Өзгөндүн этегине ал учкашты.

Кечээгини эстесем жерим кана,
Кемпир Абад чалкып жаткан көл беле?
Сай ташы саратанда кайнап жаткан,
Совет Абад какыраган чөл эле.

Шалаакылык болуптур колдон чыккан,
Шаймерден кара жердин бейиш жери.
Кичирейип күндөн күнгө баратабыз,
Кимге жетет калкымдын кейиштери.

Кокуйлап боздоп жүрөм ичте арман,
Коңшу өлкө кеңейтет кенен жерин.
Эмне эле жер тарытып барабыз,
Эмне дейм тоолуу өлкө «кереңдерин».

Алтайдан бери делген кенен жерим,
Ал чекиттей кичирейип калабы.
Ала -Тоодон эл, жер деп баатыр чыгып,
Азаптарын бүгүн колго алабы!

## АЛП ЭЛ

Салыштыра келгенде,
Сан жагынан аз элбиз.
Салмагы бар тарыхта,
Сары алтындан таза элбиз.

Көпбүз деп мактанса,
Көлөмүнөн аз элбиз.
Көркөмдүү сүйлөгөн,
Көбүнөн таза элбиз.

Тоолор сактап дайыма,
Талаа, чөлдөн тар элбиз.
Түгөнбөгөн санжыра,
Түпкү теги бар элбиз.

Жоонун жолун торогон,
Жолборс сүрдүү шер элбиз.
Чынгыз хан да суктанган,
Чыныгы алп эр элбиз.

Кайгыга көп алдырбас,
Карыны ток тың элбиз.
Кармаштарда кайнаган,
Кара күч бар чың элбиз.

Тоодо туулуп ток пейил,
Тоодон баштайт кадамды.
Тынбай издеп эрдикти,
Таң калтырат адамды.





Канын төккөн казатта,
Кайдан жүрүп калп элбиз.
Караган тик ажалга,
Каары катуу алп элбиз!

## КАРА КУЛЖА

Тоодо толгон кени бар,
Топурактуу жери бар.
Байырлаган байыртан,
Баатыр мүнөз эли бар.
Жашыл жайлоо төрү бар,
Жарашыктуу жери бар.
Жакшы сүйлөп түз калыс,
Жалтайлабайт шери бар.

Улар сайрап үн салса,
Кийиктери жүгүрөт.
Туягынан жазганып,
Шагыл төмөн сүрүлөт.
Адам менен көрүшүп,
Арчалары ийилет.
Бөрү жортсо жон менен,
Коёндору түйүлөт.

Жылкы, кулун кишинеп,
Жылга ичи шаңданат.
Жайыт толо төрт түлүк,
Жашоо улам жанданат.
Арча, кайың, карагай,
Ал жашоого эң керек,
Аба таза, булак суу,
Адамдарга дем берет.

Бүтүндүктү жар салып,
Бүркүт үнү шаңшыган.
Бутагында токойдун,
Булбул үнү таңшыган.
Түлкүлөрү жалтайлайт,
Түн күзөткөн аңчыдан.
Тайсалдашат жалкоолор,
Табылгы сап камчыдан.

Тоого тоолор уланып,
Тосмосу жок чеп экен.
Четтен келген душманга,
Чек арабыз бек экен.
Адамдары бир мүнөз,
Айткан сөзү төп экен.
Ачылбастан сыр бойдон,
Алтын байлык көп экен.

Караандуу көрүнүп,
Кара- Кулжа жер бийик.
Каада- салтты сактаган,
Кадыр алган эл бийик.
Кучакташып дос болгон,
Курбу-курдаш тең бийик.
Карап көрсөң дүйнөдө,
Кыргызстан эң бийик.





## КАРА-СУУ

Келип кетет канчасы,
Керемет жума аптасы.
Алыска кеткен атагы,
Алтындан кымбат пахтасы.

Темир жол өтүп узарган,
Алма, өрүк бышып кызарган.
Арзуу сөз уксам деп жүрөм,
Ак мончок таккан кыздардан.

Абасы таза таңында,
Булбулдар сайрайт багында.
Калем каш кыздар көп экен,
Кара- Суу деген шаарында.

Кара-Суу, Кара-Суу, Кара-Суу,
Караган мендей бар бекен.
Акак тиштүү, ай жүздүү,
Айжамал сендей бар бекен.

## НООКАТТЫК КЫЗ

Ноокаттын жолу ылдыйыш,
Кудайлап өткөн «вайвайдан».
Кууратпай жалгыз дарактай,
Куткарсаң боло кайгайдан.

Кыргыз-Ата, Шаң-Кол алмасы,
Кызарып бышып мөмөлүү.
Ооркучан кылба жүрөктү,
Окшобойт экен бөлөгү.

Абшырдын суусу шаркырап,
Аскадан төмөн куюлат.
Арзуу сөз айтсам ак дилден,
Армандуу болуп угулат.

Сонуркап жашап жүрөсүн,
Солкулдак жазгы ышкыны.
Кокустан көзгө көрүнүп,
Козгодуң сүйүү ышкымы.

Карасаң жашыл жай-кышы,
Кара Кой жери керемет.
Кападар кылбай көп эле,
Кайрылып бир күн келе кет.

Илебиң алоо жалындай,
Издесем сендей табылбай.
Боздотпо мени бозортуп,
Бото көз сулуу Жаңылай.

Кападар кылба көп эле,
Кара көз сулуу Жаңылай.
Көк Белдик сулуу Жаңылай,
Ноокаттык сулуу Жаңылай.

## КЫЗЫЛ-КЫЯ

Кара алтын жаткан шаар,
Карегиме баткан шаар.
Канча кылым өтсө да,
Кадыр урмат тапкан шаар.

Берекелүү, ырыстуу,
Берип турат жылуулук.
Таң атканы бир башка,
Тартып турат сулуулук.





Майда-майда басыгы,
Маңдайында жылдыз бар.
Жетигенге жашынган,
Жетпей жүргөн бир кыз бар.

Кызыл-Кыя, Кызыл-Кыя, Кызыл-Кыя,
Кылымдарга даңкы калган тарых шаар,.
Кызмат кылган көп улуттуу элдерге,
Кымбат болгон, калкым сүйгөн жарык шаар.

## ТӨРТҮНЧҮ ИЮНЬ

Төртүнчү июнь!
ушул күн,
кимдир бирөө үчүн,
кайгылуу күн болду.
Жоготту агасин-инисин,
эжесин-сиңдисин.
Эки эл,
Эриш аркак,
ага эле, тууган эле.
Эзелтен эч нерсе талашпастан,
Канатташ турган эле.
Кыз алып, кыз беришип,
куда-сөөк жакын эле.
Кыйынчылык түшсө башка,
бир бирине акыл эле.

Дайыма бир бирин сиз дешип,
сен дебей,
сен өзбек, мен кыргыз
Экөөбүз эки эл дебей,
кол алышып,
бир болуп,
ынтымакта келген эле....

Түпкү атабыз түрктөн,
жаралган,
таралган.
Тилибиз бир,
дилибиз бир,
дуба кылган
динибиз бир,
Түбүбүз бир элден эле.

Өзбектин үйүнө кыргыз барса,
- Келиңиз тагажан! – деп,
дасторкон жайып,
мөмө-жемиш жайнатчы эле.
Кыргыздын үйүнө өзбек келсе,
боорсок коюп,
кымыз куюп,
Казанда койдун этин кайнатчы эле.

Улуу Ата Мекендик согуштун,
кабары Ошко да жеткен эле.
Ошондо Оштон
өзбек, кыргыз,
Мекен үчүн,
эл үчүн,
жер үчүн.
Душманды жеңгени,
кол кармашып,
Согушка кеткен эле.

Бирге жатып окопто,
- Аман жетсең Ошко,
өзбекти кыргыз,
кыргызды өзбек
ага тутуп,
ини тутуп,
Айылымдан кабар алгын деген эле.





... үйү бир,
түнү бир,
күнү бир,
эки элге,
кыргыз менен өзбекке
эмне болду?

Ооба бүгүн,
караңгы боло түштү,
асмандагы жарык күнүм.

Ооба бүгүн,
Түрк Атанын уулдарына капам артып,
күч алып кетти,
санаа күйүтүм.
Чырдын башын биле албай,
Жүрөк сыздайт күнү- түн.

Өзбек, кыргыз,
уят болдук өзүбүзгө,
доо кетирип сөзүбүзгө.
Жер карадык,
тик карай албай
өзүбүз,
өзүбүздүн көзүбүзгө.

Ынтымак эл элек,
Ынтымакпыз деп мактанган.
Элдин баары,
бизди карап суктанган.

Башкалар да таң калды.
Кыргыздын ичсең кымызын,
сыйлар элең кыргызды.
алып келип базарга,
коон-дарбыз алмаңды.

Талашыңар деле жок ортодо,
ким чок салды.
эки элдүү ордого?
Дале кеч эмес,
кайра келип акылга.
Жарашып,
Достукка,
көрүш керек камылга.

Акылсыздын иши болду капыстан,
Эки элди кагыштырган,
КҮНӨӨКӨР,
Тургандыр карап алыстан.

Эл менен эл,
Жөндөн жөн чабышпайт.
Эл менен эл,
Тимден тим кагышпайт.
Өзбек менен кыргызды,
чабыштырып,
Кыргыз менен өзбекти,
кагыштырып,
койгон ким?

Ошолорду табыш керек!
Ошолордон элдин өчүн алыш керек!
Ким салса эки элди кайгыга,
жакшы күн көрбөсүн!
Бей күнөө,
шейит болуп кеткендердин,
КУСУРУ,
ошолорго жетсин.
Тирүүлүктө өмүр бою,
жакшылык көрбөй кетсин!





Элди элге,
чын эле ким тукурду?
Эртерээк табуу керек,
Эл ичиндеги,
туз ургурду!

## АКЫРЕТТЕ СУРАК БАР

Жаратуучу бир Алла,
Жан киргизип адамды.
Башкаруучу эмеспи,
Бүткүл дүйнө ааламды.
Биримдикте жашатып,
Бизге берген ыйманды.
Өзгө алат каарына,
Өлтүрүп жан кыйганды.

Отуз күндүк орозо,
Отко салбайт эч кимди.
Күндө намаз окусаң,
Күнөөлөрүң кечилди.
Туура жолго барасың,
Тутунсаң өз диниңди.
Таазим этсең Аллага,
Тазартасың дилиңди.

Өзгөлөрдү алдабай,
Өзүңө өзүң так болгун.
Өмүрүңдү булгабай,
Өз ишиңде ак болгун.
Бул ааламда адамдан,
Байлык калат, журт калат.
Күнөөңдү жалгандан,
Кыяматта куткарат.

Тозок отко түшпөйсүң,
Тооба менен жашасаң.
Азапка анда түшкөнүң,
Ардемени ашасаң.
Таламай бул дүйнөдө,
Тазартса суу булактар.
Кыйноо күндө калбагын,
Кыл көпүрө сурак бар.
Азап күндө калбагын,
Акыретте сурак бар.
Лаа иллаха иллалах,
Ашхадуанна Мухамбед Расулаллах!

## НООРУЗ

Айта келсек эгерде,
Ар намыстуу элибиз.
Ай-ааламга угулду,
Айтылып бүт кебибиз.
Алыста жатат тереңдеп,
Айтылса биздин тегибиз.
Ак карлуу мөңгү зоо болду,
Аныктап келсек чегибиз.
Арамза иш кылбады,
Ак бий, болуш, бегибиз.
Ашкерелеп тексизди,
Ажайып жанбыз деги биз.

Ай-ааламды сыдырып,
Асылдап сөз тапканбыз.
Армансыз арман дүйнөнү,
Ажарлуу кооз айтканбыз.
Алтай жактан, Эртыштан,
Ала Тоого кайтканбыз.





Атадан калган накыл сөз,
Алпештеп көөндө бакканбыз.
Аруулук жашап сезимде,
Акыйкат төшкө такканбыз.
Ачууланган душмандын,
Ачуусун жерге какканбыз.
Акылманды миң тыңшап,
Ата-энеге жакканбыз.
Чыгыштан чыгып күн сымал,
Чындык отун жакканбыз.
Керемет берген жашоого,
Келе жаткан ак таңбыз,
Касиеттүү күн күтүп,
Кереметке батканбыз.
Нагыз карап узакты,
Ноктолоп бей нысапты,
Ноoруз күтүп ар жылы,
Накта тоо жактанбыз.

Жергемди бүт гүлдөтүп,
Нооруз келди жаңырып.
Эгемендүү бул күндө,
Элимде көп жаңылык.
Кечээгидей болом деп,
Кээси жүрөт жаңылып.
Кубантып турат кайрадан,
Курулуп үйлөр салынып.
Карлар кетип, муз эрип,
Кара жер жумшак жарылып.
Кайра турмуш өзгөрдү,
Капалык бүт арылып.

Баар алды жайнаган,
Бажырайып гүл чыкты.
Суугу кетип, жаз келип,
Суктандырып күн чыкты.

Суктандырып адамды,
Сулуулук бар Ноорузда.
Жыпар жыттуу гүл аңкып,
Жылуулук бар Ноорузда.

Ынтымагы элимдин,
Ырыскынын кешиги.
Термелип турса экен,
Достуктун бешиги.

Тамшандырып таң эрте,
Таза аба, жел жүрөт.
Жаз айына шаң кошуп,
Маанайы ачык эл жүрөт.

Жылда күтүп алалы,
Жаңы жыл, Нооруз келди деп.
Өлкө Туусу жыгылбай,
Түбөлүк турсун желбиреп.

Жаңы жылда Ноорузда,
Таарынгандар жарашсын.
Билимдүүгө жол берип,
Бирин бири карашсын.

Билимдүү болуп, эч качан,
Билимсизди күтпөйлү.
Өчпөй турган тарыхта,
Өлкөбүздү түптөйлү.

Ыйман болуп элимде,
Ырыс болуп жеримде.
Жер термелип көчпөсүн,
Жергем менин көктөсүн.





Кара ниет келбесин,
Кайгы күндү бербесин.
Кабак бүркөп олтурбай,
Калкым иштеп тердесин.

Ич дүйнөбүз шактасын,
Илимий иш жактасын.
Тартипсизден качалы,
Талаага дан чачалы.

Урмат алып ар дайым,
Урушууну чектейли.
Уруулашып кетпейли,
Уңгулууну эстейли.

Жалган ушак айтышпай,
Жамандыкты жоёлу.
Байыркынын издерин,
Орду-ордуна коёлу.

Сүмөлөктү кайнатып,
Дасторконду жайнатып.
Кол алышып бир болуп,
Бириккенде миң болуп.
Кыйындыкты жеңели,
Эгиндерди эгели.
Жабыркаган адамга,
Жардамга чын келели.

Мамлекет ичинде,
Манас болуп урааны.
Бар болсун, Нооруз, бар болсун,
Бактылуу турмуш куралы.

*12-Март 2008-жыл*

## ЭЛДЕ ЭКЕН

Абалтан жашайт кыргыз эл,
Ала Тоону пааналап.
Акыйкатты издесе,
Акын айткан дааналап.

Айта келсең эгерде,
Акыйкат сөз табылат.
Ата теги жок болсо,
Ар балээге кабылат.
Ар намысын туу тутуп,
Ал жүрөккө тагынат.
Алыстап кетсе эгерде,
Ак калпак элин сагынат.

Абийирдүү адам бар,
Ардактаган калааны.
Айыл журтун чанган бар,
Артык көргөн «талааны».
Акын болуп жүргөн соң,
Айтпай кантип калалы.
Ашык сөзүм болбосун,
Акыр тийип залалы.

Эргип кетсем эгерде,
Элим үчүн чабылам.
Элге керек болгондо,
Эмгектенип табылам.

Элим десе кадыры,
Эмгегинен билинет.
Эстүү болуп сүйлөсө,
Эл оозуна илинет.





«Эркелиги» билинсе,
Эч ким аны жактырбайт.
Эстүү жанды укканда,
Эч качан ал жат кылбайт.
«Этек- жеңин» кагынган,
Эч балээге кабылбайт.
Эрегишкен бүлөгө,
Эки дүйнө бак табылбайт.

Эркеликтин чеги бар,
Энелердин мээри бар.
Эпчилдер эки арасат,
Элим десе жери бар.

«Чептен эрдин күчү бек»,
Чеп коргогон балбан бар,
Четте калбай кызматта,
Чеке тер сыйлык алган бар.
Чырдашпастан сыйлашкан,
Чын ырчы болуп калган бар.

Чырагы өчпөй жанса экен,
Чын аскер бойдон калса экен.
Чыгарса өкмөт буйругун,
Чыныгы сыйлык алса экен.

Чалгынчы аскер сыр катса,
Чабаалдары ун катпайт.
Чатакташып жүргөндөр,
Чала кайым сыр катпайт.
«Чатакташкан чалпоолор»,
Чамасы бизди жыргатпайт.

Мекен, журтту коргосун,
Менменсинген болбосун.

Майдаланып өтө эле,
Мактангандар оңбосун.
Магдыратып элимди,
«Машайыктар» колдосун.
Демдүү болуп жашагын,
«Демократ» жолдосун.

Мыкты жигит эл коргойт,
Мыктысынган мактанат.
Мыйзам бузган жалганчы,
Мышык болуп актанат.

Мөөрөй албай калгандар,
Мөөрөсө да утулат.
Мөгдөткөндөн бар болсо,
Мөөнөт жетсе кутулат.
Мекен журтун саткандар,
Мишенге алса тутулат.
Мээге эгер доо кетсе,
Мылтык атып кутурат.
Март жоокерим бар болсо,
Мекен гүлдөп кулпурат.

Бешиктеги балага,
Белендеген талкан бар.
Бекбекей өз жолунда,
Бек мырзада калкан бар.
Буйрук менен иш кылат,
Буркулдаса кылычтайт.
Бурулуп жоо келбесе,
Бурут эл өзү урушпайт.

Барктуу болсоң эгерде,
Баасын акыр аласың.
Баштагы кызмат жок болду,





Бакыбат кыргыз баласың.
Бекем болуп, тыкан бол,
Бермет сый чын табасың.
Берерин берсе унутпай,
Белгилүү бойдон каласың.

Азап тартса Ата Журт,
Азасын колго алалы.
Жамандык келсе жашыруун,
Жазасын жолго салалы.

Өлкө үчүн жан берип,
Өбөк болуп туралы.
Жөө жүрсөк да ат минбей,
Жөлөк болуп туралы.
Жардыланып турганда,
Жарык болуп туралы.
Акпас сууну агызып,
Арык болуп туралы.
Санжырасын толуктап,
Санат болуп туралы.
Кайып кетер кайгыдан,
Канат болуп туралы.
Катарлашып көбөйүп,
Калың болуп туралы.
Жапырылбай тап болуп,
Жалын болуп туралы.
Чепте катар тизилип,
Чалкан болуп туралы.
Калк мүдөөсүн кандырып,
Калкан болуп туралы.
Шамдагайлык жуксун деп,
Шумкар болуп  туралы.
Туйлап турган тапталган,
Тулпар болуп туралы.

Кепти бурсам эгерде,
Керемет сөз элде экен.
Келишимдүү келбет бар,
Кептин баары теңде экен.
Кызмат кылып кыргызга,
Кыраан болуш эмне экен.

## ЭНЕ ТИЛИМ - КЫРГЫЗ ТИЛ

Таза аба жел салкын,
Тааның алам жер баркын.
Түбөлүккө барктаймын,
Түгөнбөгөн эл наркын.

Элим үчүн күйбөскө,
Эмне кылам ыр айтып.
Намысы жок куу башты,
Найзалайлы сырайтып.

Кыргыз тили жеримде,
Мекен туусу сыяктуу.
Кыргыз эли – кыраан эл,
Дилин сактап уяттуу.

Эне тилим берекем,
Эстен кеткис энекем.
Эчен жыл ай өтсө да,
Эч унутпас мен экен.

Эне тилим – Кыргыз тил,
Эскирбеген, өчпөгөн.
Башын алам десе да,
Башка тилге көчпөгөн.





Илимпоздор көп чыкты,
Илимий иш жактаган.
Кыраандарды ойчулу,
Кылым бою сактаган.

Кызыры де көп тилдин,
Кыянат эмес эп болот.
Кыргызстандыктарга,
Кызмат кылат чеп болот.

Кыйла тилден сымбат тил,
Кырчын кездей кымбат тил.
Каада-салт, нарк, баркы бар,
Кадырлагын сыйлап бил.

Куйкум сөздүү жарык тил,
Кучак толгон тарых тил.
Сүйлөй алган такылдап,
Сүймөнчүктүү анык тил.

Жалын оттон бүткөн тил,
Жакшылыкты күткөн тил.
Бүтүндүгүн сактаган,
Бүт баарына түткөн тил.

Жандууларга жаккан тил,
Жакшы сөз шыр аккан тил.
Жаңырып тоо, ааламга,
Жадында сыр каткан тил.

Жалын отту чачкан тил,
Жан доско сыр ачкан тил.
Жалган ушак, мерезден,
Жаа бою алыс качкан тил.

Калптын оозун жапкан тил,
Көңүлдөрдү тапкан тил.
Каада билбей сөз сүйлөп,
Калп айтканга капкан тил.

Кэзде ташып азган тил,
Көңүл черин жазган тил.
Сүйдүрүп түрк элдерин,
Сүйлөө сөзү дастан тил.

Кырчылдатып кылычтап,
Кыргын кылып чаба албайт,
Кыргыз тилдей чок тилди,
Кылымдарда таба албайт.

## ..КИМ АЙТАТ?

Алкымды тыя албасак,
Алыска кете албайбыз.
Калп түбүн кыя албасак,
Калыска жете албайбыз.

Мекенчил боло албасак,
Мекен жытын табуу кыйын.
Кылычты чаба албасак,
Кыя шилтеп чабуу кыйын.

Бирдиктүү буттабасак,
Бийиктикке чыгуу кыйын.
Дөөпараздык кылып жатсак,
Дөөнү чалып жыгуу кыйын.

Бир сабаттуу болбой туруп,
Миң илимди таануу кыйын.
Даамын татып жашап туруп,
Өз Журтуңду тануу кыйын.





Мекениңе сен кезелип,
Уу ок болуп атылбагын.
Жер сүзсөк да биз сезелик,
Душманыңа сатылбагын.

Калп айтып ичтен ириңдеп,
Ыраазы кылам дебегин.
Бөлүнүп кетип бириндеп,
Ыйманыңды эч жебегин.

Байлыгыңа ишенбегин,
Бүт эл менен айылсың.
Уул бол, калпты кишендегин,
Узакка атың таанылсын.

Ошондуктан жардам күтсөк,
Көңүлдөгү болсо деймин.
Жеңил, оорго чыдап түтсөк,
Өз дилиме толсо деймин.

Бардарларга жалдырабай,
Баш көтөрүп иштейличи.
Ийгиликти калтырабай,
Ички журттан издейличи.

Башка түшсө таап айла,
Кыйындыгын сезбейличи.
Жокту айтып кайра-кайра,
Жүрөктөрдү эзбейличи.

Өөрчүтүп өлкө миздерин,
Өзгөрүлбөй өз дейличи.
Жаратып тарых издерин,
Жакшы жагын көздөйлүчү.

Караңгы баары түн делет,
Ниеттерди түздөйлүчү.
Жөөт суктанар күн келет,
Үмүттөрдү үзбөйлүчү.

Улуу элбиз арадан,
Ушакчы кемпай чыкпасын.
Дүңгүрөп жылып бараткан,
Дүбүрттү кантип укпасын.

Абалтан ата тегим бар,
Арийне ичте кегим жок.
Өлкөсү бар элим бар,
Өлгүдөй жанды жегим жок.

Сез деп журттун муң зарын,
Сезимдерим миң айтат.
Сен кыргызмын дебесең,
Мен кыргызмын дебесем,
Кыргызмын деп ким айтат?

## КАЙДАН ЖОКТОЙТ

Алсырап турсам ал куруп,
Нан жытын эңсеп буудай дейм.
Жан талпас кылсам жан ооруп,
Өз тилде сүйлөп кудай дейм.

Четте жүргөн кээ бирөө,
Ченемсиз байлык сактайт.
Эне тилин чанган болсо,
Эне сүтүн кантип актайт.

Араба сынып, өгүз жок,
Айлабыз куруп турганда.





Андайда байлар кол сунбайт,
Алдыңкы өлкө курганга.

Ансыз да өлкө курулат,
Андайдан эч үмүт жок.
Киндик кан тамган журтум бар,
Кайгырар деле күйүт жок.

Байлыгым ички дүйнөмдө,
Байлыгын такыр талашпайм.
Бийлигим калем учунда,
Байсынганга жанашпайм.

Журт таанымы өчүп анын,
Жөн гана кир дүйнө топтойт.
Өжөрлөнсө байлык үчүн,
Өз мекенин кайдан жоктойт.

## ...ДЕГИМ КЕЛДИ

Элимдин көрүп көйгөй күнүн,
Эргип бир ырга салсакпы дедим.
Эркиндик тууларын желбиретип,
Эми бүт колго алсакпы дедим.

Узак жыл жүрдүк биз түйшүктөнүп,
Уйкудан эми турсакпы дедим.
Улуттук өнүгүү сапарына,
Уялбай көңүл бурсакпы дедим.

Акылкөй болбой эстүүсүнүп,
Акыйкат жолун тапсакпы дедим.
Алдыга таштап кадамдарды,
Амалкөй оозун жапсакпы дедим.

Үмүттүү күтүп жыргалдын күнүн,
Үлүштү бирдей бөлсөкпү дедим.

Жалындап күйүп, алоолонуп,
Жан берип, эл деп өлсөкпү дедим.

Жер сатпай журтту сактагын деп,
Желмогуз оозун тыйсакпы дедим.
Маңдайына илип өтүктөрүн,
Манастай элди жыйсакпы дедим.

Билдирбей жеген мителердей,
Бийликтин оюу аксакпы дедим.
Өзгөлөрдү карап олтурбастан,
Өз жанды эптеп баксакпы дедим.

Ыркырап адеп чыркырашпастан,
Ыйманга бүгүн келели дедим.
Ыссыгын, суугун, жакшы, жаманын,
Ырастап айтып берели дедим.

Каралуу күндөр көп болуп жатат,
Карап, аларды көрөлү дедим.
Көйгөйлүү турмуш, азап-муң бар,
Көңүлдү азга бөлөлү дедим.

Кыскарган өмүрлөр кыскарууда,
Кызыктуу жерин жыялы дедим.
Жалганды айткан ушактардын,
Жалаачы сөзүн тыялы дедим.

Ыймансыз жандан ырыс качат,
Ыймандын көөнү топуктур дедим.
Ырыскы кесер атка конбой такыр,
Ыйы жок жазууну окуп тур дедим.

Ата Журт элине түркүк болуу,
Азаптарга чыдап, түткөндөн дедим.





Атак даңк алуу жылдыз го делип,
Ай менен күндөн бүткөндөн дедим.

Өкүнүп, өксүп ыйлаган бул,
Өмүрдү эрте кыйгандан дедим.
Артык баш кылбай армандын жолун,
Акылман болуу, ыймандан дедим.

Абийирин, арын, намыстарын,
Акылын калчап сатпасын дедим.
Азуусу чоңдор мылтыгын кезеп,
Айылдыктарды атпасын дедим.

Ар кимди карап көп суктанбастан,
Ала Тоо жерин мактаса дедим.
«Адигине» суусу мөңгүдөндүр,
Алтын кен байлык сактаса дедим.

Жарыша иштеп өз Мекенинде,
Жалкоолук кылып жатпаса дедим.
Кепилдик кылып калкы, эл үчүн,
Кенедей сырын катпаса дедим.

Созулган келин, кыз күзгүлөнүп,
Солоктоп басып жүрбөсө дедим.
Айылды, шаарды, гүлдөтүүгө,
Азамат жигит үндөсө дедим.

Колмо-кол болуп жашабастан,
Коррупция деген жоголсо дедим.
Кол берип достук, ынтымакка,
Кокуй күн өлкөм оңолсо дедим.

Ышталган көөлөрдөн кутулуп эл,
Ылайым кут, ээ консо экен дедим.

Өз жанын, эл, журтун бага турган,
Өнүккөн өлкө болсо экен дедим.

Үрөйдү учуруп булганычтуу,
Денеден сактагын дегим келди.
Кызыл эт уулун бир таштап кеткен,
Энеден сактагын дегим келди.

Шилтенип кызматты кыла турган,
Куйруктан сактагын дегим келди.
Бузуку кара ниет, кара мүртөз,
Буйруктан сактагын дегим келди.

Баш аягы таптакыр билинбеген,
Баяндан сактагын дегим келди.
Адамга кыянаттык кыла турган,
Аяндан сактагын дегим келди.

Кештесин бек катып жүрө албаган,
Келинден сактагын дегим келди.
Жүр-жүр деп койсо жетеленген,
Жеңилден сактагын дегим келди.

Капкараңгы кылар жарык күндү,
Карадан сактагын дегим келди.
Жайылып кетчү бүт адамдарга,
Жарадан сактагын дегим келди.

Душмандарың жойлоп жүрө турган,
Түнүңдөн сактагын дегим келди.
Күн тутулуп кайрадан чыкпаган,
Күнүңдөн сактагын дегим келди.

Таштактуу, кум-чөлдүү суусундук,
Талаадан сактагын дегим келди.





Жакшыларды жаман дедиришкен,
Жалаадан сактагын дегим келди.

Топон суу басса, тозоктуу оттун,
Төрүнөн сактагын дегим келди.
Көйгөйлүү болгон бул тирүүлүктүн,
Көрүнөн сактагын дегим келди.

Ажыдаар болуп жутамын деген,
Адамдан сактагын дегим келди.
Калыстык жолдордон кайып кетчү,
Кадамдан сактагын дегим келди.

Адалдык иштерин булгап кеткен,
Арамдан сактагын дегим келди.
Тамырдын кандарын жүгүртпөгөн,
Тарамдан сактагын дегим келди.

Кызыл канга өз элин боёп койгон,
Канкордон сактагын дегим келди.
Ант бузуп Мекенин сатып кеткен,
Анткордон сактагын дегим келди.

Жер үстүн кыйраткан шамалдардын,
Желинен сактагын дегим келди.
Селейткен акыркы кыяматтын,
Селинен сактагын дегим келди.

Ден соолук өмүрдү залалдаган,
Ылаңдан сактагын дегим келди.
Тазалыкты тутпай шакмарланган,
Тулаңдан сактагын дегим келди.

Жыйрылып кирүүчү коюнуңа,
Жыландан сактагын дегим келди.

Удургуп кетишкен өз журтунан,
Уландан сактагын дегим келди.

Беймаза жумушту жасап жүргөн,
Бетпактан сактагын дегим келди.
Кел-келди берип, тирүү жандарга,
Кет-кеттен сактагын дегим келди.

Күтпөгөн кырсык, ажалды берчү,
Кырсыктан сактагын дегим келди.
Жыпжыңалач эттерди көрсөткөн,
Жыртыктан сактагын дегим келди.

Зомбулук, кысым, кыйноо ыкыстан,
Зордуктан сактагын дегим келди.
Күнөөсүз түшкөн аң зындандарга,
Кордуктан сактагын дегим келди.

Адилеттүү болсун деп, бул жашоо,
Азаптан сактагын дегим келди.
Баатырларды бирден жалмап турган,
Казаттан сактагын дегим келди.

Абыке, Көбөштүн кейпин кийген,
Былыктан сактагын дегим келди.
Котур ташын каткан коюуна,
Чылыктан сактагын дегим келди.

Кыйраткан бүт ички сезимдерди,
Үшүктөн сактагын дегим келди.
Түгөлдөсөң эч бир түгөнбөгөн,
Түйшүктөн сактагын дегим келди.

Көрө албаган куйту, ичи тар,
Көпкөндөн сактагын дегим келди.





Сөөмөйүн кезеп өз атасына,
Сөккөндөн сактагын дегим келди.

Кынынан суурулган чукулунан,
Кылычтан сактагын дегим келди.
Убайымга жанды күндө сала келген,
Уруштан сактагын дегим келди.

Адамдык дилди тазарта алган,
Арууну бергин дегим келди.
Кармаштарда дөөнү жеңип жыккан,
Каруунну бергин дегим келди.

Коргогон чепти жаш жигиттерге,
Курчтукту да бергин дегим келди.
Тилеп-тилеп сурайм жети «жерге»,
Тынчтыкты да бергин дегим келди.

Касташып чууларды чыгарганды,
Каралуу бир кылгын дегим келди.
Жаалданган ички душмандарды,
Жаралуу бир кылгын дегим келди.

Биз деп сүйлөгөндү мен дебеген,
Билимдүүрөк кылгын дегим келди.
Ийнелеп кудукту казгандарды,
Илимдүүрөк кылгын дегим келди.

Улуу сөздү айткан ойчулдарды,
Уруктуурак кылгын дегим келди.
Туптуура сүйлөп, калпты айтпаган,
Туруктуурак кылгын дегим келди.

Жакшылык колунан келбегенди,
Жат карып кылгын дегим келди.

Жашоого өчпөс нур күндү берип,
Жапжарык кылгын дегим келди.

Кулаткан тактан калыс сөздүүнү,
Куйкумдуу кылгын дегим келди.
Сүттөй ак болсо ал кызматында,
Сүйкүмдүү кылгын дегим келди.

Тарыхты жараткан баатыр, шерди,
Тактылуу кылгын дегим келди.
Байыркы, түптүү кыргыз элимди,
Бактылуу кылгын дегим келди.

## СУКТАНААР КҮН КЕЛЕТ

Алкымды тыя албасак,
Алыска кете албайбыз.
Калп түбүн тыя албасак,
Калыска жете албайбыз.

Мекенчил боло албасак,
Мекен жытын табуу кыйын.
Кылыч колго ала албасак,
Миң бир шилтеп, чабуу кыйын.

Сабаттуу болбой туруп,
Илимди таануу кыйын.
Даамын татып, жашап туруп,
Өз журтуңду тануу кыйын.

Бирдиктүү буттабасак,
Бийикке чыгуу кыйын.
Дөөпараздык кылган менен,
Дөөнү чалып, жыгуу кыйын.





Калп айтып ичтен ириңдеп,
Ыраазы кылам дебегин.
Ыштаның жок калсаң да,
Ыйманыңды жебегин.

Байлык күткүн, ишенбе,
Элиң менен айылсың.
Уулу болсоң ишенген,
Бүт баарына кайылсың.

Сырттан жардам алсак дагы,
Көңүлдөгү болсо деймин.
Өзөрүп калсак дагы,
Өз дилиме толсо деймин.

Бардарга жалдырабай,
Баш көтөрүп иштейличи.
Ийгиликтер колубузда,
Ички журттан издейличи.

Башка түшсө биз чыдап,
Кыйындыгын сезбейличи.
Жокту айтып кайра-кайра,
Жүрөктөрдү эзбейличи.

Өлкө алсыз болсо да,
Өзгөрүлбөй өз дейличи.
Жаратып тарых издерин,
Жакшы жагын көздөйлүчү.

Турмуш күндө оңолууда,
Ниеттерди түздөйлүчү.
Биз суктанар күн келер,
Үмүттөрдү үзбөйлүчү.

## КУТТУУ ЖЕР

Кейиш кылбайм Ала Тоо,
Кереметтүү жер экен.
Аба таза, суу тунук,
Ажайып кооз төр экен.

Алтын сап ыр тизмектеп,
Айтып кетсем эмне экен.
Акактай таза дил мурас,
Ак пейил, кыргыз элде экен.

Арман кылбайм эч качан,
Арашан кооз жер экен.
Акыйкат издейт балдары,
Ар намыстуу эр экен.

Алмаз өткүр болбосо,
Арадан өткөн жел экен.
Абийирди сактаган,
Ак калпак кийген эл экен.

Чогоол мүнөз элденбиз,
Чоң-чоң ишке жараган.
Чолпонго тийип, төбөбүз,
Чокудан туруп караган.

Улуубуз дайым адептүү,
Урууну тактап, жиктеген.
Биз башкача улутпуз,
Бийиктен карап тиктеген.

Өзгөчө тарых жасайбыз,
Өзгөлөр такыр күтпөгөн.
Санат айтсак жарашып,
Санжырабыз бүтпөгөн.





Ишенимдүү жүрөбүз,
Ич ооруса айтпаган.
Жоого, окко тик багып,
Жолборстой кайтпаган.

Ата- Журттун милдетин,
Ар дайыма актаган.
Тоолуктарды койнуна,
Тоолор гана сактаган.

Өзгөчө болот турбайбы,
Өнүп өскөн тууган жер.
Кичи мекен аталып,
Киндик кесип, бууган жер.

Ичи кенен жайылып,
Ийри- Суу түк кең жайлоо.
Суурлар чыгып, жайылып,
Суусамырга тең жайлоо.

Жайдын күнү керемет,
Жайыт жашыл чөп болуп.
Кетет төмөн жүгүрүп,
Кекиликтер топ болуп.

Чырмоок чөптү аралап,
Чилдери бар сайраган.
Жайлоо жыты бир башка,
Жашагың келет кайрадан.

Сүйүктүү деп өз жерин,
Сүйсө керек ар адам.
Буюктурбайт мекенин,
Бул дүйнөдө бар адам.

Абалтан болуп, дос тууган,
Алайлыктар ыкташып.
Алдияр тоо уланып,
Алай тоосу учкашып.

Сулуулугу адамды,
Суктандырып, бийик жер.
Суусу дары, мазарлуу,
Султан- Супа ыйык жер.

Дарбаза- Бел байыртан,
Даңктуу элге дарбаза.
Ай ааламды көрө албайт,
Ат бастырып барбаса.

Ошол белден карасаң,
Ош, Сулайман тоо көрүнөт.
Чыйрыктырбай адамды,
Чыгыштан нур төгүлөт.

Караан болуп калкыма,
Кароол дөбө эң бийик.
Кайраты бар намыскөй,
Калпак кийген эл бийик.

Кышта кар көп, жай жашыл,
Кыдыр өзү даарыган.
Кызырек минсе балдары,
Кымбат көрөм баарынан.

Бекимбечек көп ойноп,
Бешик жондо мен жаттым.
Беде чөптү төшөнүп,
Беш үркөр карап, кең жаттым.





Чоң- Дөбөдөн, белестен,
Чөптү ордум чапкылап.
Аралатпай жүдөткөн,
Адам бою аткулак.

Чогултуп, айдап койлорду,
Чоң – Бетте мен жатканмын.
Чогулткан буудай жесе эгер,
Чозмолоп, чымчык атканмын.

Ак боор менен Кызыл жар,
Айдап койду бакканмын.
Кыйла көрдүм ушинтип,
Кызарып күн батканын.

Ойноок күнүм калган жер,
Ойлоп көрсөм Ормон жон.
Ар балээден сактаган,
Айылыма коргон жон.

Жер - ааламдын киндиги,
Жеңил эмес ырдашка.
Көрөңгөлүү чалкар жер,
Көрүнүшү бир башка.

Жазда жайлоо, кышы оор,
Жашаганга ыктуу жер.
Ырчы, балбан элдери,
Ырыс тапкан куттуу жер.

## ЭСТЕГЕНДЕ

Караган сайын каратат,
Карегиң кара мейиздей.
Бешенең жарык жайдары,
Пейилиң кенен деңиздей.

Тамшантат набат сөздөрүң,
Таттуусу тоонун балындай.
Кызарган жүзүң албырып,
Кызыл от, алоо жалындай.

Күлгөнүң үндүү шыңгырап,
Күлүктүн жетпейт басыгы.
Жалжал көз болдуң күйүтүм,
Жанымдын болбой азыгы.

Болгону тайкы тагдырың,
Баланын жытын искебей.
Жүрөктө жашап арман күн,
Жүрөрсүң эми издебей.

Көркөмдүү кымбат нур затсың,
Көлкүлдөп тулкуң сымаптай.
Жүрө бер эсен аман соо,
Жүрө албайт окшойм ынактай.

Эстеген сайын боздодум,
Эзилип жүрөк таң да атпай.
Таркатып кумар бир жоолук,
Талантың менен таңдантпай.



## ТАБАМ

Балыктай туйлап суктантып,
Болгону менен сулуулук.
Берметтен шуру таксам да,
Бере албадың жылуулук.

Бүлүкө салдың сезимди,
Бүткөнбү таштан жүрөгүң.
Уялар болот жумшактан,
Уйгактан беле түнөгүң.

Уурдап кеттиң уйкумду,
Убайга салып башымды.
Сүйүү- бул чексиз ааламдай,
Сураба арман жашымды.

Сүлүктөй тилиң соймоңдойт,
Сүйүүнүн отун жандырбай.
Буюктурдуң бороондой,
Бугумду жазып кандырбай.

Сүйкүмсүз болуп өзгөрдүң,
Сүйдүрүп, жүзүң албырбай.
Теректей боюм саргайып,
Тешилди жүрөк калбырдай.

Сөздөрүң тикен, бал эмес,
Сөйкөң болсо алтындан.
Азгырылып эми мен,
Аймалап өппөйм алкымдан.

Жароокер бол ийилип,
Жаңылбай каада-салтымдан.
Өгөлөй берсең баркымды,
Өңдүү кыз табам калкымдан.

## КЕТЕ БЕРДИМ

Ашкан сулуу ким чыкмак,
Кебездей эрдиң жупжумшак.
Азгырып барат ак мамаң.
Кагышын жүрөк миң тыңшап.

Узарып барып, күн батмак,
Түн ооп толгон ай чыкмак.
Сезимди козгоп, дүрбөтүп,
Сыйкырлап койдуң жай чыктап.

Кой десем болбой жулунуп,
Колдоруң белге сунулуп.
Бир саам болуп бактылуу,
Билинбей көзүң жумулуп.

Ажарлуу тизең бүгүлүп,
Акышың башка угулуп.
Бах чиркин, бал таткандай,
Баратты көзүң жумулуп.

Өзү эле өчүп шам чырак,
Денебиз балкып жанчылат.
Өтө оор жумуш кылгансып,
Маңдайдан шор тер тамчылап.

-Вай- деп, онтооң угулуп,
Бараттык улам жуурулуп.
Болгону бир таң атырдык,
Болгон жок эч бир уурулук.

Ар сөзүңдө бал турат,
Акелеп көзүң жалдырап.





Бүгүлө түшүп эки бел,
Бүт дене түштү шалдырап.

Ойлонуп санааң тынчытпай,
Ордуңда жаттың үн чыкпай.
Келем, балким, келбейм деп,
Кете бердим күн чыкпай.

## АЛСЫРАЙ ТҮШТҮҢ

Сүйбөскө жолуң бек тура,
Сыр айткан күндөр кеч тура.
Адаша түшүп акылдан,
Арыктай түштүм беш кила.

Тамылжып нурлар бетиңден,
Тана да түштүң эсиңден.
Көшүлүп кеттиң башкача,
Көрбөпмүн андай эч кимден.

Берекем кандай сонун- деп,
Берметпи сенин койнуң -деп.
Беш мерте айтып жибердиң,
Белимден тартып койгун- деп.

Бир башка сенин ордуң - деп,
Болчу – деп, - көңгө толгун деп.
Багынып турдуң жалдырап,
Батыраак бачым болгун- деп.

Кымбатым-дедиң үн салып,
Көрбөпмүн жыргал мынчалык.
Мээримдүү жүзүң нурданып,
Магдырай түштүң тынч алып.

Алтыным-дедиң үн салып,
Ажарлуу болдуң мынчалык.
Агатай- деген боюнча,
Алсырай түштүң тынч алып.

## ЧУЧУККА ЖЕТИП

Ысык Көлдүн жээгинде ойго батып,
Алыкул ыр жазып, жөтөлүп турат.
«Базыл», «Найман», «Үч бай», «Кутту» жазды деп,
Бактыгүлдү «Кумурска» көтөрүп турат.

Ырай берип кыргызга Алла Таала,
Ырыскыны чачып турган тоо экен.
Ырастап ыры менен айтып турат,
Ынтымаксыздык Кыргызга жоо экен.

Абийирсиздик адам кайгысыдыр,
Адилетсиздик чынды чыркыратар.
Чубалтып, ушак айтып, жалаа жапса,
Чучукка жетип, дене зыркыратар.





## ӨМҮР ДЕГЕН ЫР ЧЫКТЫ

Өмүр сакчы боло албай,
Жүргөндөрү курусун.
Өзөгүңө өрт таштап,
Күлгөндөрү курусун.

Өз алдынча өмүрдү,
Сүргөндөрү курусун.
Кымтылабай этегин,
Түргөндөрү курусун.

Баркын билбей жашоонун,
Пулдагандар курусун.
Өмүр сатып адамды,
Кулдагандар курусун.

Эки жашар баласын,
Зордогондор курусун.
Кызын сатып чет элге,
Кордогондор курусун.

Өз балдарын ээ койчу,
Өлтүргөндөр курусун.
Өмүрдү билбей оозун,
Көптүргөндөр курусун.

Сактабасак өмүрүн,
Чөгөт экен көңүлүң.
Уул-кызың бар болсо,
Узара түшөт өмүрүң.

Аксыдагы окуя,
Эстен чыкпайт кокуя.
Жоолоштурган элдерди,
Тыйгандарың жокпу ыя.

Акыйкатты издеди,
Апрельдеги төңкөрүш.
Жаш өмүрлөр кыйылып,
Жашоодо көп өзгөрүш.

Оштогу Июнь күндөрүн,
Унуттум, кайдан унуттум.
Жашоо үчүн күрөшкөн,
Адаммын, эркин улутмун.

Өмүр- адам ынагы,
Өмүр- адам чырагы.
Айтсак кээ бир бийликти,
Ошол дагы бийликпи.

Же болбосо өмүрдү,
Бийлик үчүн кыйдыкпы.
Же өмүргө кол салса,
Ошол өзү сыймыкпы.

Сактабаса өмүрдү,
Беребизби сыйлыкты.
Болбостур дейм залалы,
Бетке айтсак чындыкты.

Күтүлбөгөн от чыкты,
Снайперден ок чыкты.
Канткенде да арман көп,
Ушундай, өмүр- деген ыр чыкты.

Жакшылык болсун ылайым,
Алла Таала кудайым:
Жараткан экен адамды,
Башкарсын деп ааламды.





Ошентип анан жарыкка,
Адам Ата келиптир.
Өзгө акыл эс менен,
Өмүр кошо бериптир.

Ошол күндөн далайды,
Көрүп келген- бул өмүр.
Шордуу болуп көз жашын,
Төгүп келген- бул өмүр.

Татаал күнгө баарына,
Көнүп келген- бул өмүр.
Бар болуп, кээде жок болуп,
Өнүп келген –бул өмүр.

Чыркыраган чындыкты,
Издеп келген- бул өмүр.
Жакшы жакка баарысын,
Түздөп келген -бул өмүр.

Өмүр- деген жарык күн,
Өлүм- деген кара түн.
Өмүр, жандын үмүтү,
Өлүм, жандын күйүтү.

Өмүрдүн билсең байлыгы,
Ден соолук болот турбайбы.
Өмүргө өмүр улаган,
Ак жоолук болот турбайбы.

Баалай билсең өмүрдү,
Гүлү болот турбайбы.
Эсептелүү, саналуу,
Күнү болот турбайбы.

Сүйкүмдүү болуп дайыма,
Сүйгөнү болот турбайбы.

Күлкүгө жетпей кээ кээде,
Күйгөнү болот турбайбы.

Өмүр болсо адамда,
Жашоо болот турбайбы.
Тууган, доско, баарына,
Каттоо болот турбайбы.

Өмүрдүн кымбат экенин,
Сезе турган эл кайда.
Өмүрүң өтүп кеткен соң,
Келе турган сен кайда.

Өмүрдүн болот- булагы,
Өмүрдүн болот- ынагы.
Өмүрдүн болот- жарыгы,
Өмүрдүн болот- карыбы.

Өмүр барда, жашай бил,
Өмүрүңдү сактай бил.
Өмүр барда, каттай бил,
Өмүр барда, мактай бил.

Өмүр барда сүйө бил,
Өмүр барда күйө бил.
Өмүр барда –баалай бил,
Өзгөгө бакыт- каалай бил.

Кызмат элге ак болсо,
Кызыр Ата даарыган.
Өзүмчүл болбой жашайлы,
ӨМҮР кымбат баарынан.



# Арноо ырлары



## АТАКЕМ

Азандан соң жылкы сүрүп айдаган,
Алкынтып да аргымакты байлаган.
Акыл-санат сөзүн мага көп айтчу,
Ак сакалчан атакемден айланам.

Бүркүт алып оң колуна кондурган,
Бүтүн жилик коногуна койдурган.
Бүтпөс ырды кылымдарга калтырып,
Бүт тарыхты ташка чегип ойдурган.

Небереси кошо болуп жанында,
Намаз окуп күндө эрте таңында.
Накыл кебин айтып турат эскертип,
Дайым бол деп Ата- Журттун камында.

Билбей калсам көп өнөрдү үйрөткөн,
Булбул үндүү комуз кылын сүйлөткөн.
Буруп келип булак суусун Супадан,
Багбандардай эшик алдын гүлдөткөн.

Кырдан карап көз карегин талдырган,
Куш агытып, коен, түлкү алдырган.
Кайгы тартпай жүрсө экен атакем,
Күлүк минип, боз жоргону салдырган.

*1-октябрь, 2000-жыл*





## ПАЙЗИЛДА АГАЙДЫН МЕКТЕБИ ЖАНА ОКУУЧУЛАРЫ

Адегенде агайга,
Айтар сөздү белендеп.
Алты ооз ыр арнадым,
Ак окуткан элең деп.

Баары болсун башынан,
Бакыбатсың жашыңан.
Журтуң келди жесек деп,
Жетимиштеги ашыңан.

Жыйырма алты жылында,
Жалпак Ташта төрөлдүң.
Кыйынчылык мезгилде,
Кыйналдың да көгөрдүң.

Колхоздошуу кезинде,
Кызмат кылдың элиңе.
Канат болдуң жетилип,
Каныгып эл кебине.

Бала күнгө канбастан,
Барып жатып албастан.
Батышта согуш башталып,
Баштадың иш калбастан.

Санаалаштар, агалар,
Согушка бүт аттанып.
Аргасыз иш каруу жок,
Айылда сиз жаш калып.

Ал күн турат эсиңде,
Апа ыйлап боздогон.

## АТАКЕМ

Азандан соң жылкы сүрүп айдаган,
Алкынтып да аргымакты байлаган.
Акыл-санат сөзүн мага көп айтчу,
Ак сакалчан атакемден айланам.

Бүркүт алып оң колуна кондурган,
Бүтүн жилик коногуна койдурган.
Бүтпөс ырды кылымдарга калтырып,
Бүт тарыхты ташка чегип ойдурган.

Небереси кошо болуп жанында,
Намаз окуп күндө эрте таңында.
Накыл кебин айтып турат эскертип,
Дайым бол деп Ата- Журттун камында.

Билбей калсам көп өнөрдү үйрөткөн,
Булбул үндүү комуз кылын сүйлөткөн.
Буруп келип булак суусун Супадан,
Багбандардай эшик алдын гүлдөткөн.

Кырдан карап көз карегин талдырган,
Куш агытып, коен, түлкү алдырган.
Кайгы тартпай жүрсө экен атакем,
Күлүк минип, боз жоргону салдырган.

*1-октябрь, 2000-жыл*





## ПАЙЗИЛДА АГАЙДЫН МЕКТЕБИ ЖАНА ОКУУЧУЛАРЫ

Адегенде агайга,
Айтар сөздү белендеп.
Алты ооз ыр арнадым,
Ак окуткан элең деп.

Баары болсун башынан,
Бакыбатсың жашыңан.
Журтуң келди жесек деп,
Жетимиштеги ашыңан.

Жыйырма алты жылында,
Жалпак Ташта төрөлдүң.
Кыйынчылык мезгилде,
Кыйналдың да көгөрдүң.

Колхоздошуу кезинде,
Кызмат кылдың элиңе.
Канат болдуң жетилип,
Каныгып эл кебине.

Бала күнгө канбастан,
Барып жатып албастан.
Батышта согуш башталып,
Баштадың иш калбастан.

Санаалаштар, агалар,
Согушка бүт аттанып.
Аргасыз иш каруу жок,
Айылда сиз жаш калып.

Ал күн турат эсиңде,
Апа ыйлап боздогон.

Айылдан ый, муң чыгып,
Арман сөзүн козгогон.

Эч бир кетпейт жадыңдан,
Эне ыйлап кайгырган.
Эсте турат түйүлүп,
Эрден эрте айрылган.

Ошолорду эстесең,
Обдула да каласың.
Ал күн өтүп кеткен соң,
Азыр кайдан табасың.

Он алтыга толгондо,
Олбур жигит болгондо.
Оор жүк кеттиң көтөрүп,
Олтурбастан коргондо.

Анткени сен түшүндүң,
Ата-Журттун азабын.
Дилден улап кетсем деп,
«Дүйшөн» берген сабагын.

Чынгыз жазган Дүйшөнү,
Чын эле сен болгонсуң.
Окутканда балдарды,
Он алтыга толгонсуң..

Өспүрүм жаш кезиңде,
Өсө электе канатың.
Багалеги жыртылган,
Балдардын ачтың сабатын.

Ууз сүт ооздон кете элек,
Уулдун таптап канатын.
Чаалыкпастан сабактан,
Чалдардын ачтың сабатын.





Келгин жазуу үйрөн деп,
Келсе күүлөп канатын.
Кем өксү жан болбо деп,
Келиндин ачтың сабатын.

Кыраакы болуп дайыма,
Кыргызым деп түйшөлгөн.
Кетели айтып туурасын,
Калышпайсын Дүйшөндөн.

Маарекелүү тоюңда,
Мактасак куп жарашат.
«Машыккандар» биле албайм,
Мактоого кандай карашат.

Адегенде Өзгөндөн,
Алып келдиң билимди.
Анда кийин Ош жактан,
Алдың терең илимди.

Эски Фрунзе шаарына,
Эргип бардың кубанып.
Билим алып келгенсиң,
Билимге билим уланып.

«Кызыл Абад» мектебин,
Кыйла жылга башкардың.
Өлкөдөгү эң зарыл,
Өз ишиңди аткардың.

«Сталин» деген мектепте,
Сабак өттүң салмактуу.
Андан бүткөн балдарың,
Адам болду ардактуу.

«Үлгүлүү» орто мектепте,
Үзүрлүү иштеп калдыңыз.
Демилге айтып бүт жамаат,
Деректирликти алдыңыз.

Андан кийин арадан,
Ай өтүп жыл тоголду.
Ачылып элдин сабаты,
Айыл, кыштак оңолду.

Өткөн күндөр оор эле,
Көптү салдым эсиңе.
Кириш сөз айта кетейин,
Кийинки жыл кезиңе.

Ал да керек болгондур,
Ардагер болуп кеткенсиң.
Бирок дайым эсиңде,
Алыс калган мектебиң.

Эл агартуу мыктысы,
Эмгегиңден бааланды.
Жүз жылдык Ленин медалы,
Жумуряттан арналды.

Демилгелер көп болуп,
Депутат да болгонсун.
Ары тур деп элүүнү,
Алтымышка толгонсун.

Окутуп бой балдарды,
Ойчулдукка үндөдүң.
Таалим берип көбүнө,
Тарыхий сөз сүйлөдүң.





Сенден таалим алгандар,
Сыймыктуу көп адамдар.
Алар кимдер уккула,
Ак-Теректик жарандар.

Бел тутуп биз жүрөбүз,
Белгилүү тоо элине.
Бекболот бар Бишкекте,
Бешене эмей эмине.

Медицина тараптан,
Мыкты кошту салымын.
Окумуштуу таанытып,
Орто Азия жарымын.

Илимдин ал доктору,
Илимий иш жактады.
Аты кетип алыска,
Айылды бүт даңктады.

Академия тараптан,
Академик аталды.
Кылым бою эч өчкүс,
Китепке ал катталды.

Рас! Бар доцент, филолог,
Райимжандай агабыз.
Улуулугун илимде,
Унут кантип калабыз.

Абдан эле көп экен,
Атын айтсак далайдын.
Партасынан окуган,
Пайзилдадай агайдын.

Баштап илим иштерин,
Базарбайды айтабыз.
Таанылса сырт өлкөгө,
Тарыхка чын каттайбыз.

Эсекеев Базарбай,
Элимдин бул бактысы.
Кандидат, доктурлук,
Колунда бар ачкычы.

Сагынбаев Мараттын,
Салмагы бар илимде.
Ардактап чоң, кичүүнү,
Ак пейилдик дилинде.

Медицина тараптан,
Мектеп ачып кичине.
Өчпөс кызмат кылсам дейт,
Өмүр улап кишиге.

Жолдошов Акылбек,
Жаш илимпоз анын да.
Топтоп илим иштерин,
Токсон алтынчы жылында.

Сагынбаев Данияр,
Сагынбаев Апсамат.
Кандидаты илимдин,
Калкы дайым мактанат.

Мына ушундай жаштарга,
Мектеп берген сабагын.
Барктап, баалап жүрөлү,
Пайзилдадай агайын.





Элди элге таанытып,
Элден чыккан адам бар.
Кучак толо ыр кеткен,
Курбанбайдай агам бар.

Маркум жазган ырларын,
Мамбас өзү баалаган.
Ыры калды элинде,
Ышкы сөзүн каалаган.

«Тууган жер туу казыгын»,
Туура жолдо жазыптыр.
Алыкулдай изденип,
Абдан өңдөн азыптыр.

«Кол табындай» китебин,
Колдон көрбөй калганбыз.
Кукемдерди жалмаган,
Куу дүйнө неге жалганбыз.

Кукем тирүү болгондо,
Куюлтуп ыр окумак.
Пайзилда агай тоюнда,
Баарлашып олтурмак.

Сезип турам сезимде,
Сезет маркум арбагы.
Буулукпайын көп эле,
Бар болсунчу балдары.

Курбанбайды эл - журтум,
Көрөлүчү катарда.
Анткени ал дайым бар,
Акындык чоң сапарда.

Аны эстеп жүргөнүм,
Акындык бир парзымдыр.
Айтпай койсом жыйында,
Ал менин бир карзымдыр.

Раазы жагы көп эле,
Рамазан досумдан.
Атактуу болуп жүрбөйбү,
Агайдан ал да окуган.

Ушундай уул балдардын,
Урмат - сыйын билели.
Шаңдуу ырга айлансын,
Шамырбектин тилеги.

Асыл таалим алышкан,
Аалым абдан көп экен.
Ал жагынан агайдын,
Абдан көөнү ток экен.

Жетимиш жаш куракка,
Жетип келген агайым.
Чаалыкпастан кыл өмүр,
Чертип келген агайым.

Башынан бул кылымдын,
Басып келген агайым.
Айылдыка аалым жол,
Ачып келген агайым.

Тарыхтагы кыл жолду,
Таанып келген агайым.
Жамандардын таш жолун,
Жарып келген агайым.





Мухтар менен Капарга,
Мурас болгон агайым.
Ышкыбозго мугалим,
Ырас болгон агайым.

Жалпак-Таштык жаштарды,
Жарыштырган агайым.
Академик күчүнө,
Алыштырган агайым.

Тоолук Ата-Журтуна,
Тирек болгон агайым.
Билимдүүнү бапестеп,
Билек болгон агайым.

Ак-Теректе төрөлүп,
Адам болгон агайым.
Адам келип тоюңа,
Аман болгун ылайым.

*1996-жыл, 26-октябрь,*
*Түз- Бел айылы.*

## АК ЗУУРА

Карап турсам жүзүңдү,
Күн нурундай чачылат.
Суктандырып адамды,
Гүл бүрүндөй ачылат.
Эки ооз ыр арнайын,
Угуп турчу жакшылап.
Көңүлүңдү мага сен,
Буруп турчу жакшылап.
Сезимдеги сырларды,
Туюп турчу жакшылап.
Кулагыңа ар сөздү,
Куюп турчу жакшылап.

Ырчы болуп мен дагы,
Эл ичинде жүрөмүн.
Сендей жанга жете албай,
Жер үстүндө жүрөмүн..

Бирок мунун баардыгы,
Арман эмес, Ак Зуура,
Мендей агаң көчөдө,
Калган эмес, Ак Зуура.
Айткан ар бир сөздөрүм,
Жалган эмес, Ак Зуура.
Жаман жолго Шамырбек,
Барган эмес, Ак Зуура.
Сулууларга жалган ыр,
Жазган эмес, Ак Зуура.
Акындыгын жан агаң,
Танган эмес, Ак Зуура.
Ырын ырдап жаш кезден,
Канган эмес, Ак Зуура.





Боздоп бозой көз жашы,
Тамган эмес, Ак Зуура.

Ак Зуура деп ырымды,
Баштап турам, чынында.
Анча-мынча суроону,
Таштап турам, чынында.
Ырчылыктын дартынан,
Жаштап турам, чынында.

Далай ырчы-акындар,
Жашап өткөн элимде.
Жакшы ырын жүрөктөн,
Даңктап өткөн элинде.
Ошондуктан ырымды,
Сактап жүргүн көңүлдө.
Маани берип азыраак,
Тактап жүргүн көңүлдө.
Сөзүм болсо маанилүү,
Жаттап жүргүн көңүлдө.
Калтырбастан баарысын,
Каттап жүргүн көңүлдө.
Бүт сезимди козгогон,
Сен болдуң бул өмүрдө.

Сулуулугуң карасам,
Ак куудайсың, Ак Зуура.
Тазалыгың карасам,
Шар суудайсың, Ак Зуура.
Келбетиңди карасам,
Чынардайсың, Ак Зуура,
Жан агаңды эсиңден,
Чыгарбайсың, Ак Зуура.
Көңүлдөн эч кетпеген,
Кумардайсың, Ак Зуура.
Жете алгыс бийикте,

Улардайсың, Ак Зуура.
Оордугу жок күлүктү,
Сугарбайсың, Ак Зуура.
Атыр жытту гүл сунсам,
Кубанбайсың, Ак Зуура.
Шылдыр аккан тунук суу,
Булактайсың, Ак Зуура.
Какшап жүргөн агаңды,
Кубантпайсың, Ак Зуура.
Сөзүмө сен сөз кошуп,
Улантпайсың, Ак Зуура.

Мактай берсем эгерде,
Мактоо сага жарашпас.
Жалган ушак сөздөрдү,
Сактоо сага жарашпас.
Ырым болуп калсаң сен,
Менден эч ким талашпас.
Ырың болуп калсам мен,
Сенден эч ким талашпас.

Суктандырган жигитти,
Мөлү болдуң замандын.
Кумарды бүт тараткан,
Көлү болдуң замандын.
Көрктү берген жашоого,
Өңү болдуң замандын.
Тартып алган өзүнө,
Көөнү болдуң адамдын.

Мөлмөл менен гөзал кыз,
Ким ырдаган билесиң.
Көөнүн бөлгөн жигиттин,
Жакшы экен мүнөзүң.
Жалындатпай жүрөктү,
Деги качан күлөсүң.





Сырдуу болот ар нерсе,
Билип алгын, Ак Зуура.
Кулагыңа сыргадай,
Илип алгын, Ак Зуура.
Жалындаган жаш кезде,
Жүрүп алгын, Ак Зуура.
Өмүр бекер өтпөсүн,
Күлүп алгын, Ак Зуура.
Оту текке кетпесин,
Сүйүп алгын, Ак Зуура.
Айтканымды көңүлгө,
Түйүп алгын, Ак Зуура.
Жалынына жаштыктын,
Күйүп алгын, Ак Зуура.

Арнап жазган бул ырым,
Тарап кетсе мейличи.
Керегине жаштардын,
Жарап кетсе мейличи.
Жакшы жагын калтырбай,
Талап кетсе мейличи.
Кызганычтан кээ бирөө,
Алып барып кабакка,
Камап кетсе мейличи.
Соккон жүрөк тилинип,
Канап кетсе мейличи.
Бий, болуштар кол байлап,
Сабап кетсе мейличи.
Экөөбүздү калтырып,
Тарап кетсе мейличи.
Ишибизге түшүнүп,
Жарап кетсе мейличи.

Убагында армандуу ,
Боздоп өткөн Барпыдыр.

Сүйүү дартын жүрөктөн,
Козгоп өткөн Барпыдыр.
Гөзал кызды, Мөлмөлдү,
Жоктоп өткөн Барпыдыр.
Кылыгы бар кыздарга,
Токтоп өткөн Барпыдыр.

Көрбөсө да эки көз,
Көрүп өткөн Барпыдыр.
Буйругуна тагдырдын,
Көнүп өткөн Барпыдыр.
Күнгө жетпей көңүлү,
Чөгүп өткөн Барпыдыр.
Кордогон бай-манапты,
Сөгүп өткөн Барпыдыр.
Армандуу болуп көз жашын,
Төгүп өткөн Барпыдыр.

Билдире албай күйүтүн,
Күйүп өткөн Барпыдыр.
Кезинде кыз сулуусун,
Сүйүп өткөн Барпыдыр.
Накыл сөздү көңүлгө,
Түйүп өткөн Барпыдыр.

Көрө албай жарыкты,
Муңдуу өткөн Барпыдыр.
Ырдап дайым эл-жерди,
Тыңдуу өткөн Барпыдыр.
Көөндө муңду билдирбей,
Сындуу өткөн Барпыдыр.

Жерди, отту, шамалды,
Ырдап өткөн Барпыдыр.
Бий-болушту какшатып,
Сындап өткөн Барпыдыр.





Ыры үчүн өз жанын,
Кыйнап өткөн Барпыдыр.
Каада-салтын кыргыздын,
Сыйлап өткөн Барпыдыр.
Муңу калып көөдөндө,
Ыйлап өткөн Барпыдыр.

Бар болсо бүгүн Барпы акын,
Ырын балким арнамак.
Түркүн ырды жаратып,
Бирин сага арнамак.
Сүйүп калса эгерде,
Жүрөгүн гана арнамак.
Тунук таза булактын,
Мүрөгүн сага арнамак.

Ырыспай агам көрсө эгер,
Жаңыртып жерди ырдамак.
Сайда суугa агызып,
Сагынтып сени ырдамак.
Обондун айткыс сырына,
Багынтып сени ырдамак.
Кой десең көнбөй кайрадан,
Жалынтып сени ырдамак.

Акын Жолон бар болсо,
Ойлонуп сени жазмакчы.
Сөздүн издеп ширинин,
Толгонуп сени жазмакчы.

Ошолордой болсом деп,
Санаадамын, Ак Зуура.
Түшүнсөң болду баарысын,
Калаадамын, Ак Зуура.
Сен үчүн мен убакыт,
Таба аламын, Ак Зуура.

От сөз менен туюкка,
Камабагын, Ак Зуура.
Жан агаңдан көп нерсе,
Самабагын, Ак Зуура.

Чолпонум- деп Жолболду,
Күйгөндүгүн билесин.
Ырчыларды калайык,
Сүйгөндүгүн билесин.

Жөндөн-жөн ыр жазылбайт,
Жөн-жөнүн бил, Ак Зуура.
Айтканыңа агаңдын,
Көнгөнүн бил, Ак Зуура.
Бул дүйнөгө бурулуп,
Келгенин бил, Ак Зуура.
Сага бөлүп убакыт,
Бергенин бил, Ак Зуура.
Күндө укпай сөзүңдү,
Күнгө теңеп өзүңдү,
Агаң сени гүл сымал,
Көргөнүн бил, Ак Зуура.

Кыргызда бир жаралган,
Татынакай кыз белең.
Түшүнгөн ыр маанисин,
Жакшынакай кыз белең.

Балык болуп туйласаң,
Кармап алсам кантесиң?
Гүл болсоң гүл аралап,
Тандап алсам кантесиң?
Булбул болуп шагыңда,
Сайрап калсам кантесиң?
Каалоо тилек билдирип,
Арнап барсам кантесиң?





Улар болсоң карматпас,
Кармап алсам кантесиң?

Карегиңди карекке,
Катып алсам кантесиң?
Баалуу буюм сыяктуу,
Сатып алсам кантесиң?
Байкатпастан койнуңа,
Жатып алсам кантесиң?
Бирөө менден кызганып,
Тилдесе анда кантесиң?
Көңүлүбүз түздүгүн,
Билбесе анда кантесиң?
Сенден мени көп сурап,
Ким десе анда кантесиң?
Ага жакын болбостон,
Жүр десе анда кантесиң?

Нөшөр болуп төгүлүп,
Мойнуңа кирсем кантесиң?
Ак кар болуп суюлуп,
Койнуңа кирсем кантесиң?

Мөндүр болуп секирип,
Катуу тийсем кантесиң?
Калемпирдей көңүлгө,
Ачуу тийсем кантесиң?
Алма болсоң жетилген,
Үзүп алсам кантесиң?
Шурулардай катарга,
Тизип алсам кантесиң?

Булут болуп нуруңду,
Тосуп алсам кантесиң?
Булак болсоң деңизге,
Кошуп алсам кантесиң?

Айылыңдан табалбай,
Жүргөн болсом кантесиң?
Боз үйүңдүн түндүгүн,
Түргөн болсом кантесиң?
Сени менен өмүрдү,
Сүргөн болсом кантесиң?
Жалынына сүйүүнүн,
Күйгөн болсом кантесиң?
Түмөн-түйшүк сүйүү деп,
Үйгөн болсом кантесиң?

Болбосо эгер өнөрү,
Тарыхта адам калалбайт.
Урмат - сыйы болбосо,
Адамды адам табалбайт.
Акыл айтса жакшы адам,
Жаман жолго баралбайт.
Сулууга сөз айтпаса,
Жигит бекер жаралбайт.

Кыздын болот кылыгы,
Жигит билет анысын.
Журту үчүн дайыма,
Коргоп келет намысын.
Кандай болот, Ак Зуура,
Айта берсем баарысын?
Таланттуунун дайыма,
Табасыңбы дарысын?
Ачык эле өзүмө,
Айтсаң боло калысын.
Билген жакшы болот го,
Жакын менен алысын.
Өзүң бил эми, Ак Зуура,
Айта албадым баарысын!

*1994-жыл, ноябрь*





## УУЛУМ АЛМАЗГА

Аттап мектеп эшигин,
Абдан толкуп аларсың.
Алмаз, бешке окугун,
Акыл издеп табарсың.

Туура айтып санакты,
Тың окугун сабакты.
Тентек бала болбогун,
Түшүрүп сен кабакты.

Калемди түз кармагын,
Жаман бааны албагын.
Кол кабыш кыл апаңа,
Көп сабактан калбагын.

Билип алсаң сабакты,
Багынтасың асманды.
Баамчыл болгун, садага,
Байкап атаң айтканды.

Тамга менен эсепти,
Тапкын таанып себепти.
Таза тутуп сыйлагын,
Талпындырган мектепти.

## АЙЫЛДЫК ДОС

Жыл сайын барып айылга,
Жолугам доско дайыма.
- Жогору төргө өткүн - дейт,
Жок, күйбөйм,- десем- чайына.

Келипсин дос деп калаадан,
Кетпедиң деп эч санаадан.
Туруп кет,- дейт- үч, төрт күн,
Кере жутуп таза абадан.

Ушуну айтат чын дилинен,
Укпадым заарды тилинен.
Айткылачы «чоң» досторум,
Жылуу сөз уктум кимиңен.

«Чоң» болуп курсак салгансың,
Кучагым жетпей калгансың.
Чиренген кээ бир досторум,
Айылдык достон айлансын.

Чоңсунуп берген чайыңды,
Чогултуп алган майыңды.
Ичпеймин жана жебеймин,
Чанганың үчүн айлыңды.

Адамдык парз бул сыйлаган,
Акындык парз го ырдаган.
Ар дайым бийик жогору,
Айылдык досум кыйладан.





## АТАКТУУ АДАМ ЖОЛБОЛДУ

Булбул үнүн тыңшасаң,
Буулуккан чер жазылат.
Жүлүндөн чыккан ыр болсо,
Жүрөктүн сыры ачылат,
Алп акындар жанында.
Акын болдум жашыраак.
Агайин, ини, туугандар,
Атактуу Жокем жөнүндө,
Айтайын эми азыраак.

Адегенде колуна,
Аккардеон кармаган,
Рыспайдай болсом деп,
Рас аны жандаган.
Көркөм үнү шаңкылдап,
Көп ырчыдан калбаган.
Чоң бурулуш жасады,
Деги эле мурда анчейин,
Колуна комуз албаган.

Убадага бек туруп,
Урпагы болду Мундуздун.
Чоң жаратып дастанды,
Чолпону болду жылдыздын.
Аргендей үнү тамшантып,
Атагы болду кыргыздын.
Саат-сааттап ырдаса,
Сакадай болгон боюнда,
Салмагы бар Чынгыздын.

Кылыктарын ырдады,
Кээ бир кары-жаштардын.
Жаман жагын бетке айтып,

Журт башкарган «баштардын».
Анын ар бир ырында,
Айбаты бар Арстандын.
Айтпаганда Төштүктү,
Курманбек, Жаныш, Байышты,
Арстаны болду дастандын.

Өгөчө козгоп ырдады,
Өткөндөрдүн арбагын.
Айтып чыкты калтырбай,
Атактуулар арманын.
Аалымдар колдоо көрсөтүп,
Аябай берди жардамын.
Кызмат кылса калкына,
Кадыр алып күн сайын,
Көрөр дагы калганын.

Бечелдерди эл тутту,
Бекмаматты бел тутту.
Бечарасың дебестен,
Баарын бирдей тең тутту.
Калтырбастан ырдады,
Катардагы тең туштту.
Жолболдуну жараткан,
Жаш өлкөбүз кең журтпу.
Элди-жерди ырдасын,
Элге тилеп чоң кутту.
Кучак толо ыр болсун,
Кубантып бүт эл журтту.

Алибаев Жолболду:
Аваздап комуз сүйлөтүп,
Аздектеп сөздөн таптыңыз,
Алешем алсыз акындын,
Ачырбай оозун жаптыңыз.
Алтынга тете кадам бар,





Ала - Тоо журтка жактыңыз,
Эмгек текке кетпестен,
Эл артист болуп аталып,
Эң чоң болду бактыңыз.

Муз жүрөктү эритти,
Мырзайым менен Гүлайым.
Чолпон жанып жылдыздай,
Чочутту сизди миң айым.
Дастандардын ичинен,
Билбейм дагы ким айым?
Атактуу адам Жолболду,
Айтпай кантип турайын.
Баарын жеңип акыры,
Балдардын болду апасы,
Бүсайра деген бир айым.

Уламалап ыр айтсам,
Ушундай биздин салтыбыз.
Угутуңуз түгөнбөй,
Узакка кетсин даңкыңыз.
Урматтайт улуу адамдар,
Угалы деп жалпыбыз.
Жакшылыкка ыроолоп,
Жараткан сиздей адамды,
Жашасын кыргыз калкыбыз!

## ӨЗГӨНДҮК КЫЗ

Жүзүнөн кызыл нуру тамган кыз,
Жалындап алоо болуп жанган кыз.
Жаркылдап ай жүзү кумарлантып,
Жадымда түбөлүккө калган кыз.

Сыйкырлап көңүлүмдү ачкан кыз,
Сезимге жылуу илеп чачкан кыз.
Сонуну такыр кетпей эсимден,
Сонодой созулуп бир баскан кыз.

Ажары жигиттерди тарткан кыз,
Ажайып күлкү сөзү жаккан кыз.
Арадан айлар, жылдар өтсө да,
Ак тамак – ырдуу үнүн тапкан кыз.

Өзгөндүн тоодон тийген күнү белең,
Өзгөндүн айтып бүткүс түнү белең.
Өзгөчө сезимдерди козгоп турган,
Өзгөндүн атыр жыттуу гүлү белең.





## БЕЛГИСИЗ БИР СУЛУУГА

Кайдан сен капилеттен чыга калдың,
Жан дүйнөмдү дүрбөттүң чууга салдың.
Бейкапар жашап жүрсөм эркин болуп,
Миң канжарды боорго кошуп ууга малдың.

Уйкуда, бассам- турсам сезимдесиң,
Унутуп алыс кетсем эсимдесиң.
Чөнтөктөн алып салсам көргүм келбей,
Сен бекинип көрүнбөстөн жеңимдесиң.

Көздү ачсам жан биргем жанымдасың,
Сиңип кеттиң денеме да канымдасың.
Арман күндө каламбы же сага жетпей,
Кантип эле айла-арга табылбасын.

Билбедим кандай күндө каларымды,
Жан дүйнөмдөн кантип алып саларымды.
Балким сүйүү кумарымды таркатып,
Тез билдирип турарсың кабарыңды.

А балким калгандырсың кайгы күндө,
Уйку жок мени эстеп айлуу түндө.
Сүйүү күчү жүрөктөрдү канаткандыр,
Ошон үчүн сени-мени жаратқандыр.

## СҮРӨТҮМДӨН ЭСКЕРЕРСИН

Сүйүү үчүн чын дилимден тор жаямбы,
Сүйбөй койсоң чын дилимден арданамбы.
Же жете албай умсунуп жолдо калып,
Кеч күздөгү жалбырактай саргаямбы.

Деңиз көлдө сүзүү үчүн кайык керек,
Чөлгө сууну буруугa арык керек.
Чырагым боло албасаң текчемдеги,
Анда мага айтчы ким жарык берет?

Мейли, бүгүн мени сен жек көрөрсүң,
Өз бактыңа, а балким, кеч келерсиң.
Ак булуттай көчүп кетсем байкалбастан,
Акыр бир күн сүрөтүмдөн эскерерсиң.

## АЙЫЛДЫК КЫЗ

Алча, алма жетилип бышып турат,
Аябастан ал бизди кызыктырат.
Ашык отун тутантып күлгөндөрү,
Айылдык кыз сөз айтпай буюктурат.

Айылымдан аккан суу тунук турат,
Арча жыты көңүлдү буруп турат.
Ар дайыма амандык тилек айтып,
Адамдарга нан, тузун сунуп турат.

Жамгырда жайлоодо жылкы кармап,
Желелерге катарлап кулун байлап.
Жүрөгүмдүн жүлүнүн сууруп алды,
Жаркылдап ай ажарлуу күлүп жайнап.





## ОРУС КЫЗЫНА

Оруста Сергей Есенин,
Билесиң го ким экенин.
Сезимдеги бүт сүйүүмдү,
Билдирип сага кетемин.

Берилип кеттиң эмнеге,
Айлана басып келгенде.
Эмнеге мынча сулуусуң,
Орусия жергеңде?

Асманда айдай көрүндүң,
Ажайып нурдай төгүлдүң.
Өзүңө тартып алдың го,
Жыргалын болгон көңүлдүн.

Алдагы сулуу келбетиң,
Көркөмдөп турат жер бетин.
Кандай күндө калсам да,
Ырларым- менин эрмегим.

Нева суусун бойлотуп,
Не бир сонун сүйлөдүң.
Оюмдан эч бир кетпейт го,
Ошондогу күн -түндөрүң.

Шагане десем келбессиң,
Сезимимди сезбессиң.
Сенин да бар Мекениң,
Сурасам кол бербессиң.

Кыйнаба менин жанымды,
Дүүлүктүрбө канымды.
Ырымды сага арнадым,
Бербесмин бирок калыңды.

Ала-Тоомду жердеймин,
Жүрөгүң мейли бербегин.
Түшүнбөсөң түк эгерде,
Боло албайм го эрмегиң.

Айтканыма болбоссуң,
Кучагыма толбоссуң.
Түбөлүк жашыл арчадай,
Ырымда сен да соолбоссуң.

Салтыма балким көнбөссүң,
Айланып мага келбессиң.
Апакай колуң сурасам,
Ардагым деп бербессиң.

Орус менен кыргызды,
Асман менен жылдызды.
Жакындаткан достукту,
Таптым сендей бир кызды.

Сулуунун болсоң асылы,
Көңүлдүн болдуң жакыны.
Окуп кой, жазды бир ырын,
Кыргыздын мендей акыны.

Керемет гүл кыз элең,
Кетпеди такыр элесиң.
Болгону чогуу ашсак дейм,
Достуктун бийик белесин.





## БАЛДАРЫМА

Балдарым мени уккула,
Ала-Тоо, Алтай жериңер.
Абалтан анда жашаган,
Ак калпак кыргыз элиңер.

Жоону сүрүп айдаган,
Жон-жондо кулун байлаган.
Жайлоонун ээлеп төр жагын,
Жандыгы, малы жайнаган.

Кымызды куюп чаначтан,
Тамшантып көбүн саматкан.
Карылар нарктуу кеп салып,
Көңүлдү, дилди тазарткан.

Ааламда атак, даңкы бар,
Абийир, каада, салты бар.
Адамдык мүнөз өзгөчө,
Айтканга кадыр, баркы бар.

Карасаң карт тарыхтан,
Көп кылымды карыткан.
Кыш, жай аккан суу сымал,
Кыргыз эл жашайт байыртан.

## ЖАРЫМА

Жанымда жүрөр ынагым,
Жарык бир берер чырагым.
Чаңкоомду бассаң жылмайып,
Чачыңдан келет сылагым.

Күн түнү тийген жарыгым,
Күмүш суу аккан арыгым.
Күкүктөнүп сен турсаң да,
Карыгым, келбейт карыгым.

Көкөлөп өскөн чынарым,
Көп көздөн сактаар тумарым.
Таарынтсаң да кучактап,
Таркабайт такыр кумарым.

Ардактап мени аларым,
Алтындай сөздү табарым.
Түрдөнүп сүйлөп дем берип,
Түбөлүк өчпөс панарым.





## БАЛАЛЫГЫМ

Былтүркөндү күндө барып терчи элек,
Жеңелерге кайнаткын деп берчи элек.
Бүтүргөнсүп бир кылымдык жумушту,
Кечиндеси биз чаалыгып келчи элек.

Ордо сызып, домпой чүкө атчы элек,
Ормон жондо жылдыз санап жатчы элек,
Жамгыр жааса, көл-шал болуп шөмтүрөп,
Жан талашып, далдоо жерге каччы элек.

Чыбык атты аргымактай минчи элек,
Ок өтпөгөн «зоот чепкен» кийчи элек.
Найза алып Эр Манас деп кыйкырып,
Калмактарга кабыландай тийчи элек.

Кызык элек топту ойноп тебишке,
Балбан күрөш, оодарышка, эңишке.
Эмгектенип жер омкоруп, дан эгип,
Баардык жактан жетчи элек жеңишке.

Кайталангыс балалыгым сагынчым,
Кайдан анан сага болсун таарынчым.

## ОШТУК ЖИГИТТЕР

Суусунду кандырат Ак Буура суу,
Сулайман Тоо Ошумдун бийик жери.
Суранбайт ар-ар кимден тилемчилеп,
Султан мүнөз Ошумдун жигиттери.

Дайралардын ташкынындай ташкан суу,
«Даңгиде» экен анын бийик жери.
Далысы жерге тийбейт күрөштөрдө,
Дармандуу болот Оштун жигиттери.

Даңазалап айтсак эгер калтырбастан,
Даракта бутактардын бийик жери.
Далалат кылган дайым жеңиштерге,
Дакен короз Ошумдун жигиттери.

Каарданып куюндаса муздак шамал,
Кары жок аска-зоо бийик жердин.
Кармаганда билектер бырча-бырча,
Каары күчтүү Оштогу жигиттердин.

Ыр менен айтсак биз токтоо гана,
Ыйык жер кала берет ыйык бойдон.
Ыркырашып чырдашканды токтотуп,
Ыйман менен калалы бийик бойдон!





## АКМАРАЛ

Билбейм неге улам эске келесиң,
Кандай жансың, кайдан келген немесиң?
Карааның кетсе дагы алыстап,
Кайрылып оо келе берет элесиң.

Ах Маралым, Акмарал,
Ай толгондой толупсун.
Арзуу айтсам ак дилден,
Ашык жаным болупсуң.
Кыдырып мен келсем да,
Кыр, адырды, ойдуңду.
Кылыч белде турса да,
Кыйноо салып койдуңбу.

Чолпонсуңбу, айсыңбы, же күнсүңбү,
Чоку ташта кол жетпеген гүлсүңбү.
Жылуулукту тек жашыруун билгизген,
Жымыңдаган жылдыз толгон түнсүңбү?

Ах Маралым, Акмарал,
Азапка миң салдыңбы.
Ак тамагың бүлкүлдөп,
Арбап баарын алдыңбы.
Чыкпай күндөй тутулуп,
Чын тозокко салдыңбы.
Чындап же бул жүрөктү,
Чырмап байлап алдыңбы.

Буркурап жыт аңкыган баксыңбы,
Бурулуп же булбул конгон шаксыңбы.
Буюктурба бороондуу кыш болуп,
Бул дүйнөдө деги таза аксыңбы?

Ах Маралым, Акмарал,
Ай түнөгөн көлсүңбү.
Айланчыктап кетпеген,
Ак куу, чүрөк, мөлсүңбү.
Акыл менен өлчөгүс,
Ай ааламга теңсиңби.
Азга көңүл бөлбөгөн,
Азаптанткан сенсиңби?

## ЖИБЕГИМ

Бул ырды Ноокаттык Алихан Байзаков деген аксакал: – Элде айтылып жүрөт, карап көрбөйсүңбү – дегенинен окуп көрсөм, чыныгы элдик экен. Кайрадан иштеп чыгып, «Жибек» деп атап койдум.

Карарган тоодо кар жатат,
Каймалы менен нар жатат.
Кара көзүң жайнатып,
Кантип кудай жалгатат.
Бозоргон тоодо кар жатат,
Ботосу менен нар жатат.
Бото көзүн жайнатып,
Боздосом кудай жалгатат.

Арка чачың алты тал,
Тармал экен, Жибегим.
Айта албай жүргөнүм,
Арман экен, Жибегим.
Желке чачың жети тал,
Тармал экен, Жибегим.
Жете албай жүргөнүм,
Арман экен, Жибегим.





Төөнүн көркү нар экен,
Даракта бейар тал экен.
Ушунда бирөө бар экен,
Көзүнөн кашы кара экен.
Ала Тоодо кар экен,
Айтканымча бар экен.
Акын мендей жигитке,
Акыреттик жар бекен.

Алтымыш дилде сизге арзан,
Айта албай калып биз сарсан.
Жетимиш дилде сизге арзан,
Жете албай калып биз сарсан.
Карарган дарак чөлдөрдө,
Какшаймын боюң көргөндө.
Бозоргон дарак чөлдөрдө,
Боздоймун боюң көргөндө.

Боздогон сайын азгырат,
Бозоргон сенин дарагың.
Боздотуп неге мас кылат,
Боюңда барбы шарабың.
Караган сайын азгырат,
Карарган сенин дарагың,
Каратып неге мас кылат,
Кашыңда барбы арагың.

Дилдеденби оймогуң,
Дидариңа тойбодум.
Тили ширин Жибегим,
Тирүүмдө жарың болбодум.
Жамбыданбы оймогуң,
Жамалыңа тойбодум.
Жарыктык жарык дүйнөдө,
Жаныңда бирге болбодум.

Канттай ширин сөзүңдөн,
Карагаттай көзүңдөн.
Каттагандан сөз угуп,
Кападар болдум өзүңдөн.
Моймолжуган көзүңдөн,
Мөлтүрөгөн өзүңдөн.
Мөлжөгөн жерде кармабай,
Момундук өттү өзүмдөн.

Товардын түрү сенде бар,
Торгойдун үнү менде бар.
Тобуңдан калсам адашып,
Толгонуп мени издеп ал.
Бай билегим ашыгым,
Бала кезден басындым.
Баягыда кармабай,
Пай-пай менин жаштыгым.

Кызыл кум ылдый чуркурап,
Коюң түшөр, Жибегим.
Кычыраган чилдеде,
Тоюң түшөр, Жибегим.
Кара кум ылдый чуркурап,
Коюң түшөр, Жибегим.
Кар кеткенде баарда,
Тоюң түшөр, Жибегим.

Ат багышка биз дыйкан,
Ак алмага сиз дыйкан.
Ашык болуп негедир,
Айта албай калдым бир скуан.
Кош айдашка биз дыйкан,
Кош алмага сиз дыйкан.
Коштошууга кол барбайт,
Коштой албайм бир скуан.





Эрте менен саябан,
Кыр талашат турбайбы.
Эркем сенин боюңа,
Ыр жарашат турбайбы.
Саар менен саябан,
Күн талашат турбайбы.
Сахибим, сенин боюңа,
Гүл жарашат турбайбы.

Эрте турдум козголуп,
Эстеп ыраң боз болуп.
Эркелетчи, Жибегим,
Эрмек болуп дос болуп.
Саарлап турдум козголуп,
Сагынып ыраң боз болуп.
Сагынычты таркатчы,
Санаалаштай дос болуп.

Каңдылар чабат кунанды,
Кара көз тагат тумарды.
Кара көзгө бир дуба,
Какшатпасын уланды.
Бостондор чабат кунанды,
Бото көз тагат тумарды.
Бото көзгө бир дуба,
Боздотпосун уланды.

Каңдынын катар талы бар,
Какшагандын зары бар.
Какшатканга жеткирген,
Кара аргымак жаныбар.
Бостондун катар талы бар,
Боздогондун зары бар.
Боздотконго жеткирген,
Боз аргымак жаныбар.

Адил сөз чыгат оюңдан,
Ак маржандуу мойнуңдан.
Арык казбай, суу койбой,
Ак алма бышкан койнуңдан.
Анжир, алма бышыптыр,
Алты арыктын багында.
Акылым калды чачылып,
Ак ыргал сенин дагыңда.

Жарды жардай жүргөн март,
Жал куйругун түйгөн март.
Жаңшанып ырдап жүргөнүм,
Жаш Жибектен тийген дарт.
Кырды кырдай жүргөн март,
Кыл куйругун түйгөн март.
Кызыгып ырдап жүргөнүм,
Кыз Жибектен тийген дарт.

Жайлоо кези болгондо,
Жарды жардай эл көчөт.
Жаңшанып ырдап жүрбөсөм,
Жаш Жибектин аты өчөт.
Кыштоо калып этекте,
Кырды кырдай эл көчөт.
Кызыгып ырдап жүрбөсөм,
Кыз Жибектин аты өчөт.

Адыр-адыр жер кезип,
Ардагым сендей таппадым.
Азгырып турган көңүлдү,
Ак алмаңдан татпадым.
Тектир-тектир жер кезип,
Теңдешим сендей таппадым.
Теректей боюм кыналып,
Телпекти чечип жатпадым.





Адырдагы коёнду,
Атып өтсөм деп жүрөм.
Атыр жыттуу койнуңа,
Катып өтсөм деп жүрөм.
Жылгадагы жылбызды,
Атып өтсөм деп жүрөм,
Жыпар жыттуу койнуңа,
Катып өтсөм деп жүрөм.

Арман кылып жүрөмүн,
Арзуу болду тилегим.
Арзуу дартка бир дабаа,
Табар бекен Жибегим.
Дидарлашып жүрөрүм,
Дили аппак тилегим.
Сезимдеги дартымды,
Сезер бекен Жибегим...

## СУЛУУЛАРГА

Эй, эй сулуулар,
Секет болуп туруңар.
Силер үчүн ырдайын,
Секин көңүл буруңар.
Сезимдеги сырымды,
Селки кыздар угуңар.

Коломтодо казанды,
Эти менен кайнаткан.
Даамдуу тамак, чай берип,
Дасторконду жайнаткан.
Гүл багына кондуруп,
Булбул кушту сайраткан.
Чучук, сөөккө жеткирип,

Какшык айтып ардантткан.
Көмөчүнө күл тартып,
Турмуш отун жандантткан.
Суктандырып көркүнө,
Силерсиңер таңдантткан.

Күч келгенде жүгүрүп,
Күлүк менен жарышкан.
Олтурбастан ойлонуп,
Отун жарып,тарышкан.
Оома күндө базарга,
Оштон алыс барышкан.
Сугат жерге түрүнүп,
Сууну бурган алыштан.
Көлөкөлөп туруугa ,
Кепе курган камыштан.
Силерсиңер бүлөөгө,
Көп киреше табышкан.

Билесиңер түнүндө,
Коёндордун жатагын.
Чыгардыңар чын эле,
Жигиттердин атагын.
Күйдүрдүңөр көз кысып,
Чоң кичине катарын.
Этек кыска киндигиң,
Көрүнсө жок чатагың.
Абийириң төгүлүп,
Алыс кетти атагың.
Жүрөсүңөр кээ бирөөң,
Жок сыяктуу жатагың.

Көчө менен жүрсөңөр,
Басасыңар кайкалап.
Оoздоруң чоюштап,
Ойсокелигиң байкалат.





Бир айылдык жигитиң,
Тааный албай таң калат.
Сан этиңди көрсөтпөй,
Алсаң боло калкалап.
Кокус бирөө кызыгып,
Кетпесинчи талкалап.
Мырза жигит андайга,
Мык кагат го балкалап.

Байыртадан каадалуу,
Абийирдүү элиң бар.
Көпчүлүктө айтылган,
Касиеттүү жериң бар.
Кол алышып жүрөргө,
Курбу-курдаш теңиң бар.
Кыргыз салтын кармасаң,
Коркпой айтчу кебиң бар.
Баам салып ойлой жүр,
Бүт баарына эбиң бар.
Унутпай жүр дайыма,
Узун көйнөк жеңиң бар.

*1-Сентябрь 2000-жыл.*

## МАРАТ

*Бул чыгарма – Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Академиги, медицина илимдеринин доктору, профессор, КРнын "Эмгек сиңирген врачы", КРнын "Эмгек сиңирген ойлоп табуучусу", СССРдин спорт чебери, Россия Федерациясынын, Кыргызстандын Ордендеринин кавалери **Марат Акимович Сагымбаевдин** илимий чыгармачылыгына арналат.*

Ак калпакчан элиме,
Ак тилек, ак дил, аруум бар.
Баш төбөмө алууга,
Баатыр билек, каруум бар.

Азат деген элиме ,
Аз болсо да салым бар.
Төр талашса сырт душман,
Төпөчтөөгө алым бар.

Башкалар көп көз арткан,
Байлык толо жерим бар.
Талашса, жерди талашкан,
Тайманбаган шерим бар.

Канча кылым өтсө да,
Каадалуу нарк салтым бар.
Кылыч кармап ат минген,
Кыргыз деген калкым бар.

Бабалардын айтканын,
Баалай турган жагым бар.
Кан досума жакшылык,
Каалай турган жагым бар.





Башаламан жаңжалга,
Барбай турган жагым бар.
Кадыр сөздү көңүлдө,
Кармай турган жагым бар.

Табалагандын жиндерин ,
Кага турган жагым бар.
Барктууларды көңүлдө,
Бага турган жагым бар.

Жакшыларга иш менен,
Жага турган жагым бар.
Абийирдин суусунда,
Ага турган жагым бар.

Татыктуудан татыктуу,
Таба турган жагым бар.
Жаакташкандын оозун,
Жаба турган жагым бар.

Деңгээлинен "батыштын",
Дээрлик көздүү жагым бар.
Үч илтик "Манас" жараткан,
Үлгүлүү, сөздүү жагым бар.

Баркын билген адамдын,
Баа жетпес асил жагым бар.
Жаалап душман келсе да,
Жаа жетпес адил жагым бар.

Жүз буруп кетсе чындыктан,
Жүгөндөгөн жагым бар.
Түбөлүктүү дастандай,
Түгөнбөгөн жагым бар.

Эчен элди суктанткан,
Эл башкарган тагым бар.
Өз алдынча өлкөмүн,
Өтө чоң менин багым бар.

Жүүнү бош болбойм , анткени,
Жүрөгүмдө жалын бар.
Азыркы медик баатырын,
Айтсам элим кабылдаар.

Чылап тузду эт жеген,
Чык курсактар көбөйдү.
Чытырап турат керилип,
Чыт курсактар көбөйдү.

Топтой ичи желденген,
Ток курсактар көбөйдү.
Бой көтөрүп чиренген,
Бок курсактар көбөйдү.

Сезими өлүк, ою жок,
Сенсиреген көбөйдү.
Мээрими жок эч кимге,
Менсиреген көбөйдү.

Анда эмесе мен баштап,
Айтайын жаңы дастанды.
Канткенде унут коёюн,
Калем менен жазганды.

Анда угуп туруңуз,
Айта турган кебимди.
Кубанычтуу кабарлап,
Кубантайын элимди.





Аздектеп айта кетейин,
Азыркы чын бегимди.
Таарынткандан алысмын,
Тааныш, жаат жээгимди.

Белгилүү жан болосуң,
Бекем буусаң белиңди.
Сүймөнчүктүү иш кылсаң,
Сүйүнтөсүң элиңди.

Бийик чоку зоолорго,
Бийик жигит чыгат бейм.
Биз байкабай жүрсөк да,
Бийиктиги чын ак бейм.

Менменсинбей иш кылып,
Мээрин төккөн жандар бар.
Калкы менен иши жок,
Каарын чачкан хандар бар.

Жылдыз жылып, күн чыгып,
Жылуу аткан таңдар бар.
Түмөн түйшүк бүтпөстөн,
Түшүп кетчү аңдар бар.

Кыл учунда өмүрү,
Кыйноодо жаткан чалдар бар.
Кыскасы медик жагында,
Кызмат кылган балдар бар.

Шак-шактатып күрөшүп,
Шайы оогон шалдар бар.
Аларды медик дарылайт,
Анан кайдан арман бар.

Билими күчтүү медиктей,
Бирикпейт мында жалгандар.
Эч жакка чыкпай кырсыктап,
Ээнсиреп жалгыз калган бар.

Эр жигит калат эр бойдон,
Эң оор күн колго алган бар.
Келечекке илимий,
Кенен жолду салган бар.

Түмөн түйшүк түгөнбөйт,
Түйшүктү да жеңген бар.
Жалдырап жатып калганга,
Жардам берип келген бар.

Ат минсе сүрдүү көрүнгөн,
Алп мүчөлүү балбан бар.
Айбаттуу болуп чыкканды,
Ат үстүнөн алган бар.

Жан үрөп иштеп элине,
Жан кечтини чапкан бар.
Иши жок ичи тар менен,
Ийгиликти тапкан бар.

Ийкемдүү жанды көрө албай,
Ийри жыландай чаккан бар.
Абийир алып калкында,
Арсыздын жинин каккан бар.

Көйрөңдөнүп маашыркап,
Көз сугун дагы арткан бар.
Ардактап элин оор күндө,
Арабасын тарткан бар.





Ата-Журтту, мекенди,
Ал туурум деп айткан бар.
Адеби жок, намыс жок,
Ай ааламдан кайткан бар.

Абийир жок, ары жок,
Ар намысын саткан бар.
Аялга кыр көрсөтүп,
Акмактык кылып жаткан бар.

Өлкөнүн ойлоп тынчтыгын,
Өлгүдөй сыр каткан бар.
Өкүртүп жаш баланы,
Өз элине ок аткан бар.

Бирок, кыргыз элимде ,
Билимди терең алган бар.
Эмгеги менен даңкталып,
Эл ичинде калган бар.

Кадыр баркы айтылып,
Калдайган калкка жаккан бар.
Даңазасы таш жарып,
“Даңк” орден төшкө таккан бар.

Даңазалуу бирөө бар,
Даңктап айтып көрөлү.
Туулган жерин, иштерин,
Туура айтып берели.

Жемиштүү багы мөмөлөп,
Жетилди тал, тереги.
Эмне үчүн айтпайбыз,
Элге тийсе керегиі.

Тоодо өскөн баланын,
Тоодо болду жатагы.
Эркин жүрүп чоңойду,
Эссизден жок чатагы.

Артынан түшүп илимдин,
Атадан алды батаны.
Академик болуп ал,
Алыска кетти атагы.

Жетилди атчан айылда,
Желеге байлап кулунду.
Ар тараптан өнүгүп ,
Ааламга аты угулду.

Илгери болуп иштери ,
Илимпоздугу билинди.
Илимпоздун сабына,
Илимпоз болуп илинди.

Изденип дайым күн түнү,
Илимий иштер табылды.
Ич дүйнөсү кеңейип,
Илимпоз болуп таанылды.

Накыл сүйлөп, кеп айткан,
Нарктуулардан бата алды.
Накта жактап илимди,
Нак дарыгер аталды.

Күч алып күндө илимде,
Күндөн күнгө жанданды.
Белорусс, Кытай, Корея,
Россия, Индия, Турция,
Тапкычтыгына таңданды.





Жүрбөйбү медицинада,
Жеңиштин туусун сайганы.
Ким кайрылса дарылайт,
Кайдан анан жан кайгы.

Өнүктүрсө мед илим,
Өлкө көрдү пайданы.
Өнүктүрбөйт эч качан,
Өзүмчүлдөр кайдагы.

Өссө деп тиледи,
Өлкөнүн бүт аймагы.
Өлүмгө тете болбойбу,
Өз сөздөн жигит тайганы.

Тоолук баардык жигиттер,
Тоодой болот турбайбы.
Тоодой жүктү көтөрүп,
Зоодой болот турбайбы.

Чокчоңдобой аскалуу,
Чокуда жүрөт турбайбы.
Окумуштуулукту улантып,
Окууда жүрөт турбайбы.

Уйкусурап калбастан,
Улуулук издейт турбайбы.
Сукттантып, жасап ачылыш,
Сулуулук издейт турбайбы.

Урматтап өз кесибин,
Ураан болот турбайбы.
Кылганы элге таанылса,
Кыраан болот турбайбы.

Жасаганы жашоого,
Жарык болот турбайбы.
Тактаса эгер изилдеп,
Тарых болот турбайбы.

Түптүү кыргыз элине,
Түркүк болот турбайбы.
Бүркөбөй кабак шаңшыган,
Бүркүт болот турбайбы.

Шудуңдаган жан болбой,
Шумкар болот турбайбы.
Тушунда оомат бир келсе,
Тулпар болот турбайбы.

Сабырдуу болуп, сөздөрү,
Санат болот турбайбы.
Калк ишине көп жарап,
Канат болот турбайбы.

Биз айтаар бул жигитте,
Болбосун эч бир муң кайгы.
Узара түшөт өмүрүң,
Уксаң эгер мындайды.

Ар дайым билет ак айтып,
Арсыздарды тыйганды.
Изденип жолун таба алат,
Илимде кадыр жыйганды.

Ден соолукту чыңдаса,
Демдүү болуп ырдайлы.
Түйшүктөн биз да арылып,
Түгөтпөй эрте карылык,
Түбөлүк жашап жыргайлы.





Ордолуу Ош шаарыбыз,
Оожалып, өсүп бараткан.
Ай-күн чыгат күнүгө,
Алдиер тоосу тараптан.

Бара кух тоосу бир кезде,
Байыркы болуп айтылган.
Сулайман Тоо болуп өзгөрүп,
Суктанаар сөздөр катылган.

Канаттуулар сайраса,
Калтырбай тилин бүт билген.
Паранда муну уксун деп,
Пайгамбарлык жүктөлгөн.

Баамчыл элим билгендей,
Байыртан баары түптөлгөн.
Төрө пейил каапырлар,
Төбөдөн уруп бүктөлгөн.

Хандык туура жүргүзсө,
Кабар алган бүт элден.
Эч кынтыксыз иш кылса,
Эреже менен чектелген.

Сулаймандай пайгамбар,
Сурак кылып тил билген.
Канаттуулар кайрылып,
Кайгы айтып билдирген.

Канчалаган жыл өттү,
Кандайлыгын ким билген?
Азыр да бар арада,
Адамдык мүнөз, дил билген.

Аңдасаң Сулайман тоосунан,
Алдиер тоосу көрүнөт.
Ал тоо да, өзгө башка тоо,
Ан сайын көңүл бөлүнөт.

Айланасын карасаң ,
Ажайып кооз жерлери.
Аздектеп жашайт тоолордо,
Ак калпак кыргыз элдери.

Абалтан жатат койнунда,
Алтын, күмүш кендери.
Байланып турат адамга,
Баардык байлык жердеги.

Караандуу болуп көрүнөт,
Кара булут каптаса.
Карарып турса түнөрүп,
Калк пейили таптаза.

Ажарлуу болуп көрүнөт,
Ак булут келип каптаса.
Акырын жүрүп жел шамал,
Абасы такыр башкача.

Күн чыгыш тоолор баардыгы,
Күлмүндөп келип чектешет.
Күчтүүдөн күчтүү көп чыгып,
Күч толо, сөзгө бек дешет.

Алайкуу тоосу чыгышта,
Алдиер тоодон уланат.
Алыскы тоолор жакындайт,
Адамдын көөнү кубанат.





Алайдын кырка тоолору,
Алдиерден башталат.
Улуу тоонун баарысы,
Ушул жерден ашталат.

Көңүлдө жаз, көргөндө,
Көкөлөп учкан торгойду.
Жарашып турат баарысы,
Жакшылыкты боолгойлу.

Топтошуп учуп чилдери,
Тосуп чыгат жолуңдан.
Тизилип турат ооматың,
Түшпөсүн сенин колуңдан.

Жоругу такыр бир башка,
Жорголоп чыгат кекилик.
Керемет жерде жашаган,
Кетпесин элден чекилик.

Бытпылыктап сайраса,
Бөдөнө үнү угулат.
Түндөсү айыл аралап,
Түлкүлөр түркүн кубулат.

Карышкыр ачка карышып,
Капилет малга кол салат.
Суурлар чыгып жазында,
Сулуулап ийин, жол салат.

Жер алдына жете албай,
Жем издеп жүрөт кашкулак.
Жай кышы агат соолубай,
Жан шерик болуп таш булак.

Балырлап баар күнүндө,
Бах-бах деп бака курулдайт.
Бугуңду жаз, кезинде,
Бул жашоо кайра бурулбайт.

Канаттуу жан жаныбар,
Каратып, коноздоп сулуулайт.
Кандай сонун табийгат,
Капалык такыр угулбайт.

Жайлоодо толо төрт түлүк,
Жашылданат чар тарап.
Укурукчан жигиттер,
Уурудан коргойт калкалап.

Уккулуктуу укканга,
Уларлар учуп сайраган.
Жылгада жүрөт жылкычы,
Жылкыны сүрүп айдаган.

Азандан булбул сайраса,
Ажарланат айланаң.
Жашыл шибер чөп көрсөң,
Жашагың келет кайрадан.

Сезимтал жан байкаса,
Симфония өзүнчө.
Атактуулар андыктан,
Айылдан чыгат көбүнчө.

Пайдалуу кендер элимде,
Памирге чейин жеткендей.
Пакистан, Афган тарапка,
Пастап, ылдый кеткендей.





Күн чыгыш тарап байкасаң,
Кытайга чектеш жаткандай.
Алы жетпей оозуна,
Айтылаар сөздөр ар кандай.

Кароолго чыгып карасаң,
Калп эмес, чындык байкалат.
Алдиерден бүт тоолор,
Башталат деп айта алат.

Дарбаза бел буларды,
Бөлүп эле тургандай.
Көрктүү жерди көпчүлүк,
Көрүп эле тургандай.

Ийри суу кенен жайлоосу,
Ичте букту ачкандай.
Ыраазы кылып баргандары,
Ырыскыны чачкандай.

Бул жайлоого жайында,
Бурулуп келет көптөрү.
Тамшана жутуп кымызды,
Тарткандары көк бөрү.

Көңүлүң улам ачылып,
Гүл жыттанат чөптөрү.
Ажарын жердин биле албайт,
Адамдын ач көз, лөктөрү.

Султан Супа жайлоосу,
Суктандырып мазарлуу.
Кызыл жүздүү кымча бел,
Кыз-келини ажарлуу.

Бирок ушул Супада,
Биз билбеген бир сыр бар.
Археологтор казбады,
Арадан өттү кылымдар.

Кийинкиге белгисиз,
Кимдер келген, ким болгон?
Казып тарых такталбай,
Канчалары тим болгон.

Балким Манас байырлап,
Бир кезде мында болгондур.
Тапталбай тарых болсун деп,
Таштарды үйүп койгондур.

Өз мезгили болгондо,
Өзгөчө көңүл бөлүшөөр.
Үзүлбөй келип туристтер,
Үзүрүн элдер көрүшөөр.

Туш тарабын коруктап,
Тереңдетип казышаар.
Тарыхчылар кызыгып,
Тактап баарын жазышаар.

Таанытып дүйнө элине,
Табылганы табышаар.
Тереңден таап бул сырды,
Тең ата элге таанытаар.

Карынбай таш өзүнчө,
Карап көрсөң легенда.
Калтырбай айтып көрөйүн,
Катарлап муну мен анда.





Жай турмуш болуп ар дайым,
Жашап келет эл анда.
Окуйт деп жаздым кагазга,
Окуп көргүн сен анда.

Пайгамбарлар доорунда,
Пайгамбарлар келген дейт.
Пайгамбарлык бербей Харунга,
Байлыкты гана берген дейт.

Келгендер келип сыйынып,
Кереметтүү жагы бар.
Харун Карын аталып,
Карынбай үңкүр дагы бар.

Чырпык, куурай-бул жашоо,
Чыга берет жаңылар.
Илгеркилер эскирип,
Илимий иштер табылаар.

Узакты көрө сүйлөсөң,
Ушактын оозу жабылаар.
Эр жигит чыкса элим деп,
Эрдиги элге таанылаар.

Эстүү накыл кеп айтса,
Элдик болоор карылар.
Байыркыны көп айтсаң,
Баалуу сөздөр табылаар.

Бузуку сөз айткандын,
Буулуп, оозу жабылаар.
Бүгүнкү медик баатыры,
Бүт дүйнөгө таанылаар.

Булүнтөм деген ич тарлар,
Бүгүнкү күндө жаңылаар.
Өзгөгө жаман ойлосо,
Өзү ага кабылаар.

Кыргыздан илим чыкпайт деп,
Кыйкыргандар бекер кеп.
Узартып айтам тастыктап,
Ушул каарман жетер деп.

Каарман аты - ал Марат,
Кичи пейил кең адам.
Медицина жаатында,
Мед баатырга тең адам.

Илимге сүңгүп берилген,
Ич дүйнөсү кең адам.
Эрктүү, артка кайтпаган,
Эчендерге тең адам.

Керемет тоолуу айылда,
Келбеттүү бала чоң болду.
Ийгилик талбай жаратып,
Иштери дайым оң болду.

Изденди жана таба алды,
Илимдеги чоң жолду.
Түйшүктү жеңип, илимде,
Түбөлүктүү жол болду.

Калтырып артка тоскоолду,
Карап көрдү оң солду.
Эмгектин көрүп үзүрүн,
Ээрите алды тоң жолду.





Ак калпак элдин энчиси,
Ала Тоо жери көчкөн жок.
Алтындан кымбат айтканы,
Акылман сөзү өчкөн жок.

Ар кандай ушак сөз чыкса,
Аларга көңүл бөлгөн жок.
Атак алды, даңк алды,
Атанын аты өлгөн жок.

Жаратып илим табылга,
Жамандыкты көргөн жок.
Алдыга дайым умтулуп,
Ар намысты берген жок.

Акыл менен иш кылып,
Ашыкча сөз айткан жок.
Аскалуу тоого чыгам деп,
Артка кайра кайткан жок.

Изденип медицинада,
Из жашырып жаткан жок.
Өлкөмө деп тапканын ,
Өзгөгө бир да саткан жок.

Кы-хылап жүргөн кыйтырды,
Кызыгып көөнгө алган жок.
Кызматта эмес, илимде,
Кыйналып ал калган жок.

Белсене китеп көп окуп,
Бекерчи болуп жүргөн жок.
Жетишем деп баарына,
Жеңин бекер түргөн жок.

Өмүрүн сактап калсам деп,
Өлүмгө жанды кыйган жок.
Көбүнө жардам берсем деп,
Көп деле байлык жыйган жок.

Атактуу Чыңгыз Айтматов,
Адамгерчилигин баалады.
Ак кызмат элге болсун деп,
Ак дилден тилек каалады.

Акылман сөздү көп угуп,
Алыстап жүрдү катадан.
Акмалап издеп адил сөз,
Ак бата алды атадан.

Жакшы билип, сезе алды,
Жакшылык кылбайт жат адам.
Сый менен жүрсө кадырлуу,
Сыймыктанып, мактанам.

Кылымдап өчпөс атагы,
Кылчайып карап көрөлү.
Кыл илим, кошту салымын,
Кыскача айтып берели.

Баяндаса бир бирден,
Баарын айтып кете албайм.
Элдик болгон жандар бар,
Эсеп санга жете албайм.

Маңызсыз жашап жүргөндү,
Мактап такыр айта албайм.
Баатыр баркын түшүрүп,
Баш салып, артка кайта албайм.





Бул жашоодо ушундай,
Бири бийик, бири пас.
Бирин бири көрө албайт,
Бири тууган, бири кас.

Билгендерге билинет,
Бири жакын, бири жат.
Билбейм кандай кабылдайт,
Бири эшек, бири ат.

Бирөө накыл сөз айтса,
Бири акыл, бири эс.
Биле албайт жакшылык,
Бири наалыйт, бири пес.

Болтурган адам жамандык,
Болосуң угуп кээде нес.
Арамдык ойлоп жүргөн бар,
Акылдуулар теңелбес.

Бириктирип бир Туuга,
Бири жолдош, бири дос.
Мекенчил бир инсан бар,
Медициналык илимпоз.

Тектүү Ата-Журту бар,
Тең туш күткөн айылдан.
Телегейи тептегиз,
Тереңдеп тамыр жайылган.

Жаалданып кыйкырган,
Жат көрүнүш күн болгон.
Жай турмушту көсөлөп,
Жапжарык күн түн болгон.

Жер эмес окко тик карап,
Жетик жигит тың болгон.
Канчалаган денелер,
Калкка болду чым коргон.

Ач, ток болсо да кыргыз эл,
Ар дайыма бир болгон.
Акыл тунук жан болсоң ,
Адашпайсын миң жолдон.

Адамзат билет баарысын ,
Ач көз фашист ким болгон?
Азыр да ойлоп чочуйсуң,
Азалуу, кандуу жыл болгон.

Ажалдуу согуш жылдары,
Арийне элим бир болгон.
Азапка салган тирүүлөй,
Аземдеп, жасап зым коргон.

Кандуу согуш күч алып,
Канчалары келген жок.
Кайтарып артка фашистти,
Кайрылып , кабар берген жок.

Кан майданда жок болду,
Караанын балдар көргөн жок.
Тирүүлөр дайым эскерет,
Түбөлүк алар өлгөн жок.

Согуштан аман келгендер,
Согуштун жайын көп айтты.
Соолуйт өмүр эртелеп,
Согушпайлы деп айтты.





Козунун үч баласы,
Коштошуп, кетти согушка.
Бирөө келди, экөө жок,
Бурулбады конушка.

Сагынтып ооба элине,
Сарыбай, Матай кайткан жок.
Шам өчкөндөй, көбү өчкөн,
Шамырбек баарын айткан жок.

Баамда көбү келген жок,
Баары кылым кайгысы.
Урабайт, турат эстелик,
Унутулбайт жай, кышы.

Ал күндөрдү жалган деп,
Айта алат кай киши.
Баардык арбак ыраазы,
Байкап жүрсө, бай киши.

Сагымбай алып кол жарат,
Сагынып келип эл көрдү.
Сапырылып чаңдары,
Саргайып турган жер көрдү.

Сай сөөк сыздап турганда,
Санааны басып дем болду.
Чарчаганга чама жок,
Чарбачылык кем болду.

Уруштан келип жөн жүрбөй,
Уйку жок, иштеп, бел болду.
Ырайымсызды жеңе алган,
Ынтымактуу эл болду.

Почточу болду кызматы,
Токуп минип кара атты.
Кенен айтып түшүнтүп,
Гезит, журнал таратты.

Коргоп келген мекенди,
Кармап курал-жаракты.
Каардап күндө карады,
Кан жыт батыш тарапты.

Эңкейсе да элим деп,
Элдин дилин агартты.
Көрө албастар түшүнбөй,
Көңүл бузуп карартты.

Аздектеп, барктап көп эле,
Айта бербейм ар кимди.
Салмактап айтып көрөйүн,
Сагымбай уулу Акимди.

Зоотехник кесипти,
Зор тутту, иштеп талбады.
Алдыда болуп ар дайым,
Артта бир да калбады.

Өкмөт берген планды,
Өз кезинде аткарды.
Таалим сөзүн көп айтчу,
Тарбиялап жаштарды.

Кой төлдөтүү план бар,
Короону турчу жылуулап.
Азыркыга ошол кез,
Аябай өөн угулат.





Жооптуу болчу кызматы,
Жоопкерчилиги бар эле,
Билимдүү, токтоо, иш билги,
Бир башкача жан эле.

Эртели кеч тынбачу,
Эсимде турат дагы эле.
Жумшак болчу мамиле,
Жумушчулар багы эле.

Бороонду жиреп ат минген,
Бойчол, нарктуу киши эле.
Орундатып айтканын,
Оюнда бүтпөс иш эле.

Эсте турат айтканы,
Эсен болгун деп айтчу.
Чечкиндүү, өткүр, кайраттуу,
Чечен болгун деп айтчу.

Дал келип кылган жумушуң,
Даана болгун деп айтчу.
Байланбай пулга, жаштарга,
Баана болгун деп айтчу.

Битиреп, жер көз болбостон,
Бийик болгун деп айтчу.
Жикирип жинди чалышты,
Жигит болгун деп айтчу.

Агалаган балдарга,
Акыл болгун деп айтчу.
Наадандыкка жол бербей,
Накыл болгун деп айтчу.

Салттуу, нарктуу сөз айтып,
Санат болгун деп айтчу.
Кайрылып бийик учаарга,
Канат болгун деп айтчу.

Барды, жокту түшүнгөн,
Барктуу болгун деп айтчу.
Нар жүктү шар көтөргөн,
Нарктуу болгун деп айтчу.

Жан жыргал, адам ийгилик,
Жаратканын көп айтчу.
Бардар заман өзгөрүп,
Баратканын көп айтчу.

Балдарга жакшы күндөрдү,
Берсе экен деп көп айтчу.
Кел-кел күндөр кыргызга,
Келсе экен деп көп айтчу.

Жер жерде иштеп кызматта,
Жетик чыкты балдары.
Ырыстуу, куттуу жашоодо,
Ыраазы болсун арбагы.

Көрө албайсың шумкардай,
Каркылдаган карганы.
Илимпоз, бири кызматкер,
Ичинде жок арманы.

Көрсө, ата уул ушундай,
Көпкө тийди жардамы.
Эмгеги болсо элине,
Ээрийт муз да кардагы.





Тартипсиздин бууп жолдорун,
Тартып койду парданы.
Боштук болсо, мээде жок,
Болбосун кантип арданув.

Эмгекчил болуп Марат уул,
Элинин болду ардагы.
Бүткүл элдин сыймыгы,
Бүт сыйлыкты алганы.

Тастыктады иш менен,
Тарыхта анын калганы.
Сөзгө дайым бек турду,
Сөзүндө жок жалганы.

Күрөштө чыгып ортого,
Күчтүн болсо чалганы.
Илимий ишти жүргүзгөн,
Илимде бар баатыр балбаны.

Баардык болгон дарамет,
Балалыкта билинген,
Ойчул, өжөр, тактыгы,
Ошондо эле көзгө илинген.

Ак Терек, Түз Бел, Аралды,
Аралай басып ойногон.
Анча-мынча тең тушун,
Алыша келсе койбогон.

Атанын угуп акылын,
Алысты карап ойлогон
Жоругу батпай өзүнө,
Жойломодо жойлогон.

Аралык алыс, мектепке,
Атчан, жөө көп каттаган.
Билимде болуп алдыңкы,
Биологияны жаттаган.

Дарыгерди эл күткөнүн,
Дээринде жат сактаган.
Сыйлап жүрдү карыны,
Сыныкты шак-шак шактаган.

Жогорку окуу жайына,
Жол ачылып баш бакты.
Карьерасы башталып,
Карачы өзү, бак бакты.

Мед окууну бүтүрүп ,
Медик болду элинде.
Кызмат кылды талыкпай ,
Кыргызстан жеринде.

Ачсам деп жаңы табылга,
Айтылды ушул кебинде.
Баары болот турбайбы,
Бар болсо эгер дээринде.

От күйгөн кандуу окуя,
Ошто дагы катталган.
Каңырык түтөйт көргөндө,
Кан уюп, канга чапталган.

Өмүрдү сактап калсак деп,
Өзгөрбөй кийип халатты.
Өлүмгө бербей адамды,
Өлүмгө каршы баратты.





Өзгөн, Ош, Зардаалы, Баткенде,
Өчөшүүдөн кан акты.
Жарандарга жардам деп,
Жакшылап таңды жаратты.

Теориялык билимди,
Практикада колдонду.
Тымызын келсе жогол деп,
Тынчтыкты тилеп ойлонду.

Сактоого адам өмүрүн ,
Санаага түшүп толгонду.
Чектебесек болбойт деп,
Чек араны, коргонду.

Ордунда барып сакайтты,
Октон жапа чеккенди.
Ойлонсун муну кээ бир чоң,
Оң маселе чечкенди.

Кызыгып көп ойлобой,
Кызматка гана жеткенди.
Оомат же чоңдордон,
Оодарылып кеткенби.

Сүңгүп кирип илимге,
Сүймөнчүктүү жан болду.
Дарыгерлик кесипте,
Дарамети бар болду.

Мекен үчүн кеңейтти,
Медицинада тар жолду.
Кадыр баркы билинбей,
Канчалары кар болду.

Адегенде илимди,
Астанада жактады
Кандидат болдум, болду деп,
Каткырып, күлүп жатпады.

Өйдөгө карай умтулуп ,
Өзгөрбөй өзүн таптады.
Өстүрүп улам билимин,
Өзүнө өзү батпады.

Россия илимий борбордо,
Диссертацияны улантты.
Даректүү болуп тапканы,
Доктор болду, кубантты.

Илизаровдун методун,
Илимий иште колдонду.
Жөндүү болуп шакшактоо,
Жогору жакка жолдонду.

Диафизардык жабык сынууда,
Дарылоо жагын коргогон.
Кыйындар көп-көп чыкса экен,
Кыргызстан ордодон.

Россия федерациясынан,
Пирогов ордени сыйланды.
Мыктылар үчүн чынында,
Мындан өткөн сый барбы.

СССРдин кезинде,
Спорттун болду чебери.
Эчен сыйлык көп алды,
Элге тийсин кереги.





Эл аралык "Руханиятта",
Элдик сыйлык ээси.
Түшүнүп алсын буларды,
Түшүнбөй жүргөн кээси.

Мустафа Кемель фондуна,
Эмгеги менен жагыптыр.
"Алтын колдуу хирург" медалын,
Ак дилден төшкө тагыптыр.

"Эмгек сиңген ойлоп табуучу"
Элге жеткен кат калды.
Өлкөнүн тарых музейинде,
Өчпөс болуп катталды.

"Илимий ачылыш жасалды",
Илим улам жакшырды.
Россия академиясы,
Эки диплом тапшырды.

Чоң алтын медаль алып багынтты,
Дүйнөлүк ойлоп табуу уюмду.
Женевада, ООН алдында,
Жериме дүңк деп угулду.

Ак калпак кыргыз элдери,
Ардакта мындай уулуңду.
Кез келгенде таңдантат,
Кийинки илимпоз муунуңду.

Ар кимди айтып мактабайм,
Айтаар сөз көп дилимде.
Ак мээнети акталып,
Академик болду илимде.

Айтканга оңой, жеп жеңил,
Акыл жана мээнет бар.
Татыктуу инсан болууга,
Талбай турган эмгек бар.

Таштап артка оор күндү,
Татаал күндөр багынды.
Даанышмандыгы билинип,
“Даңк” орденин тагынды.

Марат Аким Сагымбаев,
Маарага жетти акыры.
Кынтыксыз болот деп турам,
Кыргыз Эл Баатыры.

*2022-жыл , 16-май, Бишкек шаары.*



**Шамырбек Тургунбаев** – 1957-жылы Өзгөн районуна караштуу (мурдагы Куршаб совхозунун №6 бөлүмүнүн) азыркы Жалпак-Таш айыл өкмөтүнүн Түз-Бел айылында төрөлгөн. 1973-74-окуу жылында «Үлгүлүү» орто мектебин аяктап, Ош шаарындагы №12 кесиптик окуу жайында билимин уланткан. 1975-жылы Аскер кызматына чакырылып, Россиянын Чита областындагы «Забайкалье» округунда кызмат өтөгөн. 1979-жылы Ош мамлекеттик педагогика институтунун филология факультетинде билим алууну улантып, 1982-жылдан үй-бүлөлүк шартка байланыштуу убактылуу токтотуп, андан кийин ар кандай жумуштарды аркалап келген. 1997-жылдан баштап Ош облусунун Рыспай Абдыкадыров атындагы филармонияда эмгектенип, шыгына шык, талантына талант кошулуп, ааламдын тынчтыгын каалап, дүйнө элдерин ынтымакчылыкка чакырып, өз өлкөсүнүн гүлдөшүн тилек кылып, чыгармачылыгы өркүндөп турган учуру.

Үй-бүлөлүү. Өмүрлүк жары Исакова Караматхан менен кырк жылдан ашуун бактылуу жашап келишүүдө. Беш уул, эки кыздын ата-энеси жана он алты неберенин чоң ата, чоң энеси.

# Мазмуну

ШАМЫРБЕКТИН ШАПАТАЛУУ КАЙРЫКТАРЫ ........ 3
КАРАҢГЫДА ТАБЫЛГАН БИР ЖАРЫКТАЙ ........ 16

## *Санат, терме, айтыш жана поэмалар*

БҮТҮН ТУРСУН ЖЕР ШАРЫ ........ 18
ТИЛЕК КЫЛБАЙ, БАТА ЖОК ........ 43
ТАТЫКЫЗГА САНАТ ЫР ........ 49
АКЫН КУРБАНБАЙ КАЛДЫБАЕВГЕ КАТ ........ 57
АТА КЕРЭЭЗИ ........ 64
ҮШКҮРҮНБӨЙ ТУРАЛЫ ........ 72
ЭЛГЕ АЙТСАМ АЙЫҢ ЖОК ........ 88
КӨП МАСЕЛЕ ........ 98
КЫРААНДАР ........ 107
БИРИМДИККЕ ЧАКЫРУУ ........ 127
КАНАКЕ? ........ 139
ЖЕҢИШБЕКТЕН КАТ ........ 145
ШАМЫРБЕКТЕН ЖООП ........ 151
АЙТЫШУУ ........ 160
БАР БОЛОЛУ ........ 182
... МЕНЕН ........ 193

## *Ар кыл ырлар*

АДАМ КААРЫ ........ 208
ЭҢ БАКТЫЛУУ КҮН БОЛОТ ........ 212
ДОСТОР БАР ........ 214
ЖАЗ ........ 218
ЖАЙ ........ 218
КҮЗ ........ 219
ОШУМ МЕНИН ЫЙЫК ЖЕР ........ 220
ТУУЛГАН ЖЕР ........ 222
КЫРГЫЗ БОЛУП ........ 223
ЧАКЫРУУ ........ 224
ЖООП ........ 225
КАЧАН ЖОЁБУЗ? ........ 226
БАКЫТКА ЖЕТКИРЕТ ........ 227
АТА МЕКЕН ЧАКЫРАТ ........ 228





ТУУЛГАН ЖЕР, АМАН БОЛ ........ 229
ЭЛ СОНУН ........ 230
ЖАШАЙ БИЛГИН ........ 231
МЕНИН ШААРЫМ ........ 232
МИҢ ТААЗИМ ........ 233
БААРЫ АЛЛАДАН ........ 235
ӨЗГӨНҮМ ........ 237
УШУНДАЙ ЖЕР ........ 239
ЭҢ АЖАРЛУУ – АЛА-ТОО ........ 240
ЭНЕ ТИЛИМ ........ 240
БИР БАКТЫМ ........ 241
ЭКИ ЭЛ ........ 242
«КЕРЕНДЕРГЕ» ........ 243
АЛП ЭЛ ........ 244
КАРА КУЛЖА ........ 245
КАРА-СУУ ........ 247
НООКАТТЫК КЫЗ ........ 247
КЫЗЫЛ-КЫЯ ........ 248
ТӨРТҮНЧҮ ИЮНЬ ........ 249
АКЫРЕТТЕ СУРАК БАР ........ 253
НООРУЗ ........ 254
ЭЛДЕ ЭКЕН ........ 258
ЭНЕ ТИЛИМ - КЫРГЫЗ ТИЛ ........ 262
..КИМ АЙТАТ? ........ 264
КАЙДАН ЖОКТОЙТ ........ 266
...ДЕГИМ КЕЛДИ ........ 267
СУКТАНААР КҮН КЕЛЕТ ........ 274
КУТТУУ ЖЕР ........ 276
ЭСТЕГЕНДЕ ........ 280
ТАБАМ ........ 281
КЕТЕ БЕРДИМ ........ 282
АЛСЫРАЙ ТҮШТҮҢ ........ 283
ЧУЧУККА ЖЕТИП ........ 284
ӨМҮР ДЕГЕН ЫР ЧЫКТЫ ........ 285

## *Арноо ырлары*

АТАКЕМ ........ 290
ПАЙЗИЛДА АГАЙДЫН МЕКТЕБИ ЖАНА ОКУУЧУЛАРЫ ........ 291
АК ЗУУРА ........ 300

.......309
УУЛУМ АЛМАЗГА.......310
АЙЫЛДЫК ДОС.......311
АТАКТУУ АДАМ ЖОЛБОЛДУ.......314
ӨЗГӨНДҮК КЫЗ.......315
БЕЛГИСИЗ БИР СУЛУУГА.......316
СҮРӨТҮМДӨН ЭСКЕРЕРСИН.......316
АЙЫЛДЫК КЫЗ.......317
ОРУС КЫЗЫНА.......319
БАЛДАРЫМА.......320
ЖАРЫМА.......321
БАЛАЛЫГЫМ.......322
ОШТУК ЖИГИТТЕР.......322
АКМАРАЛ.......323
ЖИБЕГИМ.......324
СУЛУУЛАРГА.......329
МАРАТ.......332



Шамырбек Тургунбаев

**БҮТҮН ТУРСУН ЖЕР ШАРЫ**

*Ырлар*

Редактору *Жолболду Алибаев*
Корректору *Көчкөнбай Төрөкулов*
Тех. редактору *Көчкөнбай Төрөкулов*
Калыпка салган *Мырзабек Кадыров*

Форматы 60х84 1/16. Офсеттик басуу.
Офсеттик кагаз. Көлөмү 23 б.т.
Нускасы 500 даана. Заказ № 037.

«Полиграфбумресурсы» жоопкерчилиги
чектелген коомунун басмаканасында басылды
720011, Бишкек ш., Сүйүмбаев көчөсү, 144-23
Тел.: 43-20-75, 43-19-51

Асман абдан кең экен,
Аны жорткон жел экен.
Кучак жетпес дүйнө экен,
Кубаныч бүт үйдө экен.
Айга барып консом деп,
Аалым адам болсом деп.
Айдан ары учсам деп,
Алыс сапар чыксам деп.
Арман кылган пенде экен,
Асыл жашоо жерде экен.

Алтын калем колго алып,
Аалам кезип кетсем деп.
Алты кабат асмандын,
Акырына жетсем деп.
Акыл тапкан пенде экен,
Айта берсе эмне экен.
Ачкан илим ажаатын,
Акылмандар элде экен.
Айткан менен ал жакты,
Абат жашоо жерде экен.

*Шамырбек*